**Диссертациялык кеңеш 12.23.669**

Кол жазма укугунда

УДК: 342.8 (575.2)

**Абдылдаева Наргиза Уркасымовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

**12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук**

юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы

**Бишкек – 2024**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.....4

**БАП 1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНА ИЛИМИЙ АНАЛИТИКАЛЫК СЕРЕП.....11**

1.1. Шайлоо системасынын түшүнүгүнө жана анын түрлөрүнө жалпы мүнөздөмө.....11

1.2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый аспектилери.....26

**БАП 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.....50**

2.1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук жана методологиялык негиздери.....50

2.2. Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасынын түзүлүшү, жалпы мүнөздөмөсү.....60

2.3. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдери.....70

**БАП 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН АЛКАГЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН РЕФОРМАНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ.....90**

3.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр.....90

3.2. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу.....110

3.3. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук өнүктүрүү жолдору.....117

**КОРУТУНДУ.....135**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР.....140**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИАТТАРДЫН ТИЗМЕСИ.....144**

**ТИРКЕМЕ.....164**

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. АШК - Аймактык шайлоо комиссиясы
2. АЭУ - Автоматтык эсептөөчү урна – шайлоочулардын добуштарын автоматтык саноого арналган түзүлүш
3. БУУ - Бириккен Улуттар Уюму
4. БУУ БКБ - Бириккен Уулуттар Уюмунун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы
5. БШК - Кыргы Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы
6. ЕККУ - Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму
7. ЖК - Жогорку Кеңеш
8. ЖМК - Жалпыга маалымдоо каражаттары
9. ЖОБ - Жергиликтүү өз алдынча башкаруу
10. ЖОЖ - Жогорку окуу жай
11. ИИМ - Ички иштер министрлиги
12. ИИО - Ички иштер органдары
13. КР - Кыргыз Республикасы
14. КМШ - Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги
15. КТТ- Контролдоо-текшерүү тобу
16. ММК- Массалык маалымат каражаттары
17. УШК - Участкалык шайлоо комиссиясы
18. ШТ - Шайлоочулардын тизмеси
19. ЫЧККТ - Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Теманын актуалдуулугу “Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап мамлекеттеги саясий туруксуздуктар шайлоо процессинде орун алган адилетсиздиктер менен бирге көп сандаган мыйзам бузуулар кайталанып тургандыгына байланыштуу шайлоо системасы мамлекеттин демократиялык нуктагы өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү катары саналып изилдөөгө кызыгуу жаратып келет” [96, 10-б.]. Ошондой эле Конституциянын негиздерин туу туткан, демократиялык нукта өнүгүү жолуна түшкөн мамлекетти курууну шайлоо институту жок ишке ашыруу мүмкүн эмес. Шайлоо менен байланыштуу процесстер эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн баштап коомчулукта кызуу талкууга алынып жана илимий изилдөөнүн актуалдуу темаларына айланды. Коомчулукта шайлоо системасына болгон кызыгуунун жогорулашынын бирден бир себеби бийликтин үстөмдүк саясатын жүргүзгөндүгү болуп келген. Укуктук мамлекетти куруунун негизги максаты – жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу болуп эсептелинет, ал эми демократиялуу мамлекетте конституциялык укуктардын эң маанилүүсү болуп жарандын шайлоо жана шайлануу укугу саналат. Жаран менен мамлекет ар дайым тыгыз өз ара байланышта болуп келет. Бирок, жаран канчалык бийик деңгээлдеги укукка ээ болсо да, ошол жоопкерчиликти сезе билүүсү менен жарандык милдеттерин так аткарууга сабаттуулугу болушу абзел. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы калыптанып, түптөлгөндөн баштап бир нече мамлекеттик төңкөрүштөр, жаңжалдар кайталанып келди. Буга 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель, 2020-жылдагы 6-октябрь айларында болуп өткөн тарыхый күндөр далил боло алат. Диссертациялык иштин актуалдуулугун азыркы коом туш болуп жаткан татаал саясий жана социалдык чакырыктарды эске алуу менен баалоо кыйын: шайлоо системасы демократиялык башкаруунун негизги куралдарынын бири болуп саналат. Мамлекеттин демократиялык өнүгүү

контекстинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин талдоо шайлоо системанын демократиялык стандарттарына жана принциптерине канчалык натыйжалуу шайкеш келерин түшүнүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат. Шайлоо системасынын конституциялык негиздерин изилдөө анын күчтүү жана алсыз жактарын ачып берет, бул өз кезегинде саясий кризистердин жана чыр-чатактардын алдын алууга жардам берип, туруктуу шайлоо системасын түзүп, саясий туруктуулукту бекемдеп, башкаруу системасынын сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө, жарандардын укуктары менен эркиндиктерининe талдоолор жүргүзүлүп жана аларды коргоо боюнча сунуштарды изилдеп иштеп туруу шайлоонун жол-жоболору реформаланып, жаңыланып турусуна байланыштуу талап кылынат. Диссертациялык иш учурдагы коомдун заманбап чакырыктарына жана муктаждыктарына ылайыкташтырылган шайлоо системасын жакшыртуу боюнча сунуштар илимий изилдөө иштин алкагында иштелип чыкты. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө демократиялык институттарды бекемдөө, жарандардын укуктарын коргоо жана өлкөдө саясий туруктуулукту камсыз кылуу багытында маанилүү кадам болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө изденүүчүнүн демилгелүү иши болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкү *негизги милдеттер* коюлган жана ийгиликтүү ишке ашырылган:

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү.
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө.
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо.
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо.
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө.
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо.
7. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессине тийгизген таасирин анализдөө.
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылуу үчүн укуктук базаны жакшыртуу механизимдерин иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн милдеттери Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин бекемдөөгө багытталган теориялык жана практикалык иштеп чыгуулар аркылуу терең талдап өркүндөтүү боюнча сунуштарды алып чыгууга багытталган.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Жүргүзүлгөн изилдөө иштеринде Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алган күндөн азыркы учурга чейинки болуп өткөн референдум, Президенттик, Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоо процесстерине талдоо жүргүзүү менен өлкөдөгү башкаруу формасынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу шайлоо системасынын укуктук жана саясий кырдаалдагы ордун жана ролун комплекстүү илимий изилдөөгө алган диссертациялык иш болгондугу менен аныкталат. Илимий

жаңычылдык Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча иштелип чыккан жана негизделген теориялык жоболордо жана практикалык сунуштарда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөө иште каралган жоболор, берилген сунуштар, чыгарылган тыянактар  тиешелүү мыйзамдарды талкулоодо каралып колдонууга алынса болот. Изилдөөнүн жоболору “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу”, “Кыргыз Республикасынын шайлоо укугу” дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.** Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:

**1.** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүн жана анын түрлөрүн камтыган компоненттерин кеңири изилдеп, түшүнүгүн ачып берип, ошондой эле өлкөдөгү шайлоо системасын жөнгө салуучу мыйзамдарын, негизги принциптерин, добуш берүү жана эсептөө эрежелерин, шайлоонун адилеттүүлүгүн жана демократиялуулугун камсыз кылуу механизмдери талданды.

**2.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүү этаптарын аныктоо боюнча талдоо жүргүзүлдү.

**3.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин аныктап, учурдагы шайлоо системасынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн талдоо. Ошондой демократиянын принциптери, пропорционалдык, мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөрү изилденди жана көрсөтүлдү.

4. Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасы КРнын Конституциясы, шайлоо жөнүндө мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен аныкталган татаал институт. Бирдиктүү шайлоо системасынын натыйжалуулугу аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын (АШК, УШК) мүчөлөрүнө дем берүү механизмдеринен түздөн-түз көз каранды жана шайлоо процессин жогорку деңгээлде уюштурууда негизги ролду ойнойт, бул өз кезегинде шайлоонун сапатын жакшыртууга жана шайлоочулардын шайлоо системасына болгон ишенимин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**5.** Шайлоо процессинде добуш сатып алуу менен добушун сатуу учурдун көйгөйү экендиги аныкталды. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренеси добуш сатып алган жоопко тартылып, ал эми добушун саткан шайлоочунун жоопкерчилиги КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде каралып, 10 эсептик көрсөткүч (1 000 сом) өлчөмүндө айып пул салынат деп берилген. Изилдөөнүн негизинде бул берене шайлоочулардын добуштарын сатууга тоскоолдук бере албагандыгы аныкталып, анын негизинде берененин жоопкерчилигин күчөттүрүү зарылдыгы негизделди.

**6.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен келип чыккан көйгөйлөрдү талдап, анын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын, ЖКнин депутаттарын шайлоо аттуу 11-главасына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталды.

**7.** Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо процессине пассивдүү катышуусу ар кандай социалдык, саясий жана экономикалык факторлордун таасиринин натыйжасы болуп саналат. Изилдөөнүн алкагында саясий партиялардын шайлоочулардын активдүү катышуусун стимулдаштырууда, анын ичинде талапкерлердин жана саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды жакшыртуу аркылуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. Бул чаралар шайлоо системасынын

натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле жалпы саясий партиялардын иштешин бекемдей алат.

**8.** Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу деген түшүнүктү киргизүү актуалдуулугун бир катар факторлорду эске алып төмөндөгү аныктоолор берилди: шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жарандардын коом алдындагы социалдык жоопкерчилигинин бир бөлүгү катары каралышы керек; добуш берүү, бул укук гана эмес, бул ар бир жарандын милдети, анткени Өкмөтүн түзүлүшү жана коомдук кызыкчылыкты камтыган чечимдерди кабыл алуу алардын катышуусуна байланыштуу; шайлоого милдеттүү түрдө катышуу демократиялык институттарды бекемдөөгө, шайлоонун мыйзамдуулугун жана саясий процесстерге ишенимди жогорулатууга жардам берет деп талданды. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны жакшыртуу механизми катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4- бөлүгүнө жана 37-беренесинин 1- бөлүгүнө “милдетүү” деген түшүнүк менен толуктоо киргизүү зарылдыгы негизделди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган илимий иш болуп саналат. Диссертациялык иштин алкагындагы жазылган тыянактар, талдоонун жыйынтыктары изденүүчү тарабынан өз алдынча илимий изилдөөлөрдүн негизинде иштелип чыккан. Изилдөөнүн жыйынтыгы менен жактоого чыгарылуучу негизги жоболорду, ошондой эле практикалык сунуштарды изденүүчү жеке өзү иштеп чыккан. Диссертация изилдөөнүн темасы боюнча мамлекеттик тилде аткарылган алгачкы илимий эмгектердин катарын толуктайт.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий басылмаларда жана диссертанттын илимий-практикалык конференциялардагы, тегерек столдордогу баяндамаларында чагылдырылган. Диссертациянын негизги тыянактары “XXI кылымдагы илим жана билим” (Казахстан, Нур-Султан – 2021),

сыяктуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалды жана талкууланды. Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары БШКнын Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси катары 2015-жылдан 2020-жылга чейин эмгектенген учурларда колдонулган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кеңеш берилген бир катар ата-мекендик жана РИНЦ базасы менен индекстелген басылмаларда 11 илимий макала жарыяланган жана И. Арабаев атындагы КМУнун алкагында 01.07.2019 жылы окумуштуулар кеңешинин №9 протоколу менен бекип, 1 окуу-методикалык колдонмо басылып чыккан. Илимий макаланын 4 макаласы Евразиялык илимий ассоциациясынын редакциясы электрондук илимий журналында (Москва), 2 макала КРСУнун жарчысында, 2 макала Кыргыз Ата-Түрк жарчысында, 2 макала Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын жарчысында, 1 макала И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысында жарыяланды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш шарттуу белгилердин тизмесинен, кириш сөздөн, үч баптан, 8 бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден түзүлүп, 171 беттен турду, анын ичинде 6 таблица жана 11 сүрөт чагылдырылды.

# БАП 1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНА ИЛИМИЙ АНАЛИТИКАЛЫК СЕРЕП

## 1.1. Шайлоо системасынын түшүнүгүнө жана анын түрлөрүнө жалпы мүнөздөмө

Теманын алкагында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына тиешелүү булактарынын базасына сереп салып карасак, юридикалык илим менен биргеликте саясат таануучулардын, социологдордун, экономистердин жана илимдин башка тармак боюнча эксперттик жана аналитикалык материалдары да басымдуулук кылаарын байкадык. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздери тууралуу изилдөө жүргүзүлгөн иштер боюнча төмөндөгү авторлор каралды: С. М. Автандилова; Н. Р. Розахунова; Б. Н. Малабаев; А. Д. Орехов; М. Д. Джумабаев; М. Дастанбеков; А. Акунов. Жогоруда аталган авторлордун эмгектери шайлоо системасына тиешелүү аспектилерди камтыган. Шайлоо укугун конституциялык укуктун бирден бир спектри катары карап чыккан авторлор да аз эмес: “У. О. Аманалиев, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу – Бишкек, 2023. – 430б.” [42]; “А. А. Арабаев, “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу – Бишкек, 2014. – 411 б.” [44]; “Б. И. Борубашев, Политико-правовая система кыргызского общества”– Бишкек, 2021. – 416 с.” [58]; “З. К. Курманов, Кыргыз Республикасынын шайлоо укуктары жана партиялык түзүлүш боюнча эскерткич – Бишкек, 2017. – 135 б.” [109]; “С. С. Сооданбеков, М. К. Укушев, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу”– Бишкек, 1999. – 400 б.” [144]; “Н. Т. Шерипов, Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу”– Бишкек, 2015.–663 б.” [162]; “А. Эсенбаев, Институт выборов в условиях трансформации политической системы в Кыргызстане – Бишкек, 2013. –202 с.” [168]; “А. Акунов, Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021) – Бишкек, 2021. – 1040 б.” [40];

Жогоруда көрсөтүлгөн окумуштуулардын эмгектери менен бирге пост-советтик өлкөлөрдүн шайлоо системасына байланыштуу жазылган эмгекетер талданып, конкреттүү шарттар эске алынды. Пост-совет өлкөлөрү тарыхый жагынан биз менен тыгыз байланышта болгонудктан эгемендүү мамлекеттердин түптөлүшү, андагы фундаменталдуу укукттук талаанын калыптанышы бир убаккытка дал келип, өнүгүү, өзгөрүү жана реформалардын окшоштук жактарын жакындатат. Ошондой эле эгемендүүлүк жолубузда пост-совет өлкөлөрүнүн ичинен Украина жана Грузия мамлекеттериндеги тарыхый, саясий учурларда окшоштук бар. Ошондуктан изилдөө иштеринин алкагында пост-советтик өлкөлөрдүн, өзгөчө орус авторлордун илимий изилдөө иштери да каралган: “С. А. Авакъян” [36]; “Б. И. Беленовский” [54]; “Ю. Биденко” [55]; “Л. Буракова” [60]; “А. А. Вешняков” [70]; “В. П. Горбунов” [75]; “А. Граченко” [76] окумуштуулардын эмгектери, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн БШКнын расмий сайтындагы материалдар изилдөө иштерде колдонулган.

Албетте диссертациялык иштин алкагына Кыргыз Республикасынын Совет доорундагы жана ага чейинки доордогу шайлоо системасынын жүргүзүлүшү, аткарылышы эске алынып диссертациялык иште “Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы” [4] – Ф. 1978.– 66 б.; Эгемендүү “Кыргыз Республикасынын Конституциясы” [1, 2, 3]; Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, укуктук-нормативдик актылар, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн токтомдору да каралды. Ошондой эле көз карандысыздык жылдардагы өлкөдө өткөрүлгөн шайлоо, референдумга карата жергиликтүү жана борбордук шайлоо комиссияларынын протоколдору, отчеттору да каралды.

Изилденип жаткан теманын контекстинде “шайлоо системасы” жана “шайлоо укугу” сыяктуу негизги түшүнүктөр өзгөчө кызыгууну жаратып ичики жана тышкы изилдөөчүлөр дал ушул темага басым жасап келишет. Көпчүлүк изилдөөчүлөр шайлоо системасын Парламент, Президент жана

жергиликтүү кеңештин шайлоо тартиби, ага тиешелүү ченемдик укуктук актылар боюнча гана талдоолорду берип, аныктоо жүргүзүп келишет. “Мисал катары шайлоо жаатындагы абройлуу изилдөөчүлөрдүн бири, советтик жана орусиялык окумуштуу-укук таануучу, юридика илимдеринин доктору, профессор С. А. Авакьяндын илимий изилдөө макалаларында, окуу китептеринде шайлоо системага басым жасап, шайлоо система – бул мамлекеттеги өкүлчүлүктүү органдардын шайлоо тартиби, юридикалык эрежелер, калыптанган каада-салттардын жыйындысы камтылат деп белгилеп, ошондой эле шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн ар кайсы өлкөлөрдө колдонулуучу тигил же бул моделдерин аныктап, мажоритардык менен пропорционалдык системаларга токтолуп, аларды шайлоо системага байлаган” [36]. “Ал эми дагы бир абройлуу советтик жана орусиялык окумуштуу-укук таануучу М. В. Баглай шайлоо система деген түшүнүк шайлоону өткөрүү менен добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун тартиби жана жөнгө салуучу бардык ченемдик-укуктук актылардын жыйындысынан турат, деп гана белгилеп кеткен” [51]. Ушул эле ойду “М. В. Баглайдын санаалаштары советтик жана орусиялык окумуштуу-укук таануучу, юридика илимдеринин доктору, профессор А. А. Мишин толуктап шайлоо системасына төмөндөгүдөй аныктама берген “шайлоо система – мыйзам ченеминдеги эрежелердин алкагында, принциптерге таянып добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктайт. Укук таануучу А. В. Зиновьев - шайлоо система жарандардын шайлоо жана шайлануу укугун жүзөгө ашырылуучу принциптерди бекемдеген юридикалык ченемдердин жыйындысы болуп саналат деп белигеп кеткен” [118, 72-б.]. “Чет өлкөлүк юридикалык адабияттарда шайлоо система түшүнүгүнө карата бирдиктүү көз караш калыптанган эмес. Профессор А. И. Ким шайлоо системасын демократия институту катары карап, мамлекеттик бийлик органдарынын түзүлүшүнүн жүрүшүндө жана ага байланыштуу келип чыккан коомдук мамилелердин жыйындысы болуп саналат деп билдирген” [100, 23-б].

“Шайлоо саясатын жана укуктарын ырааттуу өнүктүрүүнү камсыз кылууга Конституциянын туруктуулугун, шайлоо мыйзамдарына эл аралык стандарттарды киргизүүнү, заманбап шайлоо технологияларын колдонуу менен адилеттүү жана атаандаштык шайлоо процессин уюшутуруу мүмкүн болот – деп Б. Н. Малабаев шайлоо система боюнча басылып чыккан монфографиясында 2005-жылы боло турган Парламенттик жана Президенттик шайлоонун алдында шайлоо реформасы жана ага коюлган негизги талаптарды белгилеп кеткен” [118, 33-б]. Айтылган талаптар ошол мезгилдин актуалдуу талаптары болчу, жана берилген сунуштарды ишке ашыруу канчалык деңгээлде аткарыла тургандыгы күнөмдүү эле. Албетте ар бир сунушталган реформаны алдын ала канчалык ишке ашаарын айтуу мүмкүн эмес. Жогоруда Б. Н. Малабаевдин 2005-жылы чыккан монографисындагы сунуштары 10-жылдан кийин 2015-жылы ишке ашырылды, ал эми реформа 2015-жылдан бүгүнкү күнгө чейин уланып, өзгөчөлүктөрү талданып, улам жаңыланып жатат.

Бүгүнкү күндө шайлоо системасында реформаны улантуу зарыл экендиги 2020-жылдын 4-октябрь, андан кийинки кайра шайлоолордун жыйынтыктары негиз катары каралат. Учурдагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынан келип чыккан сушунуштардын актуалдуулугу канчалык жогору болсо да, дароо ишке ашып кетүүсүнө эч ким кепилдик бербейт, бирок илимий иштин сунуштары кийинки муундарга өтүп, жаңы сунуштарга өбөлгө болуп, жаңырып ишке ашырылышы, бул анык, тасктыкталган иш.

“Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган алгачкы Конституциясында жарандын шайлоо укуктары башка укуктар менен эркиндиктери сыяктуу табигый, ажыратылгыс укуктук мүнөзгө ээ экендиги бекитилген. Жогорку социалдык баалуулуктарга ээ болуп, түздөн-түз иштөөсү мамлекеттин коргоосунда жана эл аралык стандарттарга дал келүүсүн бекиткен” [3].

“Шайлоо системасы өзүнө шайлоо органдарын түзүп, шайлоолорду уюштуруусун камтыйт да жалпылык жана теңдик принциптеринде

негизделинет. Бирок айрым колдонууларда аларга «ценз» деп аталган түрдүү чектөөлөр киргизилет. XVII-XIX к. көптөгөн жана кеңири таркаган ценздерде жаш жана жарандык деген түшүнүктөр сакталып калган. Андан тышкары, шайлоо мыйзамдарындагы кээ бир шарттардан улам шайлоо укугуна ээ эмес болуп калган топтор көрсөтүлөт. Мисалы бийлик органдарын түзүүнүн түрдүү деңгээлдеринде кээ бир топтордун укуктарын чектеген ценздер өкүм сүрөт. Бул тутум Австриянын жана Жаңы Зеландиянын кээ бир штаттарында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын шайлоодо сакталган. Добуштун жыйынтыгын белгилөөдө кызматтарды бөлүштүрүүнүн жалпы кабыл алынган система да шайлоо укугунун белгилүү өлчөмдө чектелүүсү болуп саналат” [165].

“Шайлоо процессинин өзү түз жана кыйыр боло алат. Көптөгөн өлкөлөрдүн шайлоо системасы эркин мандатка мүмкүндүк берет. Бир катар өлкөлөрдүн мыйзам чыгаруучулугунда императивдик мандат аныктамасын табууга болот. Бул учурда депутат өзүнүн шайлоочуларына талаптардын системасы менен байланган. Мындай учурда депутаттык мандаттан ажыратуунун жалпы нормаларынан башка депутатты чакыртып алуу процедурасы эске алынат” [40, 212-б.].

“Шайлоо системасы дегенде мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жүргүзүү, шайлоо укуктарын берүү тартибин жөнгө салуучу жана добуш берүү жыйынтыктарын аныктоочу укуктук ченемдердин жыйындысын түшүнүүгө болот. Укуктук ченемдердин мындай системасынын жыйындысы шайлоо укугун түзөт. Добуштун камтылышы, аймактын чоңдугу, алынган добуштарды мандаттарга өткөрүү эрежелери, конкреттүү талапкерге же партияга (талапкерлердин тизмесине) добуш берүү сыяктуу мындай көрсөткүчтөргө жараша, шайлоо системасы төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: мажоритардык; пропорционалдык; аралаш же гибриддик, мажоритардык-пропорционалдык; преференциалдык (коммуникативдүү)” [109].

“**Мажоритардык шайлоо системасы** баарынан улуу болуп саналат. Аны колдонуу талапкерди партиялардын жергиликтүү уюмдары же коомдук уюмдар тарабынан көрсөтүүгө, о.э. өзүн өзү көрсөтүүгө жол берет. Мажоритардык шайлоо системасынын үч түрү бар – абсолюттук, салыштырмалуу жана квалификациялуу көпчүлүк. Биринчи учурда добуштардын абсолюттук көпчүлүгүн алган талапкер шайланды деп эсептелет: 50 % + 1 шайлоочунун добушу. Экинчи учурда, башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк добуш топтогон талапкер, бул учурда жарымынан көп добуш алуу милдеттүү эмес. Квалификациялуу дегенде көпчүлүк добушка ээ болуп, добуш жарымынан - 2/3, ¾ ж.б. көп болушу керек” [109, 10-б.].

**Мажоритардык шайлоо системасынын артыкчылыктары:**

- универсалдуу система деп эсептелет, аны өзүнчө өкүлдөрдү (президент, губернатор, мэр) шайлоо учурунда да, мамлекеттик бийликтин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жамааттык органын (өлкөнүн парламенти, шаардын муниципалитети, айылдык кеңештер) шайлоо учурунда колдонууга болот;
- өзүнчө адамдар - шайлоочу шайлаган талапкерлер көрсөтүлөт жана өз ара атаандашат, алар кандайдыр бир партияга таандык болгонуна карата эмес, талапкердин жеке сапатына карата негизделет;
- анча чоң эмес партияларга жана партиянын катарында жок талапкерлерге таза катышып, шайлоодо жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- шайлоочулар тарабынан талапкерлерге берилген мандат аны партиядан көбүрөөк көз карандысыз кылат;
- бийликтин булагы партиялык түзүмдөр эмес, шайлоочулар болуп калат.

**Мажоритардык шайлоо системасынын кемчиликтери:**

- парламенттеги партиянын өкүлчүлүгүнүн саны шайлоочулардын колдоосуна караганда жогору болушу мүмкүн;

- өлкө боюнча чачыранды, ар бир талапкер өзүнчө аймактар менен иштешип, республика боюнча көпчүлүк добушту ала алышпайт. Өз “депутатын” парламентке түртүп киргизүү кызыкчылыгы үстөмдүк кылынат;
- шайлоочулар, өздөрүнүн добушу “куру бекер” болуп калбасы үчүн, өздөрүнө жаккан талапкерге эмес, эки лидердин ичинен көбүрөөк өтүүгө мүмкүнчүлүгү бар талапкерге (абсолюттук көпчүлүк) добушун беришет;
- шайлоочулардын добушун сатып алуу болушу мүмкүн;
- шайлоолордун жыйынтыгы көп учурда конкреттүү талапкердин финансылык мүмкүнчүлүгү менен аныкталат, бул аны өз демөөрчүлөрүнө көз каранды кылат.

**“Пропорционалдык шайлоо системасы** саясий партиялардын пайда болушу менен 19-кылымда түзүлүп баштаган. Бул система партиялык өкүлчүлүк аркылуу бийлик органдарын калыптандырат. Мандаттар партиялар алган добуштарга карата так бөлүштүрүлөт. Пропорционалдык өкүлчүлүктү ишке ашыруунун ар кандай ыкмалары бар. Дүйнөдө көп мандаттуу шайлоо округдарында пропорционалдуу шайлоолор, кошумча бир мандаттуу округдары менен партиялык тизме боюнча шайлоолор, бирдиктүү республикалык (федералдык) шайлоо округундагы шайлоолор, о.э. көп мандаттуу шайлоо округунда бир нече талапкер үчүн бир берилүүчү добуш” [109, 12-б.].

Көп мандаттуу шайлоо округдарында пропорционалдуу шайлоо учурунда шайлоодо катышкан ар бир партия өз талапкерлерин партиялык тизмеге өзү каалаган тартипте жайгаштырат. “Жабык тизме” болгон учурда (бул талапкерлердин башындагы бир нече фамилиясы гана көрсөтүлгөн тизме) шайлоочулар өзүнчө талапкер үчүн эмес, партиялык тизме үчүн добуш берет. Ар бир партия пропорционалдуу алынган добуш боюнча орундардын санын алат. Бул орундарды партиянын өкүлдөрү партиялык тизмеде кандай жайгашса, ошол тартип менен ээлешет. «Ачык тизме»

учурунда (бардык талапкерлердин фамилиясы көрсөтүлөт), шайлоочулар добуш берүү ыкмасына жараша же жалпы бардык партия үчүн, же болбосо бир талапкер үчүн, же эки талапкерге өз добушун бере алат, же болбосо партиялык тизмедеги талапкерлердеги артыкчылык берген тартибин көрсөтө алат. Кыргызстанда 2007-жылдын ноябрь айынан баштап, бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча жүргүзүлүп баштаган. Бул система боюнча шайлоо өткөргөн учурда депутаттык мандаттар, эгер бул талапкерлер пайыздык чектен өтсө, талапкерлердин тизмесинин ортосунда талапкерлердин тизмесине берилген пропорционалдуу добуштарга бөлүштүрүлөт.

**“Пайыздык чек** - пропорционалдык шайлоодогу добуштардын үлүшү, аны алгандан кийин гана тизме орундарды бөлүштүрүүгө катышат. Көп учурда - 5% жакын. Өкүлчүлүктүн пропорционалдуулугун кыскартат. Негиздеме – парламенттин фрагментациясына жол бербөө жана стабилдүү көпчүлүктү камсыздоо. ЕБПА (Н+Европа Биримдигинин Парламенттик Ассамблеясы) парламенттик шайлоо үчүн пайыздык чекти 3% көп эмес кылып орнотууну сунуштайт. Парламенттик шайлоодогу рекорддук чектер төмөнкүдөй орнотулган: Израиль - 2 %; Дания - 2 %; Түркия - 10 %. Салыштыруу үчүн: Кыргызстанда - 5%; жергиликтүү шайлоодо - 7%; регионалдык чек - 0,5%” [90].

Бирдиктүү республикалык шайлоо округу өзүнө Кыргыз Республикасынын бүт аймагын камтыйт. Көргөзүлгөн системаны кемчилиги, шайлоо процессинен кийин депутаттардын курамы мыйзамдын негизинде өзгөрүшүнө жол берилет, бул учурда шайлоочулардын толук кандуу тандалышы чектелет. Ошентип, шайлоочунун тандоосу шайлоочунун катышуусуз өзгөртүлүп калат да шайлоочулардын тандоо эркиндигине белгилүү бир чектөөлөрдү жаратат жана шайлоо процессинин ишенимдүүлүгүнө таасирин тийгизиши мүмкүн. Талапкердин ордун көп учурда мамлекетти алдында, элдин жана партиянын алдында аткарган жеке кызматы эмес, партиянын шайлоо фондуна салган акчасынын өлчөмү чечип

келген учурлар көп болгон. Мисалы: КРнын шайлоо процессинен алып карасак 4-жылдын 2020-октябрында өткөн КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоодо добуштарды сатып алуу менен кошо шайлоо процессин бузган деген айыптоолордон улам көңүл чордонуна чыккан бир нече партия болгон. Добуштарды сатып алуу боюнча айыптоолорго туш болгон партиялардын бири "Мекеним Кыргызстан" партиясы болгон. Шайлоо алдында салыштырмалуу жакында эле түзүлгөн бул партия добуш берүүдөн кийин парламентте көптөгөн орундарды жеңип алгандыгын партияынын тизмесинде акчалуу талапкерлердин (бизнес өкүлдөрү, коррупционер деп таанылган экс.чиновниктердин) саны арбын болчу. Шайлоодон кийин массалык мыйзам бузуулар, анын ичинде добуш сатып алуу, административдик ресурсту пайдалануу жана башка мыйзамсыз ыкмалар боюнча айыптоолор пайда болуп, коомчулукта кеңири талкууга, ошондой эле наразылык акцияларына алып келип, шайлоонун жыйынтыгын кайра карап чыгуу талаптары коюлуп, натыйжада шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылган. Ошондуктан, пропорционалдык шайлоо системасынын кемчиликтерин жоюуп, жакшы жактарын пайдалануу тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү менен жетүү мүмкүн.

**“Пропорционалдык шайлоо системасынын артыкчылыктары”** [109, 15-б.]**:**

- саясий партиялардын аймактык бөлүмдөрүн түзүүгө түрткү берет, алардын ишинин натыйжалуулугу өсөт жана атаандаштык күрөш күчөйт;
- ар бир саясий партияга добуштарды пропорционалдуу санын алууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, бул тутум мажоритардык тутумга караганда көбүрөөк акыйкат сыяктуу көрүнүшү мүмкүн;
- шайлоочулардын ар кандай топтору өз өкүлдөрү үчүн орундарды камсыздай алышы мүмкүн. Ошондуктан шайлоолордун жыйынтыгы калк тарабынан акыйкат катары каралат;

- шайлоочулар көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар эмес, алардын өздөрүнүн позициясына жакыныраак талапкерлер үчүн добуш берүүнү каалашат;
- “ачык тизме” учурунда шайлоочуларга талапкерди да, саясий партияны да шайлоого мүмкүнчүлүк беришет, ошону менен партиялардын парламенттеги өз өкүлдөрүнүн персоналдык курамына таасири азыраак болот;
- эгер квота төмөн болуп калса, анда майда партиялар да орун ала алышат;
- парламентке криминалдык түзүмдөрдүн же көмүскө бизнестин өкүлдөрүнүн кирүү мүмкүнчүлүгү азыраак, алар аймактардагы шайлоодогу өз жеңиштерин мыйзамсыз ыкма менен камсыз кылууга да жөндөмдүү жана мунусу менен шайлоочулардын алдында партиянын беделин түшүрөт.

**“Пропорционалдык шайлоо системасынын кемчиликтери”** [109, 15-б.]**:**

- партиялык депутаттардын шайлоочулар жана конкреттүү аймактар менен байланышын бир аз жоготуу коркунучу бар;
- “жабык тизме” учурунда “паровоз технологиясын” колдонуу мүмкүнчүлүгү бар, анда шайлоо тизмесинин башына элге белгилүү инсандар коюлат да, алар андан кийин өз мандаттарынан баш тартышат, натыйжада парламенте тизменин аягындагы эч кимге белгисиз инсандар келип, отуруп калышат (вагондор). Бул көйгөй «ачык» партиялык тизмени колдонгондо жоюуга болот;
- Парламенттик республикада жана конституциялык монархияда өкмөттү парламенттеги басымдуу орунду ээлеген партия түзөт. Шайлоонун пропорционалдык системасынын учурунда, мажоритардык системага салыштырмалуу бир да партияда абсолюттук көпчүлүк добуш болбой калышы мүмкүн. Колициялык өкмөт бир партиялуу өкмөткө караганда туруксуз жана азыраак натыйжалуу болуп калат, анткени идеологиялык жактан каршылаштардан түзүлүп калган жана ири реформаларды жүргүзүүгө кудурети жетпейт;

- шайлоочулардын көп сандаган ар түрдүү топтору жашаган аймактарда көп сандаган майда партиялар пайда болушу мүмкүн жана ушунун аркасында ишке жөндөмдүү коалицияны түзүү кыйынчылыкты жаратат. Бирок шайлоо квоталарын колдонуу бул көйгөйдү азайтышы мүмкүн;
- жабык партиялык тизме партия лидерлерине көбүрөөк бийлик берет, алар партиянын тизмесиндеги талапкерлердин кезектерин аныктайт, бул партиянын ичиндеги диктатурага алып келиши мүмкүн;
- добуштарды бөлүштүрүү системасы көп учурда шайлоочуларга түшүнүксүз жана бул пропорционалдык өкүлчүлүктүү системаны популярдуу эмес кылып коюшу мүмкүн;
- көптөгөн авторлор, демократиянын өнүгүүсүнүн баштапкы фазасында, күчтүү бутка туруп калган партиялар жок кезде пропорционалдуу шайлоо системасын киргизүү (таза жана аралаш түрүндө) партиялык системаны талкалайт деп ырасташат [109, 15-б.].

“**Аралаш шайлоо системасы** жогоруда көрсөтүлгөн шайлоо системасынын кемчиликтерин минималдаштыруу үчүн пропорционалдык шайлоо системасын мажоритардык шайлоо системасы менен айкалыштырылып чыгарылган система. Алар биргелешип аралаш шайлоо системасын түзүшөт. Анын маңызы, депутаттык мандаттардын бир бөлүгү мажоритардык системасынын принциптерине ылайык бөлүштүрүлөт, бул туруктуу өкмөттүн түзүлүшүнө мүмкүнчүлүк берет, ал эми башка бөлүгү - пропорционалдык системанын принциптерине ылайык, бул шайлоочулардын добуштарын толук эске алууга мүмкүнчүлүк берет жана мамлекеттеги саясий кырдаалды тагыраак чагылдырат. Кыргызстанда аралаш система 1999-жылдан 2005-жылга чейин иштеди. Аралаш система ар кайсы мамлекеттерде ар кандай колдонулат, бул саясий, тарыхый жана маданий каадалардан көз каранды, жергиликтүү көз караш жана өзгөчөлүк, мамлекеттик түзүлүш эске алынат, ар кандай вариацияларга ээ, демократизмдин азыраак же көбүрөөк даражасы менен айырмаланат” [109, 16-б.].

**Аралаш шайлоо системасынын артыкчылыктары:**

- мыйзам чыгаруучу же көзөмөлдөөчү ишмердүүлүктүн сапаты жакшырат, болбосо мыйзам чыгаруучулардын мыйзам долбоорлорун даярдоо жана аларды жүзөгө ашырууга карата аймактардагы аткаруу бийликтеринин жетекчилерине болгон талабы жогорулайт;
- бул коомдогу ар кандай кызыкчылыктарды жана баалуулуктарды көбүрөөк эске алышат;
- партиялар аркылуу алардын шайлоо алдындагы программаларында жана саясий ишмердүүлүгүндө ар кандай топтордун жана калктын катмарынын коомдук пикири көбүрөөк эске алына баштайт;
- курамы коомдогу саясий күчтөрдүн шайкештигин чагылдырып турган профессионалдык парламентти түзүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- саясий партияларды, алардын шайлоочулар менен болгон байланышын бекемдейт, анткени депутаттардын бир бөлүгү пропорционалдык негизде шайланат.

**Аралаш шайлоо системасынын кемчиликтери:**

- партиялык тизмелердин ачыкка чыкпагандыгы;
- эгер көп майда партия бар болсо, парламенттеги стабилдүү көпчүлүктү түзүүгө мүмкүн болбогондугу;
- саясий каадаларды кармап туруу менен эски жана жаңы саясий системаларды улап кетет, анткени мажоритардык шайлоо системасын колдонуу стабилдүү бир партиялык өкмөттү түзүүгө мүмкүнчүлүктү сактап калат [109, 16-б.].

**Преференциалдык шайлоо системасы.** Теңчиликти, акыйкаттыкты жана натыйжалуу бийликти издөө принциптерине жетишүүдөгү алдыңкы юридикалык ойдун өнүгүүсүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Жаңы система өзүнө пропорционалдык жана мажоритардык системалардын артыкчылыктарын камтыйт, алардын айрым кемчиликтерин мүмкүн болушунча четтетүүгө аракет кылат. Преференциалдык шайлоо учурунда жарандар мажоритардык шайлоодогудай добуш берүүгө мүмкүнчүлүк

алышат, бирок утулгандардын жана уткандардын добушу саналып чыгып, жалпы партиянын эсебине топтолот. Ар бир партия талапкерлердин эки тизмесин түзүүгө милдеттүү болот, борбордук (негизи партиянын жетекчилеринен түзүлөт) жана жергиликтүү. Ошону менен, шайлоодо бир да шайлоо округунан жеңбей калган партия теориялык жактан шайлоо чегинен өтө албайт жана партиянын борбордук тизмесиндеги талапкерлер үчүн депутаттык мандаттарды ала алышпайт. Бирок, европалык шайлоочу үчүн айдан ачык болуп турган бул татаал процедуралар менен эсептөөлөрдүн баары, кадимки шайлоочу жана жакшы түшүнө албаган шайлоочу үчүн түшүнүүгө зор кыйынчылык жаратышы мүмкүн. Ошондуктан, Кыргызстанда бул системага сактык менен мамиле кылып келишкен. 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн ЖКнин депутаттарынын шайлоосу преференциалдык система менен өтүлдү. Шайлоо системасына киргизилген шайлоонун жаңы түрү шайлоочулар үчүн кыйынчылыктарды деле жараткан жок. Ал эми талапкерлердин ортосунда аттаандаштык пайда болуп, чындап эл өкүлү, шайлоочунун купулуна толгон талапкер көп добуш алуусу байкалып, тизмедеги биринчи орундар баалуулугун жоготту. Жаңы өзгөчөлүк шайлоо системасындагы бардык көйгөйлөрдү чечет деп айтууга болбойт, бирок ошол эле учурда жаңы ыкма менен партиянын ичиндеги коррупциялык схемаларды жокко чыгаруу болот жана параламентке акчалуулардын келишине бөгөт коюлат. Башкача айтканда талапкердин тизмесине табигый люстрация жүргүзүү механизми каргизилди.

“Шайлоо системасы коомдо болуп жаткан чыныгы саясий процесстердин өтө сезимтал индикаторлору болуп саналат. Шайлоо мыйзамдары жергиликтүү саясий жана маданий окуяларды, жана калктын менталитетин, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен улам жакшырышы жана өнүгүшү керек” [109, 17-б.].

Демократиялык өлкөлөрдө шайлоо эки түрдүү – мажоритардык жана пропорционалдык жол менен өткөрүлө тургандыгын талдап кеттик. Мажоритардык шайлоо ыкмасында – өлкөдө шайлоо округдары уюшулуп, ат

салышкан талапкерлер шайлоочулардын көп добушун топтосо ал жеңишке жетишет экен. Пропорционалдык шайлоодо добуш жалпы мамлекеттин алкагында, кайсы бир саясий партиянын пайдасына берилет экен. Депутаттык мандат шайлоочулардын добушунун санына жараша бөлүнөт. Жогорудагыдай эки шайлоо ыкмасы бирдей чогуу колдонулган учурлар да кездешет. Мисалы: Кыргызстанда 2005-жылы парламенттик шайлоодо мажоритардык менен пропорционалдык ыкмасы бирдей тең колдонулган. Парламенттин мыйзам чыгаруу жыйынындагы 45 орунга депутаттар бир мандаттуу округдардан, калган 15 орун саясий партияларга берилген. Ал эми 2021-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоодо пропорционалдуу-преференциалдык ыкма жана ошондой эле можаритардык ыкма колдонду. 90-депутаттын 54-партиялык тизме менен шайланса, 36-бир мандаттуу округтан шайланып келишти. Айрым байкоочулардын айтымында, парламенттен саясий партияларга көп орун берүү өлкөдөгү демократия, жарандык коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Анткени пропорционалдык шайлоо ыкмасы мамлекеттеги күчтүү, элге белгилүү партиялардын парламенттен депутаттык мандатты арбын алуусуна мүмкүнчүлүк түзөт. Бул өз мезгилинде өлкөдөгү жердешчилик, урууччулук бөлүнүшүн азайтат. Жогорку Кеңешке аткаруу бийлигинен көз каранды эмес депутаттардын келишине шарт түзөт. Баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду сунуш эткен Конституциялык кеңешменин мүчөлөрү да партияларга болочок парламенттен көп орун берүүнү колдошкон. Эмне үчүн мамлекет башчысы буга чейин саясий партиялардын ролун күчөтүү, аларга парламентте көбүрөөк орун берүүнү айтып келип, чечүүчү мезгилге келгенде, өзүнүн баштапкы пикирин өзгөрттү деген талкууну оппозициячыл саясатчылар коомчулуктун талкуусуна, бүгүнкү бийлик болочок парламентте оппозициячыл маанайдагы депуттарды аз келтирүү максатын көздөп жатышат деп чыгарышкан. Мисалы, парламенттик шайлоодо эң көп добуш алган коммунистер партиясынын жетекчиси Абсамат Масалиевдин пикири төмөндөгүчө болгон: *“Ачык айтканда, мындай кадамдарга, бийлик болочок*

*парламенттен коммунистер жана ага пикирлеш партиялардын көп добуш аларынан чочулоодон улам барды”.* Масалиевдин айтымында мажоритардык шайлоо системасын колдонуу Кыргызстандын өнүгүшүнө кедергисин тийгизет: *“Саясий партиялардын курамында ар түрдүү улут өкүлдөрү бар. Эң башкысы, алардын саясий көз карашы бирдей. Ушул өңүттөн алганда, мажоритардык шайлоо ыкмасы өлкөдөгү уруучулукту, жердешчиликти кайрадан күчөтөт, коомдо жекке бөлүнүүчүлүктү күчөтөт».* Оппозициячыл саясатчынын жогорудагыдай пикирине аткаруу бийлик өкүлдөрү макул эмес болгон. Конституциянын жаңы редакциясынын соңку долбоорун иштеп чыккан эксперттик топтун башчысы, президенттин Мыйзам чыгаруу жыйынынын өкүлү Ч. И. Арабаевдин пикиринде, мажоритардык тутум эл менен депутаттын ортосундагы байланышты чыңдоо үчүн киргизилди деген: *“Мындай ыкманын артыкчылыгы, эл менен депутаттын жакындашуусуна өбөлгө болот. Натыйжада депутат аны шайлаган эл менен тез-тез жолугуп, жасаган иштери боюнча маалымат берип турат”.* Биримдик партиясынын Мыйзам чыгаруу жыйынындагы өкүлү К. Алымкуловдун ойу боюнча, мажоритардык система, өлкөдөгү саясий партиялардын кайра чыңдалышына өбөлгө түзөт. Анын айтымында: *“Мындай шайлоо системасын киргизүү, өлкөдөгү саясий партиялардын жанданышына өбөлгө түзөт. Анткени мурдагыдай эле саясий партияларга парламенттен бир канча орунду берип коюу, «партиялардын он беш депутаттык орун бизге тиет деп аракеттенбей коюшуна алып келди. Ал эми мажоритардык ыкма бир жагынан көп партиялардын жоюлушуна, экинчи жагынан айрым партиялардын күчтөнүшүнө алып келет” [166].*

Бул параграфты жыйынтыктап жатып шайлоо системасы тууралуу төмөндөгүлөрдү белгилемекчибиз:

1. Шайлоо системасы бул демократиялык мамлекетте башкаруу системасын ишке ашыруу үчүн негизги механизм;
2. Шайлоо системасынын ар бир түрү мамлекеттин башкаруу формасы менен тыгыз байланыштуу. Анткени демократиялуу мамлекетте

шайлоо системасынын калыптанган түрү колдонулмакчы. Демократиялык эмес авторитардык мамлекеттик башкаруу формасы боло турган болсо кандай гана шайлоо системасы болбосун башкаруунун көзөмөлүндө кала берет;

3. Пропорционалдык шайлоо системасы экономикасы начар же жаңы өнүгүп келе жаткан мамлекеттер үчүн туруктуу болуп эсептелинет.

## 1.2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый аспектилери

“Тарыхта Рим императорлору б.з. I-III кылымдарында эле өздөрүнүн указдарында конституция терминин колдонгону менен негизги деген маанини алып жүргөн эмес. Андан кийинчерээк, орто кылымда Англияда кабыл алынган “Эркиндиктин улуу хартиясы” конституциялык нормаларды киргизгенге аракет кылды. Бирок, юридикалык конституцияны толук колдонуу вазыйпасы капиталистик коомдун пайда болуп, өнүгүшүнүн дооруна туш келди. Биринчи юридикалык конституция 1787-жылы кабыл алынган Америка кошмо штаттарынын Конституциясы болуп калды” [43, 47-б.]. Азыркы конституциялык укукта конституциянын көп сандаган аныктамалары бар. Алардын негизине конституциялык жөнгө салуу предметине, укук булактарынын иерархиясында конституция ээлеген орунга тиешелүү бир же бир нече белгилер алынган. Алсак, француздук мамлекет таануучу Ж. Бюрдо конституцияны “Саясий бийликти дайындоо, уюштуруу жана иштөө ыкмасына тиешелүү эрежелердин топтому” катары аныктаган. Америкалык профессор К. Берд буга “жарандардын эркиндиктеринин аныктамасы” сыяктуу белгини кошкон. Нигериялык конституционалист Б. Нвабуезе төмөнкүдөй аныктама берген: “Конституция мыйзамдын күчүнө ээ формалдуу документ болуп саналат, анын жардамы менен коом өзүнө башкарууну белгилейт, ыйгарым укуктарын аныктайт жана чектейт, ар кандай органдарынын мамилелерин жана кийинкилердин жарандар менен мамилелерин көрсөтөт. Конституция – мамлекеттик бийлик уюмун бекемдеген жана ошол бийликтин, коомдун жана индивиддердин өз ара

мамилелерин жөнгө салган мамлекеттин негизги мыйзамы. Жалпысынан Конституция жөнгө салган коомдук мамилелердин предмети боюнча анын аныктамасы басымдуу болуп саналат" [86, 48-б.]. Маңызын алып караганда конституция укуктук жана саясий документ. Саясий документ катары ал декларациялык мүнөзгө ээ, анткени ал коомдун негизги баалуулуктарын жарыялап, бекитип берет. Юридикалык документ катары конституция мамлекеттин негизги мыйзамы. Бул тууралуу биринчи жолу Ф. Лассаль "Конституциянын маңызы" деген эмгегинде белгилеп, эки негизги өзгөчөлүгүн баса көрсөткөн. Биринчиси реалдуу, экинчиси жасалма конституция. Конституциянын реалдуулугу мамлекеттеги коомдук күчтөрдүн катышын көрсөтсө, жасалмалуулугу ошол коомдогу саясий күчтөрдүн катышын жетишсиз чагылдырганы менен түшүндүрүлөт. Бул жагдайлар конституциянын узак убакытка чейин өзгөртүлбөгөндүгүнөн же толуктоолор киргизилбегендигинен улам учурдун талаптарына жооп бере албай калгандыгынан пайда болот деп белгиленген.

"Юридикалык конституциянын маңызы анын пайда болушу жана өнүгүшү коомдук күчтөрдүн белгилүү бир катышынын өзгөрүшүнө байланыштуу, ошондуктан жаңы конституциянын кабыл алынышы дагы анын өзгөрүүсүнө жана кыймылына алып келет" [43, 48-б.].Социалдык жашоо практикасы көргөзгөндөй юридикалык конституцияны кабыл алуунун эки жолу бар:

- коомдун социалдык күчтөрү толук өзгөрүүгө дуушар болгон учурда (өлкөдө революциялардын негизинде көз карандысыздык алуусу, бийликтин алмашуусу, бир коомдук тутумдан экинчисине өтүүсү ж.б.);
- социалдык топтор бири-бири менен күрөш жүргүзүү учурунда же кызматташуу учурунда келишимге келүү белгиси катары кабыл алынат (партиялардын, топтордун ортосундагы саясий келишим, компромисс).

"Кыргызстандын шартында конституциянын кабыл алынышы, өзгөрүүсү жана толуктоо киргизүү процесстеринде жогоруда биз көрсөткөн эки жол тең байкалды. Негизинен Кыргыз Республикасынын Конституциясы

эгемендүүлүк алгандан бери көп реформаларга дуушар болуп, натыйжада мамлекеттеги конституциялык укуктун негиздерине байланыштуу процесстердин жаңыланып, өзгөрүүсүнө алып келди. 1991-жылы Советтик империя кулагандан кийин Кыргызстан цивилизациялуу дүйнөдөн өзүнүн татыктуу ордун ээлөө үчүн өз алдынча, көз карандысыз, экономикалык жактан өнүккөн мамлекет болуп калуу үчүн тарыхый кайталангыс мүмкүнчүлүккө ээ болгон. Кыргыз мамлекети СССРдин мурдагы республикаларынын ичинен биринчи болуп Конституцияны кабыл алып, өлкөнүн валютасы – сомду киргизип, жеке менчикке болгон укугун бекемдеген" [96, 9-б.]. Тарыхты тактап белгилеп кетсек, анда 1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин 3-сессиясында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгү жөнүндөгү жана 1991-жылдын 31-августундагы Көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациялар маңызы боюнча саясий-укуктук жана негиздөөчү иш кагаз катары, конституциялык масштабдагы актылардын катарын толуктай алат деп белгилеп кетебиз. Жогорудагы саясий актыларга мамлекеттин ошол кездеги укуктук өнүгүшүнүн илимий, саясий Конституциясы катары баа берсек болот. Себеби ал учурда кабыл алынган Декларацияларга ылайык Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясына өзгөртүүлөр киргизилип, мамлекеттин жаңы аталышы "Кыргыз Республикасы" деп жарыяланган.

"Эгерде СССРдин 1977-жылдагы Конституциясы жана Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясы өнүккөн социализимдин Конституциясы деп аталса, Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясын эгемендүү мамлекеттин жана рыноктук коомдун Конституциясы деп атоого болот. Бул Кыргызстандын мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн таптакыр жаңыча аныкталган тарыхый укуктук акт болгон. Албетте, Конституция Кыргызстандын мамлекеттин эгемендүүлүгүн жарыялаган учурдан бери чыгарылган конституциялык мыйзамдардын көп укуктук ченемдерин, принциптерин жана идеяларын өздөштүргөн. Аларга элдик эгемендик, мамлекеттин көз карандысыздыгы, кыргыз тилин

мамлекеттик тил деп таануу, Президентти аткаруу бийлигинин, сот органдарынын (Жогорку, Конституциялык, Жогорку Арбитраждык соттордун) жана прокуратуранын бирдиктүү системасында мамлекет башчысы катары таануу кирген" [86, 57-б.]. "Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы 1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12-сессиясында кабыл алынган" [3]. "Жаңы конституциянын варианты дээрлик 2 жыл аралыгында Конституциялык Кеңешме тарабынан даярдалып, бир нече жолу элдик талкуудан жана Жогорку Кеңештеги талкуулоосунан өткөрүлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы толук кандуу ишке кирбестен, "Конституциялык реформа" деп аз убакыттын ичинде бир нече жолу өзгөртүүлөргө, толуктоолорго дуушар болду. Ар бир толуктоо жеке жана саясий кызыкчылыктарга ылайык жүргүзүлүп, Конституциянын маңызы менен чогу коомчулукта кадыр-баркы төмөндөдү. 1996-жылдагы реформа өлкөдө жаңы конституциялык түзүлүштү негиздеди. Республика толугу менен парламенттик моделден кайтып, башкаруунун президенттик аралаш моделине өтүп, бийлик президенттик, аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынын арасында ыйгарым укуктары бөлүштүрүлгөн. Тышкы саясат жана ички өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоо боюнча ыйгарым укуктар Жогорку Кеңештен өлкө Президентине берилди. Жалпысынан алганда Кыргыз Республикасынын Президентине 46 ыйгарым укуктар берилсе, парламентке 36 ыйгарым укук калтырылган" [43, 50-б.]. "Көп өтпөй эле Президент Аскар Акаев кайрадан "Конституциялык реформалардын" зарылдыгын көтөрүп чыгып, 1998-жылдын 17-октябрындагы конституциялык реформа боюнча өткөн референдумда беш маселе болсо, анын үчөө парламенттин реформасына байланыштуу болгон. Өткөрүлгөн референдумдун негизинде Жогорку Кеңештин депутаттары кол тийбестик укугунан ажыратылып, Жогорку Кеңештин палаталарынын курамынын саны өзгөртүлгөн (мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутат, алардын ичинен 15 партиялык тизме менен, эл өкүлдөр жыйыны 45 депутат). 2003-жылдагы

конституциялык реформага байланыштуу 2005-жылдан тартып бир палаталуу парламент можаритардык негизде түзүлөрү аныкталган. 2005-жылдын 24-мартындагы окуялардан кийин жана конституциялык реформалардын жаңы процессинин башталышы менен 2006-жылдын 8-ноябрында коомдук, саясий компромисстин негизинде Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган. Ал Конституциялык кеңеш, Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан сунушталган үч долбоордун негизинде иштелип чыккан. Ошондуктан бул документтин кемчиликтери арбын болгон. Бирок ага карабастан, бул редакцияда президенттин аткаруу бийлигин түзүүдө жана көзөмөлдөөдө ыйгарым укуктары, аны менен кошо мыйзам чыгаруу процессине таасир этиши кыйла кыскарган. Парламент 90 депутаттан туруп, алардын 50% партиялык тизме менен, 50 % бир мандаттуу аймактардан шайлануусу каралган. Жаңы Конституция боюнча бир партия 50 % дан ашык орун алган убакта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн түзүү милдетин алат, эгерде эч бир партия 50 % дан ашык орун албаса, анда премьер-министрди дайындоо милдети Президентке өтөт деп берилген. Мисалы, премьер-министр кызматына бекигенден кийин, ал Өкмөттүн түзүмүн аныктайт жана аны Жогорку Кеңешке бекитүүгө жөнөтөт. Премьер-министр аны менен кошо Өкмөттүн курамын түзүп, аны Президентке бекитүүгө киргизет” [43, 51-б.]. “Бирок, Кыргыз Республикасынын конституциясынын жаңы редакциясынын кабыл алынышына карабастан бийлик менен оппозициянын келишпестиги уланган. Бул жагдай ушул эле жылы 30-декабрда өлкөнүн негизги мыйзамына жаңы өзгөртүүлөрдүн киргизилишине алып келген жана ага ылайык Президенттин аткаруу бийлигине кийлигишүүсү күчөгөн. Премьер-министрди тандоо мөөнөтү 14 күндөн 5 иш күнүнө чейин кыскарып, Өкмөттүн түзүлүшү 14 күндөн 7 күнгө чейин кыскарган. Президент Өкмөттүн курамын жана анын түзүмүн бекитүү, өлкөнүн коргонуу жана коопсуздугуна караштуу мамлекеттик органдардын үстүнөн түздөн-түз башкаруу укугуна ээ болгондугу менен ал мурда кыскартылган ыйгарым

укуктарын дээрлик калыбына келтирген. 2005-жылдын 10-июлунда Президент болуп шайланган Курманбек Бакиев парламенттик башкаруу формасын куруу идеясынан баш тартып, саясий акыбалды турукташтыруу үчүн конституциялык реформа жүргүзүп, өлкөнүн өнүгүү жолун аныктоодо, өнүгүүнүн стратегиялык документтерине кол коюу бир гана Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укугу болот деген өзгөчөлүк киргизген. 2007-жылдын октябрында мурунку жылдардагы конституцияларга салыштырмалуу Президенттин укуктарын бир топ күчөткөн жаңы конституция кабыл алынды. Бул конституция боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин аткаруу жана сот бийлигине болгон ыйгарым укуктары жана таасири калыбына келтирилип, андан дагы күчөтүлгөн. Мисалы, Президенттин түздөн-түз юрисдикциясына аткаруу бийлигинин негизги тармактары берилген. Алар: ички жана тышкы саясат (ИИМ жана ТИМ), коргоо жана улуттук коопсуздук (УКМК). 2010-жылы 27-июнда кабыл алынган негизги мыйзамдын жобосуна ылайык, Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын кеңейиши менен анын жоопкерчилиги күчөтүлгөн. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча программаларды бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамын түзүү боюнча парламенттин ыйгарым укуктары өлкөдө стратегиялык багыттарды өнүктүрүүгө, аларды иш жүзүнө ашырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт деген ишеним пайда болгон. Бирок, Президенттик башкаруу формасынан парламенттик башкаруу формасына өзгөрүлүшү айкын эмес эле. Кээ бир эксперттер президенттик-парламенттик башкаруу формасына өткөндүгүбүздү белгилешет, анткени Президенттин колунда тышкы саясаттын багытын аныктоо, күч структураларынын үстүнөн куратордук ишти жүргүзүү сыяктуу маанилүү функциялар калтырылган болчу” [43, 52-б.]. 2020-жылы 4-октябрында болуп өткөн Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодон кийин кайра жаңжал чыгып, мамлекеттик төңкөрүш болуп, 2010-жылы 7-апрель ыңкылабынан соң парламенттик башкарууга багыт алган Кыргызстан кайрадан Президенттик

башкаруу системасына өттү. Жаңы баш мыйзамга ылайык, президент аткаруу бийлигинин башында туруп, облус, райондун башчыларын дайындоого чейинки бир топ ыйгарым укуктарын алды. Мындан ары референдумдарды мурдагыдай Жогорку Кеңеш эмес, Президент гана жарыяламай болду. Конституциялык реформа менен шайлоо мыйзамына өзгөртүү эриш-аркак жүрдү себеби шайлоо системасына жаңы баш мыйзамга ылайык өзгөртүү иштерине киргизүү шарт болду. Өзгөрүүлөрдүн өзгөчөлүгү булар: “биринчиден, депутаттардын саны 90 го түшүрүлдү; экинчиден, парламенттин курамы бир мандаттуу (36 депутат) жана партиялык ачык тизме (54 депутат) менен шайланып келген депутаттардан куралмай болду; эң негизги өзгөчөлүк, парламент өкмөт түзүү укугунан ажырады” [1].

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн автор этаптарга бөлүп берген. Этаптарга бөлүп кароонун негиздери кийинки критерийлер далил катары белгиленди. 1989-жылдары СССР системасынын кулашы менен 1991-жылы 31-августта Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын жарыяланышы. Трансформациялык саясий системада бийликти алмаштыруу процессинин башталышы жана жаңы институттардын пайда болушу мамлекеттик башкаруу системасынын жаңы моделин түзүү процесси деп саналып биринчи этапка киргизилди. 2000-жылдан 2010-жылдарга чейин шайлоо ситсемасына ГАС Шайлоо системасы колдонууга өтүлүп, шайлоочу бир нече коомдук каттоо тизмесинен өтүлүп, шайлоочунун тиешелүү мекемелерде активдүүлүгүн талап кылып, каттоодон өтүүсүнө негизделген. Жаңы киргизилген санариптүү өзгөчөлүк шайлоочунун тизмесине катталу жарандын өзүнө жүктөлүп, кыймыл аракеттерди талап кылган. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө Кодекси 2007-жылдын 23-октябрындагы N 158 Мыйзамына ылайык кабыл алынып, Жогорку Кенештин депутаттарын шайлоосу пропорционалдык системага өтүп, талапкерлер саясий партиянын тизмеси менен бекитилет деген өзгөчүлүк ишке киргендиги аныкталып

экинчи этап деп белгиленди. 2007-жылдан 2020-жылга чейин шайлоо процессине автоматтык эсептөө урналары, биометрикалык паспорт колдонууга киргизилип, санариптештирүүнүн өнүгүүсү уланарын аныктап, үчүнчү этап деп белгиленди. “Ал эми төртүнчү этап катары 2020-жылдан азыркы учурга чейин деп белгилеп парламенттин депуттары пропорционалдык жана можаритардык система аркылуу шайланат деген өзгөчөлүк киргизилди. Жыйнтыгында, КРнын ЖКнин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум менен шайланат, ал эми 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык система менен шайланат деп белгиленди. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык деп көрсөтүлдү: пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга; мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга” [1, 5].

Жогорудагы критерийлерди эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый аспектилеринин негиздерин төмөндөгү этаптарга бөлүп изилдөө жүргүзүлдү:

*1-этап. Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000).* Эгемендүүлүккө жеткен жаш мамлекетте шайлоо институту өзгөчө мааниге ээ болот, жаш коомдо демократиялык эркиндиктерди ишке ашыруу көндүмдөрүн жаңыдан өздөштүрүп, саясий процесске активдүү катыша баштагандыктан, мамлекеттеги шайлоо институтуна шайлоочунун саясий ролун жана шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздердин механизимдерин ишке ашыруу маанилүү. “1991-жылы көз карандысыздык жарыялангандан кийинки алгачкы жылдары Советтик типтеги мамлекеттик органдар ишин уланткан, булар: Республиканын Жогорку Кеңеши (парламент), Министрлер Кеңеши (өкмөт); Жогорку Сот жана жергиликтүү соттор. Өлкөдө коомдун демократиялык тибине өтүү боюнча масштабдуу реформалар кеңири жүргүзүлүп, Кыргызстанда түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр ишке киргизиле баштаган. 1991-жылдын 31-августунда № 566-

XII Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган, 1993-жылы 5-май айында Кыргыз Республикасынын Конституцияда бекитилген. Конституция мамлекеттик бийликти төмөнкү принциптер боюнча негизделет деп жарыялаган” [134, 8-б.]:

- эл тарабынан шайлаган, көрсөтүлгөн жана камсыздалган элдик бийликтин үстөмдүгү Жогорку Кеңеш жана Президент;
- мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийлик органдарынын жоопкерчилиги элдин алдындагы башкаруу жана алардын ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгы үчүн жүзөгө ашыруу;
- мамлекеттик органдардын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын чектөө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык 1995-жылдын февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин I-чакырылышына шайлоо өткөн. 1995-2000-жылдар аралыгында Кыргызстанда биринчи чакырылыштагы Жогорку Кеңештин эки палаталуу парламенти Мыйзам чыгаруу жыйыны – 35 депутаттан турган жана Эл өкүлдөр жыйыны – 70 депутаттык орундан туруп бир мандаттуу округдарда *мажоритардык система* боюнча жалпы жонунан 105 депутат шайланган. Анын эки палатасынын биринчи жыйналышы 1995-жылдын 28-мартында өтүлгөн.

*2-этап. Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптешүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010).* Бул мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү жана саясий туруксуздук менен мүнөздөлгөн. Шайлоочулар кирген тизмелердин сапаты жана тактыгы олуттуу тынчсыздануулларды жараттып келген, шайлоочулардын тизмелери пассивдүү каттоо системанын негизинде түзүлгөн. Анда өлкөдөгү жергиликтүү администрациялардын системдик администраторлору, ГАС Шайлоо системасына бир нече коомдук каттоо

тизмелерден, анын ичинде жашаган жери боюнча каттоо тизмесинен алынган шайлоочулар жөнүндө маалыматты киргизген. Бул тизмелер жарандардын тийиштүү мекемелерде активдүү каттоодон өтүүсүнө негизделген. “Ошондуктан, шайлоочулар кирген тизмелердин сапаты бул тизмелерге кирген маалыматтын сапатына жана алардын өз убагында ГАС Шайлоо системасына кылдаттык менен өтүүсүнө байланышкан. Жашаган жеринен каттоо системасы (прописка) жарандардан тийиштүү мекемеге барып, дарегин каттоодон өткөрүүнү талап кылган, бирок ошол эле учурда жарандардын дарегинин алмашуу учурларын, төрөлүү жана каза болуу учурларын туруктуу түрдө каттабагандыгы жана жарандар бюрократиялык тоскоолдуктарга кабылгандыгы кайсы бир деңгээлде себеп болуп, көптөгөн ички мигранттар учурдагы даректерин каттоодон өткөргөн эмес. Ички миграциянын активдүүлүгүнө байланыштуу Бишкек шаарынын мэриясы чики мигранттар үчүн добуш берүү мүмкүнчүлүк түзүп атайын жергиликтүү каттоо процедураларын камсыз кылууга аракеттенген. Процедура ошол жерде кыймылсыз мүлккө ээ болгон жана батирде келишимдин негизинде жашап жаткан жарандар үчүн гана колдонууга мүмкүн болгон, ал эми мыйзымсыз жашап жаткан миңдеген жарандарга добуш берүү укугун колдонууга мүмкүнчүлүк берге алган эмес” [118].

Көргөзүлгөн этапта санариптешүүдөн тышкары Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 23-октябрындагы N 158 Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө Кодекси ишке киргизилип 69-беренесинин, 2-пунктунда “Жогорку Кеңештин депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система менен беш жылга шайланат” деп берилип, ал эми ошол эле мыйзамдын 70-беренесинде “Жогорку Кеңештин 120 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясый партиялар көрсөткөн депутаттыкка талапкерлердин тизмеси үчүн берилген добуштардын санына пропорциялуу санда шайланат, бирдиктүү шайлоо округу өзүнө Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыйт” деп

көргөзүлгөн. 2000-жылдан 2010-жылдар ичи Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы олутту өзгөрүүлөргө учурайт:

- 2000-2005-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин II-чакырылышы өз ишин жүзөгө ашырган. Ал 105 депутаттан турган. 1998-жылдагы үчүнчү конституциялык реформанын жүрүшүндө шайлоо системасына өзгөртүүлөр киргизилген жана кыргыз парламентинин палаталарынын сандык курамы кайрадан каралган. Эми Мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан туруп, алардын 15-партиялык тизме боюнча бир мандаттуу округдарда *мажоритардык система* боюнча шайланган. Эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан турган;
- 2005-жылы бир палаталуу парламент түзүлө тургандыгы 2003-жылдагы конституциялык реформа менен белгиленип, сунуш кылынган Конституциянын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин III-чакырылышы партиялык тизмелер боюнча шайлоону карап, бир мандаттуу округдарда *мажоритардык система* боюнча шайланган, сандык курамы 90 депутаттан турган. Жаңы Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңешке шайланган саясий партиялар Өкмөттү түзүүгө укук алган. 2007-жылдын 23-октябрында Жогорку Кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатылган;
- 2007-жылдын 16-декабрында болгон шайлоонун жыйынтыгында өлкөнүн тарыхында биринчи жолу партиялык тизмелер боюнча *пропорционалдык ыкма* менен шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин IV-чакырылышы өз ыйгарым укуктарын аткарууга киришкен. Анда үч саясий партия өкүлчүлүк кылган, жалпы жонуна 120 депутат иш алып барган. 2010-жылдагы апрель окуяларынын натыйжасында Жогорку Кеңештин IV-чакырылышы өз ишин токтоткон, мамлекеттик бийлик алмашып, коомдук-саясий абал өзгөргөн;

*3-этап. Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы: демократияны жайылтуучу куралдардын бири катары партиялык тизме менен пропорционалдык системанын киргизилиши, санариптештиру менен автоматизациялоону колдонууга киргизүү жетишкендиктери (2010-2020).* Берилген этапта шайлоо системада шайлоо процессин өркүндөтүүгө жана демократиялык институттарды чыңдоого багытталган бир катар жаңылыктар жана өзгөртүүлөр кирген. “Мына ушул мезгилдеги негизги өзгөрүүлөр: Пропорционалдык шайлоо системасы, талапкерлердин тизмеси саясий партиялык тизме менен бекитилүүсү. Ошондой эле шайлоонун ак ниеттүүлүгүнө жана ачык-айкындыгына, анын ичинде шайлоо процессине байкоо жүргүзүү механизмдерин жакшыртууга жаңыча чаралар каралып киргизилген, мисалы Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө кодекстин 10-беренесинин 1-пунктунун 2, 3-пунктчаларына ылайык, шайлоону таза жана ачык-айкын камсыз кылуу, ошондой эле шайлоочунун кайталап добуш берүүсүн болтурбоо максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Токтомунда 10-октябрь 2010-жыл Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо маркировка колдонуусун киргизүү каралган. Берилген этапта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттын шайлоолор жана шайлоо системасынын өзөчөлүктөрү” [40]:

- 2010-жылы 4-октябрда Кыргызстанда кезектеги шайлоолор өттү. Шайлоого чейинки шайлоолордун алдындагы кампания жүрүп жаткан мезгил динамикалуу болгондугу менен мүнөздөлөт жана катталган 16 партиянын ортосундагы атаандаштык аяктайт. Шайлоо партиялык тизмелер боюнча *пропорционалдык ыкма* менен өтүп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V-чакырылышы шайланат;
- 2015-жылдын 4-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI-чакырылышы өз ыйгарым укуктарын аткарууга киришкен. Болуп

өткөн шайлоо өнөкөттүгү мыйзамда белгиленген тартипте биометриялык каттодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарын шайлоочулардын тизмесине киргизилгендиги жана автоматтык эсептөө урналар аркылуу инновациялык жаңыланган техникалык ыкма менен өткөрүлгөндү айырмалады. Шайлоо ыкмасы *пропорционалдык* бойдон өзгөрүүсүз калды;

- 2016-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жана Референдум, 2017-жылы Президенттик шайлоо, 2020-жылы КР ЖКнин депутаттарын шайлоо процесстери биометриялык каттодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарын шайлоочулардын тизмесине киргизилгендиги жана автоматтык эсептөө урналар аркылуу инновациялык жаңыланган техникалык ыкма менен өткөрүлгөн;

*4-этап. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын иштешине жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген бир катар чакырыктарга жана өзгөртүүлөргө туш болууда (2020-азыркы мезгилге чейин).* 2020-жылдын 4-октябрында парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн аны реформалоо зарылдыгы тууралуу талкууларды жаратты. Реформанын максаты-шайлоо процессин жакшыртуу, шайлоо системасынын ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өнүктүрүү контекстинде изилдөөнү жана талдоону талап кылган актуалдуу темалар жетиштүү. Мисал катары төмөндөгү маалыматтар далил катары негизделет:

- 2020-жылы 4-октябрда Парламенттик шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылып, шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрь айында өтүлүп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII-чакырылышы жаңы кабыл алынган Конституциянын негизинде орчундуу өзгөрүүлөргө учураган. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө

конституциялык Мыйзамга 59-беренесинде депутаттын саны 90 депутатка кыскарган, анын ичинен 58 депутатты пропорционалдык система аркылуу ачык тизме менен шайланып келишкен, ал эми 36 депутаты бир мандатту шайлоо округунан мажоритардык система менен шайланып ишке киришкен.

Коомдун ички түзүмүн түзгөн, өз ара байланышкан элементтердин жыйындысы ар кандай – социалдык, саясий, экономикалык, экологиялык, маданий ж.б. системадан туруп, теорияда социалдык структура деп белгиленет. Алардын бардыгы бири-бири менен тыгыз байланышта жана бири-бирине таасир этет. Эгер өз ара карама каршы келген системаларды айкалыштырууга аракет көрүлсө, анда терс натыйжа алууга болот, биз бул көрүнүштү өнүгүп жаткан мамлекеттердин практикасында көп көрүп жатабыз.

“Жалпы жонунан саясий системалар ачык жана жабык болот. Ал канчалык ачык болсо, бийлик, коом, мамлекет ошончолук демократиянын принциптерин карманат” [52]. Коомдун саясий системасына төмөнкү институттар кирет – мамлекет, президент, парламент, өкмөт, сот бийлиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, армия, коопсуздук күчтөрү, партиялар, диний уюмдар, ЖМК, бизнес-структуралар. Дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттериндеги шайлоо системасынын түзүлүшү жана өнүгүүсү мажоритардык шайлоо системасынын шартында өткөн. Партиялардын бекемделишине жана көп партиялуулуктун узакка өнүгүшүнө жараша пропорционалдуу, аралаш, преференциалдык шайлоо системасы кийин пайда болот. Алардын ар бири тарыхый өнүгүүнүн бир этабында пайда болгон, өзүнүн артыкчылыктарына жана кемчиликтерине ээ. Жогоруда берилген системаларды айкалыштырып, алардын ичинен оптималдуу үлгүлөрдү табуу керек. Мамлекетте бардык мезгилге жарактуу бир гана система тандалышы керек. Алардын ичинен артыкчылык тарыхый мезгилдин талаптарына, анын максаттарына жана милдеттерине, азыркы тышкы жана ички чакырыктарга,

тобокелдиктерге жана коркунучтарга мүмкүн болушунча көбүрөөк жооп бергенине берилиши керек.

“Пропорционалдык система көбүрөөк демократиялуу деп эсептелет жана мажоритардык системага караганда саясий өкүлчүлүктүн демократиялык принцибин ишке ашырууну камсыз кылууга шарт түзөт. Мисал келтиребиз, Франциядагы президенттик шайлоо, эреже болгондой парламенттик шайлоонун алдында жарым же бир жыл мурда өтөт. Ошентип, шайлоодо жеңген Франциянын президентине парламентте президентчил көпчүлүктү түзүүгө мүмкүнчүлүгү болот. Парламенттик көпчүлүккө ээ президент күчтүү саясий фигура болуп калат жана шайлоо алдындагы убадаларын аткаруу бир аз жеңилирээк. Бирок, керектүү шайлоо циклине туш келүү үчүн, президенттик жана депутаттык мандаттын мөөнөттөрүн синхрондоштуруу керек. Буга байланыштуу, президенттик мандаттын мөөнөтү жети жылдан беш жылга кыскартылган, б.а. депутаттык мандаттын мөөнөтүнө ылайыкташтырылган” [55]. Салыштырмалуу Кыргызстанда президенттик жана парламенттик шайлоонун көпчүлүгү мөөнөтүнөн мурда же парламентти таркатуунун натыйжасында өткөрүлгөн, ал эми парламенттеги президентчил көпчүлүк шайлоону жасалмалоодон жана аны кыянаттык менен пайдалануунун натыйжасында түзүлүп келген. Ошондуктан, өлкөдөгү шайлоолор көп учурда жаңжалдар менен өтүп, мамлекеттик төңкөрүшкө, бийлик алмашууга алып келген. Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы жетиштүү иштелип чыккан эмес жана ушуга байланыштуу биздин мамлекет саясий туруксуз мамлекетке айланды деп белгилесек болот.

Мамлекет – саясий системасынын башкы институту болуп саналат жана бийликти жүргүзүүнүн эң таасирдүү субъектиси. Мамлекет саясий системасынын өзөгү болуп эсептелинет.

“Көз карандысыздыкка ээ болгон мезгилден бери 33 жыл өттү жана Кыргызстанда парламентаризмдин демократиялык салттары дагы да болсо калыптана элек. Көз карандысыздыкка ээ болгон биринчи 30 жыл ичи

башаламандыктардын жана татаал социалдык-экономикалык, саясий өзгөрүүлөрдүн мезгили болду, эл бийликтин көпчүлүк аткарган иштерине нааразчылыктары топтолду, кошумча болуп шайлоо процесси таза өтүлбөй, оппозиция болгон талапкерлерге бийликке болгон жол жабылып, мамлекеттеги мыйзамсыз бийлик алмашууларга алып келди (24-март 2005ж., 7-апрел 2010ж.)" [105]. "Мамлекеттеги дээрлик болуп өткөн төңкөрүштөрдүн башаты шайлоодон башталганы тарых так маалымдайт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн 30-жылдыгына арналган "Азаттык" радиосунун репортажына коомдук ишмер Топчубек Тургуналиев мындай ойлорун ортого салган: "кошумча динамит катары шайлоодогу акыйкатсыздыктар кызмат кылды да, ошонун бары анын (Акаев А.А.) кызматтан кетишине алып келди" деп белгилеп кеткен. Ушул эле репортажда төмөндөгү маалыматтар да берилген" [166]:

- 2003-жылдын 2-февралында өткөн кезектеги референдумда Аскар Акаевдин президенттик мөөнөтү 2005-жылдын декабрына чейин деп 86,68 % менен бекитилген;
- 2004-жылы оппозициянын масштабдуу биригүүсү орун алган;
- "2005-жылы 27-февралда 31 шайлоо округунда өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгында президенттин кызы Бермет Акаева менен уулу Айдар Акаев депутат болуп өткөн. Бул бийликке болгон элдин нааразылыктарын дагы күчөткөн. Бул тууралуу А. Акаев - алар эми чоңойду, мен алардын жашоодо өз ордуларын табышын каалайм. Эртеби, кечпи, мен өзүмдүн саясий мансабымды аяктайм. Мейли, менин балдарым дагы ошол чөйрөдө өзүлөрүн сынап көрсүн - деп билдирген" [150, 80-б.];
- 2005-жылдын 13-мартында Жогорку Кеңешке калган 43 округда шайлоолор болуп өткөн. Анын жыйынтыгында Курманбек Бакиев баштаган оппозициянын өкүлдөрү шайлоонун жыйынтыгын тааныбай турганын айтып, нааразычылык акциялары башталган. Роза

Отунбаева башында турган “Ата-Журт” оппозициялык блогу ишин жандаткан;

- 2005-жылдын 19-мартында Ош шаарында, 23-мартта Баткен, Кочкор, Өзгөн, Базар-Коргон, Тоң райондорунун борборлорунда элдик курултайлар болуп өткөн;
- “наразылык күч алып 2005-жылдын 24-мартында төңкөрүш орун алган. А. Акаев түнү менен Москвага учуп кеткен” [36].

Экс.президент А.Акаев бул окуяларды көп жолу комментарийлеген, алардын биринде 2005-жылы бийликти конституциялык жол менен өткөрүп бербегенине өкүнөрүн айткан. Ошондой эле 2005-жылдагы окуя туралуу президенттин кызы Бермет Акаеванын “Жамандыктын гүлү” (Цветы зла) аттуу китеби жарык көргөн. Китептин канча бир бетин шайлоо системасына арнаган, себеби жогоруда коомдук ишмер Т.Тургуналиев белгилеп кеткендей шайлоо көптөн бери толуп турган саясий абалга динамит болуп бергени тарых барагында анык белгиленет. Б.Акаева өз китебинде экс.президент А.Акаеваны жана ошол учурдагы мамлекеттик системаны жактоо максаты көздөп, төмөндөгүдөй билдирүүлөрдү жазган: “2005-жылдары постсоветтик өлкөлөрдүн бири болгон Грузия жана Украина мамлекеттеринде элдин нааразычылыктары күчөп турган убакыт болчу. Ошондуктан ал жакта болуп жаткан учурлар эске алынып Борбордук шайлоо комиссиясы эл аралык уюмдар менен биргеликте иштеп, шайлоону болушунча ачык-айкын таза өткөрүүгө аракет жумшаган. Шайлоо процесси кемчиликсиз өтүү үчүн, жарандардын укуктары, демократиялык принциптердин сакталышын көздөп жаңы шайлоо кодекси иштелип чыккан. Кодексте ЕККУнун жана башка эл аралык уюмдардын бардык сунуштары эске алынып жазылган, жада калса бир эле шайлоочунун кайра шайлоого мүмкүнчүлүгү жок болушу үчүн манжа белгилөө процедурасы каралган. Кошумча мамлекеттик автоматташтырылган система Шайлоо (ГАС “Шайлоо) киргизилген, бул жаңылык шайлоо процессинин ачык-айкын болушуна, байкоочулар шайлоо процессине жеңил эле байкоо жүргүзүп турууга болот, деп шайлоо

системасындагы ошол кездеги киргизилген жетишкендиктер болгон” [39, 33-б.]. Берилген маалыматтарга таянсак 2000-жылдары Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына инновациялык жаңы өзгөрүүлөр киргизилип, учурдун бийлиги шайлоо процессинин таза өтүшүнө кызыктар болгон деген маалымат такталат, бирок берилген маалыматтарга карама каршы пикирлер аз эмес, мисалы алып көрсөк А. Бекназаровдун “Аксы ыйы – улут кайгысы” аттуу китебинде мындай деген маалымат берген: “Бектур Асанов шайлоо таза өтпөшүнө көзү жетип, шайлоодо наараазы болгон элди бириктирип, Акаевдин бийлигине каршы чечкиндүү күрөштү колдоорун айтты. Шайлоодогу элдин наараазычылыгы бүткүл Кыргызстан боюнча тараганы, наараазычылыктын башаты Акаевдин үй-бүлөсү түзгөн Алга Кыргызстан жана үй-бүлө колдогон Адилет менен Менин өлкөм партияларынын өкүлдөрүн бийлик ачыктан-ачык колдоп, административдик ресурстарды колдонуп жатышканы белгилүү эле. Айрыкча башында Б. Акаева турган Алга Кыргызстан партиясынын мыйзамсыз жоруктары (акча жана башка буюмдарды таратуу, убадаларды берүү, мал союу, тамак-аш, арак берүү, административдик ресурстардын аларга иштеши жана башка) күчөп, ошол эле учурда Акаевдин бийлигине каршы сүйлөгөн оппозициянын өкүлдөрүн жамандоо, эл менен жолугушууда дежур чалдар, аялдар, балдарды пайдалануу элдин кыжырын абдан күчөткөндүгү элге маалым” [53, 468-б.]. Ал эми Кусейин Исаев “Коом жана ыңклап” деген китебиндеги “Шайлоо шынаа гана болду” деп аталган бөлүмдө төмөндөгүдөй пикирин жазган: “Чыга турган сөз эле, чыгып кетти өзү эле дегендей, шайлоо – үлпүлдөп күйүп турган отко май куйган сыяктуу эле шылтоого шыноо болуп берди. Албетте, 2005-жылкы өткөн КРнын ЖКнин депутатарынын шайлоосуна адистердин талдоосу талап кылынат. Бирок, бир нерсе өтө ачык болду. Мен 50 жыл бою шайлоого катышып, тажрыйбаларымдын ичинен мындай ыплас, мындай акыйкатсыз шайлоону көргөн эмесмин. Бул шайлоо толук Ош базардагы соода-сатыктын так эле өзүн ар тараптан көргөздү. Мындай шайлоо демократиянын, эркиндиктин эрежелерине, баалуулуктарына жана

өлчөмдөрүнө төп келишпейт” [96, 27-б.] деп 2005-жылдын 24-март айында болгон окуяга шайлоо системасынын орчундуу тиешеси болбосо да, кандайдыр бир роль ойногонун баса белгилеп кеткен. Окшош пикирин О. А. Тогусаков “Улуттук идея кыргыз философиясында” деген китебинде мындай деп белгилеген “Марттык ыңкылап окуяларынын башкы түрткүсү катары 2005-ж., февраль-март айларында өткөн парламенттик шайлоону атаса болот. Шайлоо алдындагы жараянда жана шайлоо учурунда өлкө жетекчилиги тарабынан шайлоо куралдары катары өтө кир жана жосунсуз аракеттер колдонулду. Мисалы, шайлоого президенттин өзүнүн жана анын жакын тегерегинин туугандарынын рекорддук саны катышты. Ошондой эле оппозицияга каршы күрөштөгү куралдардын катары үгүттөө эрежелерин бузуу менен кара-пиярдын жапырт компаниясы жүзөгө ашырылды. Пиар-куралдардан башка, оппозициялык талапкерлерди каттабоо, аларды шайлоодон четтетүү сыяктуу адаттагы күч колдонуулар дагы жигердүү түрдө пайдаланды. Мисалы, шайлоо алдындагы акыркы 5 жылда өлкөдө жашабаганы үчүн талапкер Р. И. Отунбаева шайлоодон четтетилди. Бийликтин кеңири колдонулган мыйзамсыз иштери үчүн региондордо митингдер, демонстрациялар, нааразычылык акцияларын көбөйттү. ЕККУ дагы Кыргызстандагы парламенттик шайлоо шайлоонун жараянына карата болгон эл аралык стандарттарга, ЕККУнун талаптарына жана милдеттенмелерине толук түрдө шайкеш келбейт деген билдирме таратты. ЕККУнун парламенттик ассамблеясынын байкоочулар тобунун жетекчиси Кимо Килюнен дагы мындай деп билдирди: Шайлоо жараянынын белгилүү бир оңолушун көрсөттү, кээ бир округдарда шайлоочулардын алдында талапкерлердин жетиштүү саны болду. Бирок биз өлкөнүн бардык жеринде кеңири жайылган талапкерди шайлоо алдындагы жарыштан алып салуу, добуштарды сатып алуу жана электораттын топ талапкерлерге ишениминин төмөнкү деңгээли сыяктуу көрүнүштөрдү байкадык” [150, 80-б.]. Ошондой эле тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор А. Акуновдун “Кыргызстан эгемендик доорунда (1990-2021)” китебинде

мындай деп берилген “2006-жылкы оппозициянын эң башкы эки талабы болгон: биринчиси, Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо учурунда талаш тартыш чыгып, мыйзам бузулду деп эсептелген округдарда шайлоону кайрадан ачык, адилет, таза өткөрүү; экинчиден, ушу жылы күзүндө боло турган президенттик шайлоого А. Акаев өзүнүн катышпай турганыдыгын расмий билдирүүсү керектиги” [40, 139-б.]. Эскерте кетсем, Б. Акаеванын “Жамандыктын гүлү” аттуу китебиндеги маалыматтар да мамлекеттик төңкөрүшкө шайлоо системасындагы мыйзам бузуулар себеп экендиги деп берилген. Жогорудагы берилген маалыматтар аркылуу КРда болуп өткөн биринчи ыңклаптын себеби шайлоо системасындагы мыйзам бузуулардан чыгып келгендиги анык, мындан тышкары кийинки болгон эки ыңклап да дал шайлоо процессинен келип чыккан. Мунун менен мамлекетте конституциялык негиздерге таянып мыйзамдар жазылып, так аткарылмайын баш аламандыкты токтотуу, өнүгүү жолуна түшүү мүмкүн эмес. Убакыттын өтүшү жана ыңклаптардын улам улам кайталанышы менен коомдун аң сезими өзгөрдү.

Шайлоо системасы – кыргыз элинин тарыхында кездешип келген саясий институттардын бири, кыргыздардын коомдук түзүлүшүндө демократия жалпы элдик курултайлар акрылуу, бийликтин түйүндүү чечимдерди кабыл алуучу жогорку институттары болгон. Тарыхтын тагдыр чечер учурларында элдик курултайлар кыргыз элинин келечегин аныктаган чечимдерди кабыл алган. Узак жана бай тарыхыбыз аркылуу бабаларыбыз эркиндиктин ыйык баалуулуктарын сактап, улам кийинки муундарга берип келген.

Бул тууралуу тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор А. Акунов “Кыргызстан эгемендик дооруна (1991-2021)” аттуу китебинде мындай деп берген “Өткөн тарыхыбызга кайрыла турган болсок, дүйнөнүн башка элдери сыяктуу эле кыргыз коомчулугу да парламентаризимдин башаттары байыртан эле жашап, курултайлар менен элдик жыйындар чоң мааниге ээ болуп келген. Ошондуктан “Курултай,

“Элдик жыйын”, “Аксакалдар кеңеши” сыяктуу түшүнүктөр элдик башкаруунун формалары катары кыргыздын каада-салтында азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүн жоготуп калгандыгына карабастан, кыргыздар улуттун, журттун тагдырын чечүү маселелерди караганда дайыма эл өкүлдөрүнүн катышуусу менен, демократиянын негизги элементтерин колдонуп келишкен” [40, 250-б.].

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы демократиянын бирден бир көргөзгүчү катары туура нукта өнүгүүгө жетише элек. Ошол эле учурда илимий талдоого таянып төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга болот, демократиянын өнүгүшү өтө жогору болгон өлкөлөрдө да анын үстүндө иштөө зарыл болгон жетиштүү көйгөйлөр бар, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өркүндөтүү боюнча баштапкы этабында турат. Бүгүнкү күндө шайлоо системасын туура демократиялык нукта өнүгүүсүнө жетишүү үчүн ар бир жаран өз салымын кошуусу зарыл.

Жогоруда белгилеп кеткендей кыргыздын курултайы шайлоо системасын туура колдонуп кетишине себепкер болуп, демократияны өркүнтүүгө салым кошо алат. Себеби, байыркы кыргыз элинин жашоосундагы курултайлар элдик башкаруунун негизи болуп эсептелчү, ал жака ар бир уурадан өкүлдөр добуш берүү менен дайындалчу, мындай жыйындар жылына бир жолу өткөрүлүп, анда элдин күнүмдүк жашоосу үчүн маанилүү болгон маселелер талкууланып, чечилип турган. Бирок тилекке каршы Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы мыйзам ченеминде, ачык-айкын өтүлгөн жок. Балким ушундан улам Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 15-август айында №284 Жарлыгына кол коюп, 2022-жылдын 24-25-ноябрында Элдик курултай болуп өттү. Курултайга ар бир айыл өкмөтүнөн эки делегат шайланып райондук деңгээлге жөнөтүлүп, андан соң областтык деңгээлге жөнөтүлүп, 25-26-ноябрь айында болуп өтүлгөн Элдик курултайдын делегаты болуп атакаруу бийлиги, Жогорку Кеңештин депутаттары жана Президент баш болуп чогуу элден чыккан көйгөйлөрдү талкуулап, республикалык деңгээлдеги иш-чарага катышышты.

Элдик курултайдын делегаттары жер-жерлерде ачык, түз шайланып, республика боюнча 1000 ден ашуун делегат чогулду. Курултайдын делегаттарына ачык добуш берүү элдин арасында талаш тартышты, күнөм саноолорду жараткан жок. Себеби, делегатты кимдер шайлаганы ачык болду, добушумду уурдады же болбосо сатып алды, жыйынтыкты бурмалап кетти деген дооматтарды коюуга мүмкүнчүлүк жаралган жок. Бул жагдай коомчулукта кызуу талкууга алынып, шайлоолор дал курултайдын приницптеринде өтүлүшү сунушталууда, бирок ачык добуш берүү шайлоо системасында каралган принциптерге дал келбейт экендиги коомчулук эске алган жок.

"Демократиялык шайлоо, саясий системанын негизи катары, саясаттын илимий теориясына жана социологияга тиешелүү бир нече негизги принциптерди камтыйт" [165]:

- "Плюрализм принциби, бул принцип коом ар кандай кызыкчылыктардан, баалуулуктардан жана көз караштардан турат деп аныктайт. Демократиялык системада бул ар түрдүү топтордун баары шайлоо аркылуу чечим кабыл алууга укуктуу" [165].
- "Эркиндик жана теңдик принциби, бул бардык жарандар шайлоого катышууга бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ деп билдирет.
- "Өкүлчүлүк принциби, бул принципке ылайык, жарандар өз өкүлдөрүн тандап, андан кийин алардын атынан чечим кабыл алышат" [165].
- "Мыйзамдуулук принциби, бул демократиялык шайлоо аркылуу түзүлгөн өкмөткө жана анын иш-аракеттерине мыйзамдуулук берет/ Мыйзамдуулук шайлоону эл өз эркин билдирген механизм катары таануудан келип чыгат" [165].
- "Укуктук мамлекеттин принциби, бул демократиялык шайлоонун алкагында Өкмөт мыйзамдарды жана Конституцияны сактоого милдеттүү. Бул принцип эч ким Мыйзамдан жогору эмес, ал тургай өкмөт мыйзамдар менен чектелиши керек деп ырастайт" [165].

Бул принциптер бири-бири менен тыгыз байланышта жана биригип, коомдун өнүгүшүнө жана гүлдөп-өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн демократиялык шайлоонун негизин түзөт. "Дагы бир өзгөчө белгилеп кетчү нерсе, 1990-1993-жылдарда, Кыргыз Республикасынын эгемендүү тарыхынын өтө жооптуу алгачкы мезгилинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети, президенти, өкмөтү, сот бийлиги ынтымакта, өз ара түшүнүү жана бирин-бири колдоо шарттарында иштешкен. Ушул жылдары кыргыз коомчулугу мамлекеттик бийликти ар тараптан колдоп турган. Бийлик менен жарандык коомдун эриш-аркак, бир багытка карай, жалпы максатты көздөп иштешкени Кыргызстанды эки-үч жылда эле дүйнө тааныткан. Бийликтин да, элдин да эгемендүү мамлекеттин жаркын келечегине ишенимдери чоң болгон. Президент А. Акаев өзүнүн саясий карьерасынын алгачкы жылдарында кыргызстандыктардын чыныгы ишенимине жана чексиз колдоосуна ээ болгон. Кыргыз элине карата пейили ак, ниети таза болгондо А.Акаевдин тарыхта баатыр катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү эбегейсиз жогору болчу. Бирок элдин чексиз ишеними менен үмүтүн президент А.Акаев актаган жок, тескеринче, элдин адилеттүүлүккө карата үмүтү менен ишенимин уурдап кетти" [40, 47-б.] деп тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор А. Акунов өз китебинде белгилеген. 2020-жылдын 4-октябрындагы шайлоонун жыйынтыгынан улам кайталанган мамлекеттик төңкөрүштөн кийин шайланган Президентке элдин үмүтү жанданган сыяктуу. Тарыхта берилгендей бүгүнкү күндө коомчулуктун көпчүлүгү бийликти колдоп, бийлик менен эриш-аркак, бир багытта иш жүрүп жатканы байкалып турат. Көпчүлүк элдин бийликке болгон көңүлү ток, ою түз болгон сыяктуу.

## Корутунду

1-бапта шайлоо системасынын теориялык аспектилери каралып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо процессинин тарыхы талданды. Кыргызстандагы шайлоо адабиятынын жана практикасынын кеңири талдоосунун негизинде биз төмөнкүдөй тыянактарга келдик:

1. Шайлоо системасынын теориясын изилдөө аркылуу шайлоо процессинин уюштуруу принциптери менен механизмдери ачып берилди. Шайлоо системасынын моделдери талданды, алардын саясий динамикага жана ар кандай социалдык топтордун кызыкчылыктарынын өкүлчүлүгүнө кандайча таасир этиши мүмкүн экендиги жөнүндө баалуу түшүнүктөр аныкталды.
2. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый өнүгүшүн изилдөө төрт этапка бөлүнүп каралып, андагы өнүгүү тенденциялары аныкталды. Ар бир этапта шайлоо системасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү менен бирге кемчиликетри салыштырмалуу иретте берилип, системага киргизилген өзгөрүүлөр саясий процесстерге кандай таасир тийгизгени аныкталды.

Жалпысынан 1-баптагы изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасындагы шайлоо системаларын талдоодо жана иштеп чыгууда теориялык принциптерди эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилеп, шайлоо процессинин тарыхый аспектилерин түшүнүү, шайлоону башкаруунун эффективдүү жана жергиликтүү ыңгайлаштырылган механизмдерин иштеп чыгууну көздөгөн максатын орундатты. Бул жааттагы андан аркы изилдөөлөр Эгемендүү Кыргыз Рсепубликасынын шайлоо системасы менен процесстерин  тереңирээк талдоону жана алдыңкы тажрыйбаларды эске алуу менен шайлоо системасын жакшыртуу үчүн сунуштарды иштеп чыгууну кийинки баптарда камтылат.

# БАП 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук жана методологиялык негиздери

“Мамлекеттик көз карандысыздыкты алуу жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу менен биздин мамлекетибизде мезгили менен ар кандай шайлоолор өткөрүлүп турат” [109, 5-б.]. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин өз алдынча аныктоо, бул элдин эгемен укугу болуп саналат. Кыргыз Республикасынын жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (бүткүл элдик добуш берүү), ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат. Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт жана 18 жашка толгон жарандар шайлоо укугуна ээ болот. Ошондой эле мыйзамдар жана мамлекеттик маанидеги башка маселелер референдумга коюлушу мүмкүн ал эми референдумду өткөрүүнүн тартиби конституциялык мыйзам менен белгиленет. Мыйзам менен тыюу салынган каржылык, административдик жана башка ресурстарды пайдалануу менен шайлоочулардын эркин шайлоосуна таасир этүүгө тыюу салынат” [1] деп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинде каралган. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы өлкөнүн өзү үчүн да, ошондой эле демократиялык процесстердин жалпы контексти үчүн да олуттуу мааниге ээ экендиги, ошондой эле саясий турмушка жарандык катышууну камсыз кылуунун, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун, бийлик органдарынын легитимдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылуунун негизги инструменти болуп саналат

экендиги тууралу “Кыргыз Республикасынын Конституциясы” [1] өзүнө камтыйт. Бул системанын конституциялык-укуктук негиздерин түшүнүү жана талдоо, анын натыйжалуулугун, ошондой эле анын алдында турган кыйынчылыктарды аныктоого мүмкүндүк берет. Диссертациялык теманын алкагындагы илимий изилдөө дүйнөлүк контекстте да демократиялык принциптерди сактоо, саясий маданиятты өнүктүрүү жана жарандык коомду чыңдоо үчүн олуттуу мааниге ээ.

“Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналат” [79, 118] деп аныктадык.

“Изилдөөнүн **предмети** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизимдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери” [79, 118] деп аныктадык.

“Шайлоо системасынын методологиясынын айрым негизги аспектилери катары илимий изилдөөнүн алкагында төмөндөгүлөрдү аныктадык” [79, 118]:

- “укуктук талдоо – шайлоо системасы менен процессин жөнгө салуучу конституциялык мыйзамдарды, кодекстерди жана башка ченемдик-укуктук актыларды карап чыгууда, аларга талдоо жүргүзүүдө, негиздер менен принциптерди аныктап, ачып берүүдө толук кандуу колдонулат;
- саясий талдоо – мамлекеттик системанын алкагындагы саясий институттар менен партиялар, маданият менен идеология тармагынын тийгизген таасирлери изилдөөдө камтылып ишке ашырылат дегенди түшүнөбүз;
- социологиялык талдоо – шайлоо системасы социология илимине көз каранды, себеби шайлоочунун жеке көз карашына баа берип, алардын каалоолорун эске алып системага, мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдөн реформанын ийгилиги көз каранды. Ошондой эле социологиялык талдоо өзүнө демография менен миграциянын жыйынтыгын камтыйт,

жана аларды эске алуу шайлоо процесси үчүн маанилүү. Мисалы, тиешелүү ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүү киргизилип, шайлоо процесстен форма-2 иш кагазы колдонуудан алынып салынгандыгы бир көйгөйдү жоюп, экинчи көйгөйдү жаратты. Себеби ички миграция өнүккөндүгүнө байланыштуу шайлоочулардын шайлоого катышкан санынын төмөндөсүнө салым кошту;

- статистикалык ыкмалар – шайлоо процессине баа берүүдө, реформанын жыйынтыгын аныктоодо, шайлоонун жыйынтыгын талдоодо, шайлоочунун катышуусун, анын ичинен гендердик катышуусу менен жаш курактарын аныктоодо статистикалык ыкма колдонулуп жалпы шайлоо системасын балоодо колдонулду" [79, 118].

Жогоруда белгиленген ыкмалардын айкалышы "Б.Н.Малабаевдин, Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" [118] аттуу  2005-жылы чыккан монографиясынан, М.Д. Джумабаевдин, Развитие избирательной системы Кыргызской Республики аттуу кандидаттык диссертациясынан алынып илимий изилдөө иште ийгиликтүү колдонулду.

Укуктук талдоо методологиясын колдонуу аркылуу шайлоо системасындагы мыйзамдуулукту ишке ашыруудагы көйгөйлөрдү, кемчиликтерди, шайлоочулардын укуктары менен милдеттеринин дал келүүсү талданып сунуш киргизүүгө өбөлгө боло алды, башкача айтканда диссертациялык теманын илимий изилдөөсүнүн алкагында укуктук талдоо методологиясын колдонуу аркылуу илимий иш максатына жете алды деп аныктоого болот. Шайлоо процессин ийгиликтүү ишке ашыруудагы "шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасынын" [13]  иш аракеттеринин мыйзамдуулугу менен ачык-айкындуулуктун канчалык деңгээлде сакталышы боюнча, жана ошондой эле "талапкерлерди каттоо жол-жоболору, шайлоонун жыйынтыгын чыгаруу, жалпы шайлоо боюнча маалымат таркатуу ишин алып баруусу жана башка шайлоо процессинин аспектилери каралып, аныкталды" [5, 13, 14]. Шайлоо системасын жакшыртуу, натыйжалуулугун

камсыз кылуу боюнча мыйзамга өзгөртүү киргизүү сунуштары укуктук талдоонун жыйынтыктарынын негизинде иштелип чыкты.

Саясатты талдоо методологиясын колдонууда шайлоо процессине таасир эткен саясий динамиканын ар кандай аспектилерин түшүнүү жана баалоо аркылуу илимий иште чагылдырылды. Берилген методология аркылуу шайлоо системасынын негизи субъектилерин: "БШК, АШК, УШК комиссиялары, саясий партиялар, бий өкмөт уюмдары жана шайлоочулар шайлоо процессиндеги байланышын аныктап, чыккан көйгөйдү белигеп жана сунуш киргизүү боюнча талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү алынды" [13, 66, 109, 110, 115, 116]. "Саясий талдоо коомдун саясий маданиятын жана баалуулуктарын, анын ичинде демократияга болгон мамилени, саясий активдүүлүктүн деңгээлин, саясий институттарга болгон ишенимди жана башка аспектилерди изилдөөнү камтып, жарандардын саясий процесске канчалык катышканын жана шайлоо системасына канчалык ишенерин аныктоого мүмкүндүк берди" [31, 32, 33, 34].

Социологиялык методдор шайлоочулардын жалпы санын, анын ичнен канчасы шайлоого келип добуш бергендиги, добуш бергендердин ичинен канчасы "Баарына каршы" талапкерге добуш бергендиги тууралу маалыматтар чогултулуп илимий иште көтөрүлгөн негизги көйгөлөрдү аныктап, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамга" [5] сунуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ошондой эле бул ыкма шайлоонун жыйынтыгына кандай факторлор таасир этиши мүмкүн жана кайсы талапкерлердин ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү жогору экендигин болжолдоого жардам берди. Шайлоо системасында социологиялык методдорду колдонуу саясий процесстерге таасир этүүчү социалдык жана демографиялык факторлорду түшүнүүнү терендетүүгө жардам берет жана өлкөнүн саясий турмушуна ар кандай социалдык топтордун катышуусун жана өкүлчүлүгүн жогорулатуу стратегиясын иштеп чыгууга негиз боло алды.

“Статистикалык анализ шайлоо процессиндеги тенденцияларды аныктоодо, добуш берүүнүн натыйжаларын талдоодо, шайлоочулардын тандоолорун изилдөөдө жана ар кандай үгүт стратегияларынын натыйжалуулугун баалоодо маанилүү ролду ойнойт. Добуш берүүнүн натыйжаларын талдоо үчүн статистикалык ыкмалар колдонулуп, шайлоочулардын шайлоосуна экономикалык абал, социалдык жана маданий факторлору таасир эткенин изилдөөгө жардам берди. Ошондой эле тарыхый маалыматтарды талдоодо, шайлоонун натыйжаларын болжолдоо үчүн колдонулду” [142].

Илимий иште шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин алкагындагы теманы ачып берүү үчүн, бир гана укуктук тармакты кароодон тышкары саясий, социологиялык, философиялык көз караштарды камтыган жана тарыхый маалыматтарды, эскперттик көз караштарды талкууга алынып эмпирикалык ыкма толук кандуу колдонулду. Эмпирикалык ыкма деп, биз байкоолорго, эксперименттерге жана далилдерди талдоого негизделген изилдөө ыкмасы деп билебиз. Бул ыкма изилдөөнүн максатын ишке ашырууда жана милдеттерине жетүү үчүн тажрыйба аркылуу, түздөн-түз өз ара аракеттенүү менен жетүүгө түрткү берет деп илимий иштин алкагында талданды. Мисалы илимий иште: “философия илиминин доктору, окумуштуу О.А. Тогусаков” [150], “тарых илимдеринин доктору, окмуштуу А.Акунов” [40], “саясатчылар: А.А.Бекназаров” [53], “А.Акаев” [38], “Б.Акаева” [39] жана башка окумуштуулардын илимий иштери талданды, ошондой эле “Эл аралык уюмдардын корутундулары” [67, 68, 69, 70] талданды.

Илимий изилдөөнүн алкагында эмпирикалык ыкма төмөнкү тизмеленген аракеттерди өзүнө камтыды:

- шайлоо системасын талдоо жана түшүнүү үчүн шайлоо процессинин жүрүшүнө байкоо жүргүзүү ыкмалары колдонулду;
- шайлоону өткөрүүдөгү кошумча факторлор жөнүндө маалыматтар топтолуп жана аларга талдоо жүргүзүлдү;

- шайлоо процесстериндеги мыйзамдардын так аткарылуусу боюнча статистикалык талдоо жүргүзүлдү;
- шайлоо субъектилердин шайлоо системасына, процессине болгон көз караштары изилденди, талдоонун негизи катары даяр сурамжылоолордун жообу алынды. Ошондой эле кошумча өз алдынча сурамжылоо иштери уюштурулду.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын изилдөөдө эмпирикалык метод конкреттүү маалыматтарды жана фактыларды алууга жардам берди, бул теориялык божомолдорго гана эмес, байкоолорго жана тажрыйбаларга негизделген жакшы тыянактарды жана сунуштарды чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүп берди.

“Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына байланыштуу илимий изилдөө жүргүзгөндө архивдик документтерди, нормативдик актыларды жана статистикалык маалыматтарды колдондук” [66], ошондой эле темага байланыштуу фактыларды жана маалыматтар чогултулду, ошондой эле илимий дисциплиналардын изилдөөчүлөрүнүн пикирлерин аныктап илимий иште чагылдырууга аракет көрдүк. Кошумча белигеп кетүүчү нерсе, бул теориялык база катары Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдардын тобу менен бирге “БШКнын отурмдарынан чыккан токтомдор, протоколдор, иш кагаздар негизги объект катары каралды” [66]. “Эл аралык уюмдардын, алардын ичинен: БУУ; ЕККУ; Венециандык комиссиясынын корутундулары жана көз карандысыз эксперттердин билдирүүлөрү, илимий жоболору каралды” [67, 68, 69, 130, 131, 132]. Эмпирикалык методду колдонуу менен катар документтерди талдоо ыкмасы колдонулду жана бул ыкма аркылуу иш-кагаздарга анализ берилип, шайлоо процесстери тууралуу маалыматтар иретке келтирилди. Документтерди анализдөөдө сапаттык (проблемалык издөө, тематикалык жыйынтыктоо) жана сандык (контент-анализ) деп бөлүп кароого туура келди. Себеби Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхын ар кандай аспектиде изилдеген окумуштуулардын, тархычылардын, саясат

тануучулардын, юридика илимдеринин жана башка эксперттердин илимий иштерин, корутундуларын салыштырып карап чыгып жеке корутунду чыгарууну көздөдүк. Ошондой эле БШКнын протоколдорунун негизинде шайлоо процессинин жыйынтыктарын  сандык анализдөө аркылуу ишке ашырдык. Диссератциялык иштин максатына жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы тууралуу шайлоочулардын ой-пикрлери да маанилүү роль ойнойт деп белгилеп  шайлоочулардын ой-пикирин билүү максатында сурамжылоо методу колдонулду жана даяр сурамжылоолордун жыйынтыктары колдонулду. Мисалы, Эл аралык Республикалык Институттун Кыргызстандагы 2021-жылы боло турган шайлоонун алдындагы маанайды иликтеген сурамжылоолордун жыйынтыгы жана  «Общее дело» коомдук фондунун  2021-жылы 19-28-февраль айында жүргүзгөн сурамжылоосунун жыйынтыгы каралып диссератциялык иште чагылдырылды, ошондой эле өз алдынча сурамжылоо иши жүргүзүлүп акыркы шайлоолордогу учурлар: баарына каршы деп добуш бергендердин саны өсүп жана шайлочунун шайлоого катышпай койгондугу тууралуу ой пикрилер талкууланып жыйынтыгы иште чагылдырылды.

Жогоруда белгиленген методологиянын алкагында чогултулган материалдарын негизинде шайлоо системасына байланыштуу саясий окуяларды чагылдырып, негиздүү корутунду чыгарууда тарыхый ыкма да колдонууга алынды. Тарыхый ыкма аркылуу шайлоо процессиндеги фактылар талданды. Кээ бир учурларды түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө жеңил болуу үчүн, шайлоо системасынын жана шайлоо процессинин жүрүшүн хронологиялык иретте негиздеп берүүнү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Тархый ыкма менен бирге салыштырмалуу ыкмасы колдонулду, себеби эгемендүүлүктүн биринчи күнүнөн тарта болуп өткөн шайлоо процесстерине, шайлоо системасына караштуу стратегиялык багыттар, саясий учурлар, көйгөйлөр салыштырмалуу ыкма менен талданып жыйынтыктар негизделди. Салыштырмалуу ыкманы колдонуу акрылуу 1995-жылдан 2024-жылдын 30-июнуна чейинки өтүлүп келген референдумдар,

президенттик жана Жогорку Кеңешинин депутаттарынын шайлоолору талданып, жыйынтыктар илимий иште чагылдырылды. Сандардын өзгөрүүсүн баса белгилеп, илимий иште көтөрүлгөн көйгөлөрдүн негиздүүлүгүн аныктап берүү үчүн чогултулган маалыматтар таблица, диаграмма формасында топтолуп диссертациялык иштин тиркемесинде берилди.

Кийинки колдонууга алынган ыкма синергетика ыкмасы болду. Шайлоо системасы юриспруденциядан тышкары саясат таануу илими менен тыгыз байланышта болгондуктан изилдөөдө саясий процесстердин тийгизген таасири эске алынып каралды, себеби жаран, коом, коомчулуктун ой жүгүртүүсүн талдоо аркылуу гана шайлоо системасындагы көйгөлөрдү аныктап, жаңы сунуштарды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Ошондуктан илимий иште "тарых, социология, философия жана саясат таануу" [40, 51, 58, 59, 74, 95,150, 167], илимдеринин айкалышынан келип чыккан авторлордун ойлору чагылдырылып талкуулоого аракет көрүлгөн. Ушуга байланыштуу илимий изилдөө иште диалектикалык материализм- табияттын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн өнүгүшүн талдоого умтулган диалектика принциптерине негизделген философиялык методологияга басым жасалды.

Изилденип жаткан темага караштуу аспектилеринин көптүгү булактарды бир нече топторго бөлүп кароону талап кылып өзүнчө кыйынчылыктарды жаратты. Бирок ага карабастан коюлган максатты ишке ашыруу үчүн ишти комплекстүү жүргүзүп, булактар топко бөлүнүп изилденди. Шайлоо системасын камтыган булактардын биринчи тобуна Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздери тууралуу илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн авторлордун иши каралды, булар: М. Д. Джумабаевдин "Развитие избирательной системы Кыргызской Республики" [79] аттуу кандидатты диссертациялык иши болду; Б.Н. Малабаевдин "Конституционно-правовые основы изибрательной системы" [118] аттуу монография болду; С. А. Токтоболотованын "Роль

неправительственных организаций в процессе развития избирательной системы Кыргызской Республики" [151] аттуу кандидатты диссертациялык ишиндеги шайлоо системасына тиешелүү аспектилерин алып колдонууга киргизилди.

Шайлоо укугун конституциялык укуктун бирден бир спектри катары карап чыккан авторлордун эмгектери да каралды: "У. О. Аманалиев, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу - Бишкек, 2023. - 430 б." [42]; "А. А. Арабаев, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу - Бишкек, 2014. – 411 б." [44]; "Б.И. Борубашев, Политико-правовая система кыргызского общества - Бишкек, 2021. - 416 с." [58]; "З.К. Курманов, Кыргыз Республикасынын шайлоо укуктары жана партиялык түзүлүш боюнча эскерткичБишкек, 2017. - 135 б." [109]; "С.С. Сооданбеков, М.К. Укушев, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу - Бишкек, 1999. - 400 б." [144]; "Н.Т. Шерипов, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу - Бишкек, 2015. - 663 б." [162]; "А. Эсенбаев, Институт выборов в условиях трансформации политической системы в Кыргызстане- Бишкек, 2013. - 202 с. "[168].

Илимий изилдөө ишимде төмөндөгү юридикалык илиминен тышкары тарых, саясат таану, философия илимдеринин илимпоздорунун окуу китептери каралып, салыштырмалуу белгиленип жыйынтыкталды: "тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор А.А.Акунов, Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021)" [40]; "философия илимдеринин доктору, профессор О. А. Тогусаков, Улуттук идеянын саясий-укуктук маселелери" [150]; "филология илимдеринин доктору А. Эркебаев, Думать не о себе, а о стране" [167]; "философия илимдеринин доктору, профессор К. Исаев, Саясий элита: коомдогу бедели, социлогиясы" [95], ушул эле автордун "Коом жана ыңклап" [96]; "саясатчы А. А Бекназаров, Аксы ыйы – улут кайгысы" [53]; "А. Б. Акаева, Цветы зла" [39]. Жогоруда берилген авторлордун окуу китептеринен шайлоо системасында кездешкен

көйгөйлөр баамдалып, бекитилген жоболор боюнча тыянак чыгарууда белгиленди.

“Юридика илимдеринин кандидаты Б. Н. Малабаевдин Конституционно-правовые основы изибрательной системы Кыргызской Республики” [118] аттуу монографиясында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык укуктук жана практикалык жагы олутуу ачылып берилип, шайлоо процесси 1995-жылдан 2005-жылга чейин толук чагылдырган. “А. А. Акуновдун, Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021)” [40] аттуу окуу китебинен Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын методологиялык негиздери тууралуу илимий маалыматтарга баа берилип, колдонууга алынды. Автор мамлекеттин эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап 2021-жылга чейинки саясаты жогорку деңгээлде чагылдырып берип, жүргүзүлгөн шайлоо система менен процесстер тууралуу маалыматтар да ар тараптуу форматта: теориялык, укуктук жана практикалык жагына басым жасалып берилген. Ал эми “Б.Акаева, Цветы зла” [39], аттуу китебинде 2005-жылдын 24-март айында Парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразычылык акциялары уюштурулгандыгына токтолуп, шайлоо системасын чагылдырып кеткен жана ошол учурдагы реформаларга токтолуп, процедураларга киргизилген өзөрүүлөрдү белгилеп кеткен.

Бул бөлүмдү жыйынтыктап, шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин ачып берүү жолдорунун бири катары тарыхый, социологиялык, формалдуу-логикалык, системалык-структуралык методдор, ошондой эле илимдин төмөндөгүдөй атайын укук таануу ыкмалары колдонулганын белгилемекчибиз:

1. Социологиялык ыкма, социумда шайлоо укугунун статистика жана динамика аспекттеринде ордун жана ролун көрсөтүүгө мүмкүндүк берет экен.
2. Тарыхый талдоо болсо парламентаризм институттарынын эволюция процессин реконструкциялоого мүмкүндүк берди, ошондой эле элдик

суверенитет, демократия, көп партиялуулук концепцияларынын аң сезимин тереңдетип, алардын өнүгүү тенденцияларын талдоого өбөлгө түздү.

3. Салыштырмалуу укуктук ыкма болсо шайлоонун өкүлчүлүктүү органдарынын статусу менен бирге шайлоонун негизги катышуучуларынын бири талапкер менен шайлоочулардын укуктук жөнгө салуудагы жолдорун көрсөтүп ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түздү.
4. Системдик ыкма шайлоо демократиясынын укуктук моделин толук ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

“Системалуу жана тартиптүү иш-аракет көрүүдө материалисттик диалектиканын методдоруна таянуу туура чечим деп кабыл алынып диссертациялык иш системалу, логикалык ыкмалар менен чогу салыштырмалуу-укуктук талдоо колдонулган” [75, 79, 151].

## 2.2. Бирдиктүү шайлоо системасынын түзүлүшү, жалпы мүнөздөмөсү

“Шайлоо – бул шайлоочулардын добуштары аркылуу мамлекеттик органдарды түзүү жол-жобосу деп билебиз. Кыргыз Республикасында жарандардын шайлоо укуктары эркин жана ыктыярдуу ишке ашырылып, мыйзам менен сакталат. Жарандардын эрк-ниетин билдирүүдө зордук менен таасир берүү эч кимдин укугу жок” [158, 2-б.] деп ЕККУнун усулдук колдонмолорунда берилген. Юридика илимдеринин доктору У.О. Аманилиевдин окуу китебинде “Шайлоо – азыркы саясий коомдордо мамлекеттик бийликти уюштуруунун жана иштешинин эң маанилүү институту” [42, 256-б.] деп белгиленген.

“Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар бийлик органына кирген – БШКнын өз курамагындагы АШК, УШК аркылуу республика боюнча шайлоолорун ишке ашырып, шайлоо жөнүндө мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен аныкталган татаал институту экендиги белгиленди. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесинин 1-

пунктунда Шайлоо комиссиялары төмөнкү принциптер боюнча өз ишин жүзөгө ашырат деп берилген: 1-мыйзамдуулук; 2-айкындуулук; 3-ачыктык; 4-көз карандысыздык; 5-коллегиялдуулук; 6-адилеттүүлүк; 7-калыстык" [13].

Жогорудагы принциптер шайлоо процессинин ар кандай этаптарында анын чынчылдыгын, ачыктыгын жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн колдонулат. Алардын талданылышына төмөндөгүдөй мүнөздөмө берүүгө аракет көрүлдү.

1. "Мыйзамдуулук дегенде, биз шайлоо комиссияларынын бардык иш-аракеттери деп билебиз, шайлоону уюштурууда, талапкерлерди каттоодо, добуштарды эсептөөдө жана жыйынтыктарды жарыялоодо шайлоо мыйзамдарын туура колдонууну менен аткаруу керектигин түшүнүбүз керек" [13].
2. "Айкындуулук дегенде, шайлоо процесси жөнүндө маалыматтын бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болушун камсыз кылып, жыйынтыкты жарыялоодо ачык айкындуулукту сактоо керектигин билүү керек" [13].
3. "Көз карандысыздык дегенде биз шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү саясий же башка тышкы таасирлерден көз карандысыз иштеп, өз иш-аракеттеринде тийиштүү статуска ээ болгонун, алардын чечимдери тышкы кысымдарга эмес, мыйзамга жана адилеттүүлүк принциптерине негизделип, иш алып баруусун сезүү керектигин билүү" [13].
4. "Коллегиалдуулук дегенде, биз бардык мүчөлөрдүн пикирин эске алуу менен жамааттык негизде комиссиялардын чечим кабыл алуусун камсыз кылып, өзүм билемдиктин алдын алууга жана тең салмактуу чечимдерди кабыл алып турууларын эстен чыгарбоо керектигин билүү" [13].
5. "Адилеттүүлүк дегенде, биз шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды кепилдеп, бардык талапкерлер жана партиялар үчүн медиага, каржылоого жана ресурстарга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылууну, ошондой эле шайлоо процессине

басмырлоонун же туура эмес кийлигишүүнүн алдын алууну иш аракеттеринде болуусун билип жүрүү” [13].

Негизинен укуктук-ченемдик актыларда каралган принциптер демократиялык коомдун негизи өзөгүн түзгөн адилеттүүлүк менен эркин шайлоолорду өткөрүүгө өбөлгө түзүү үчүн колдонууга алынып келинет. Коомдук турмушта кездешкен ар кандай учурларда, ошондой эле бирдиктүү шайлоо системасын алып барган шайлоо комиссияларынын ишинде да принциптер негизги ролду ойноп, шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын иши үчүн маанилүү ориентир болуп саналат.

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын, 3-беренесинин 1- бөлүгүнө, кошумча 8-натыйжалуулук принципбин кошуу сунушталат да, бул принциптин ролу шайлоону сапаттуу уюштуруп, өткөрүп берүүсүн камсыз кылуу дегенди түшүндүрүп, өзүнө шайлоо процессин так жөнгө салууну, шайлоочуларга тийиштүү түрдө маалымдоону, даттанууларды жана талаш-тартыштарды өз убагында жана объективдүү кароону, ошондой эле шайлоо мыйзамдарын бузууларга активдүү бөгөт коюуну камтып, коомдун шайлоо системасына болгон ишенимине жетүүгө жана шайлоонун эркиндиги менен адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат” [13].

Натыйжалуулук принциби шайлоо комиссияларынын ишинде төмөнкүдөй колдонсо болот деп ишендиребиз:

1. Процесстерди оптималдаштырууда шайлоо комиссиялары бюрократиялык жол-жоболорду кыскартууда, арыздар менен маалыматтарды иштеп чыгууда аларды максималдуу жөнөкөйлөтүү аркылуу өз процесстерин оптималдаштыра алышат;
2. Пландоо жана ресурстук камсыздоодо комиссиялардын ишин натыйжалуу пландаштыруу, анын ичинде ресурстарды бөлүштүрүү (кадрдык, каржылык жана материалдык) шайлоону жылмакай жана натыйжалуу өткөрүүгө жардам боло алат;

3. Кадрларды окутуу жана даярдоодо комиссия мүчөлөрүн жана персоналды системалуу окутуу менен даярдоо, кесипкөйлүгүн жогорулатууга жардам берип, бул тапшырмаларды натыйжалуу аткарууга мүмкүнчүлүк ачат;
4. Мониторинг жана контролдоодо шайлоо процессинин жүрүшүнө мониторинг жүргүзүп, көйгөйлөрдү ыкчам аныктоого жана аларга реакция кылуусун тездетип, ошону менен анын натыйжалуулугун жана ачык-айкындыгын жогорулатат.
5. Натыйжаларды талдоо жана оптималдаштырууда шайлоо процесси аяктагандан кийин комиссиялар процесстин күчтүү жана алсыз жактарын аныктап, кийинки шайлоо процесстериндеги иш-пландарга өзгөртүү киргизип, оңдоо түзөөлөрдү жүргүзүп, ошону менен алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатат деп ишендиребиз.

“Шайлоо процесстерине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча жоопкерчилик жүктөлгөн негизги орган катары шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасынын иерархиялык иреттеги түзүлүшү – БШК, АШК, УШКлар деп таанылат. Иерархиянын башында БШК туруп, мамлекеттик бийлик бутагына көз каранды эмес органы болуп, өзүнө караштуу бюджет, фонд, бланк менен биргеликте Мамлекеттин герби түшүрүлгөн мөөрү болот. Ал эми анын курамына 12 мүчө кирип, беш жылдык мөөнөткө шайланышат. Мүчөлөрдүн 3/1 – Кыргыз Республикасынын Президенти, 3/1 – парламенттик көпчүлүк, 3/1 – парламенттик оппозициянын сунушу менен шайланып келишет” [13].

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесинин 1-пунктун - мыйзамдуулук; айкындуулук; ачыктык; көз карандысыздык; коллегиялдуулук; адилеттүүлүк; калыстык” [13] деп белгиленген принциптер менен өз ишин жүзөгө ашырат. “Атайын статусу бар бийлик органына БШК өз курамындагы АШК менен УШК чогу

бирдиктүү шайлоо системасы катары кирет” [13] деп тиешелүү мыйзамда берилген.

“БШКнын ишине: мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык эмес уюмдар жана саясий партиялар саналат, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар тарабынан кийлигишүүсүнө мыйзам ченеминде жол берилбейт. Мамлекетке тиешелүү органдар жана алардын кызматкерлери шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн керектүү жабдыктарды, каражаттарга кирген транспорттун түрүн, байланышка чыгууга мүмкүнчүлүк болгон кеңселерди иш-кагаздарды аткарууга керектүү технологиялык жабдуулары болгон (көргөзмө доскалар, ящиктер, добуш берүү үчүн кабиналар ж.б.) кеңселер менен камсыздап беришет. Мамлекеттин алкагында 2500дөн ашык участкалык шайлоо комиссияларын түзүү талап кылынат жана алардын ар биринде болжолдуу 11ден 21ге чейин мүчөлөрдөн туруугa тийиш, ошондой эле алардын иш алып баруусу үчүн жана шайлоого байланыштуу документтерди убактылуу сактоо үчүн ыңгайлуу кабинеттер менен камсыздалып берүүгө милдеттендирилет” [13].

Ушул эле мыйзамда “саясый партиялар, жеке талапкерлер жана башка коммерциялык эмес уюмдар шайлоо менен референдумду даярдоонун жүрүшүндө шайлоо комиссияларына эки жумушчу күндүн ичинде тиешелүү маалыматтарды жана материалдарды, ал эми дароо берүүгө милдеттүү болушат эгерде добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күн болсо. Эгерде мыйзамда берилген талаптар аткарылбаса, же туура эмес аткарылган болсо жана белгиленген мөөнөт бузулган учурда мыйзамга ченеминде жоопкерчиликке тартылышат. БШКнын иши коллегиялуу, айкын жана ачык деп таанылат. БШКнын ыйгарым укуктарына кирген маселелерди эркин талкуулоонун жана чечүүнүн негизинде жүзөгө ашырылат, ал эми анын курамы мыйзамда белгиленген санынын 3/2 кем эмесинен түзүлсө, ишке киришүүгө укуктуу деп комиссиянын ишин уюштуруунун маселелери Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо

комиссиялары жөнүндө мыйзамында регламенти аныкталып берилген” [13]. Ал эми милдеттери төмөндөгүдөй каралган: “КРнын аймактарында жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу; шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу; талапкерлер, саясый партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу; шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу; Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу; шайлоо системасын өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу” [13].

“БШКнын ишин уюштурууда материалдык-техникалык жактан камсыз кылып берүүсүн тейлеп, усулдук жана маалыматтык талдоо кылууну бөлүмдөрө бөлүнүп иш алып барган аппараты жүзөгө ашырып келет. Ошондой эле ар бир аймактарда комиссиянын мүчөлөрүнүн иштөө сапатын жогорулатуу үчүн материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, уюштуруу-усулдук, координациялык ишти жүзөгө ашыруучу туруктуу атайын өкүлү жана системдик администратору болот. БШКнын төрагасы тарабынан тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына дайындалган атайын өкүл жана системдик администратор БШКнын аппаратынын кызматкери болуп саналат. Алардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги, ошондой эле мамлекеттик жарандык кызматты өтөө шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана БШКнын төрагасы тарабынан бекитилген кызматтык нускамалар менен аныкталат” [5, 13].

“АКШ – БШКнын аймактардагы өкүлү, БШКнын аппараты менен ар дайым тыгыз байланышта болуп, иш процесси так аткарылуусу үчүн ар бир АШКда атайын өкүл жана системдик администратор, башкача айтканда IT

специалист бекиген. АШКнын иш-аркетин шарттуу түрдө үч негизги баскычка бөлүп карагоо болот” [13, 21, 115]:

- 1-баскыч, добуш берүү күнүнө чейин;
- 2-баскыч, добуш берүү күнү УШКны жапканга чейин;
- 3-баскыч, добуш берүү аяктаган соң.

“АШКнын иши шайлоо системасында абдан маанилүү жана жоопкерчиликтүү, ошондуктан коюлган милдеттерди ийгиликтүү аткаруу үчүн АШК мүчөсүнүн ар бир кадамы мыйзам чегинде болушу зарыл. АШК мүчөлөрү үчүн берилген үч баскычка тиешелүү алтын эрежелер каралган. Бул алтын эрежелерди сактоо олуттуу каталардын жана алардын аркасындагы көйгөйлөрдүн алдын алууга шарт түзүлөт” [13, 21, 115] деп Аймактык шайлоо комиссиялары үчүн колдонмодо каралган.

№1-эреже, “БШК менен байланышта болуп, пайда болгон суроолорго жоопту БШКдан гана алуу керек” [13, 21, 115].

№2-эреже, “АШК бардык чечимдери добуш берүү процедурасы аркылуу, коллегиялдуу түрдө кабыл алат. Эгерде чечим АШК тарабынан кабыл алынышы керек болсо, сөзсүз комиссиянын жыйынын өткөрүү керек. Ал эми комиссиясынын белгиленген мүчөлөрүнүн көпчүлүк саны катышканда жыйын ыйгарым укуктуу деп эсептелинет” [13, 21, 115].

№3-эреже, “АШКнын ишмердүүлүгүнүн процедуралары татаал болгондуктан алардын ишин жеңилдетүү үчүн текшерүү барактары иштелип чыккан. Иш процессине ыйлайык, аткарылган ишке жараша текшерүү жүргүзүлүп баракка белги коюлат. Бул система аркылуу комиссия мүчөлөрү өз иш-аракеттеринин татаал чынжырчаларын оозеки эстеп калуудан кутулуп, ишке болгон кыймыл аракети жеңилдейт” [13, 21, 115].

№4-эреже, “байкоочуларга шарт түзүп берүү, себеби алар шайлоо күнү добуш берүү мыйзамга ылайык өткөнүн ырастай ала турган адамдар. Бул жаңжалдуу кырдаалдарда өзгөчө маанилүү” [13, 21, 115].

№5-эреже, “документтерди жана протоколдорду толтурууга кылдат көңүл буруу зарыл: протоколдордогу каталар эсептөө процессин узартып

койгондон тышкары, аймакта добуш берүүнүн жалпы жыйынтыктарына шек жаратып коюшу ыктымал. Участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунда берилген сандык маалыматтарды маалыматтык системасына киргизүүсүн уюштурууда кылдат мамиле кылып. өзгөчө көңүл буруу керек" [13, 21, 115].

№6-эреже, "добуш берүү күнүнө чейин жана добуш берүү күнү участкалык комиссиялар менен өз убагында байланышып жана татаал маселелерди чече алуусу үчүн, участкалык комиссиялар менен байланышты уюштуруп туруу керек. Эгерде комиссиялар менен байланыш так уюштурулса, жаңжалдуу кырдаалдардан алыс болууга болот" [13, 21, 115].

№7-эреже, "УШКга тиешеси болбогон жарандардын болуусуна жол берилбеши керек. Жергиликтүү администрациянын өкүлдөрү, министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери, башкача атйканда мамлекеттик органдардын кызматкерлери участокто өзүнүн конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн гана келүүгө укуктуу. Укугун ишке ашыруу замат участоктон кетүүсү талап. Ички иштер кызматкерин комиссиянын төрагасы же катчысы тартипке салуу үчүн чакырышы мүмкүн, бирок маселе чечилген соң дароо чыгышы керек" [13, 21, 115].

"АШКдан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын (УШК) мүчөсүнүн иши өтө маанилүү жана жооптуу. УШК мүчөлөрү түз шайлоочулар менен тыгыз иш алып барышат жана алардын ишмердиги шарттуу түрдө 5 баскычка бөлүнүп каралган, АШКга караганда 2 баскычка көбүрөөк жана иши татаалырак деп айтсак да болот" [13, 21, 116]:

1-баскыч, добуш берүү күнүнө чейин;

2-баскыч, добуш берүү күнүн таңкы саат 8ге чейин;

3-баскыч, добуш берүү күнү саат 8.00 ден 20.00ге чейин;

4-баскыч, добуштарды саноо;

5-баскыч, добуш берүү күнүнөн кийин.

"УШКнын мүчөсү өз милдеттерин ийгиликтүү аткарууда мыйзам ченеминде кадамдарды жасап жана атайын түзүлгөн эрежелерди аткаруулары

зарыл. УШКнын алтын эрежелери АШКнын алтын эрежелерине окшоштугу көп” [115, 116].

№1-эреже, “шайлоо процесси боюнча суроолор пайда болгон учурда жогору турган АШК комиссиясына байланышка чыгуу зарыл” [13, 21, 116].

№2-эреже, “бардык чечимдерди добуш берүү аркылуу коллегиалдуу кабыл алуу мыйзамдын талабы. Эгерде комиссия тигил же бул чечимди кабыл ала турган болсо, сөзсүз УШКнын жыйналышын өткөрүүсү керек. Жыйналыш ыйгарым укуктуу болуш учун комиссиянын мүчөлөрүнүн белгиленген санынан көпчүлүгү катышышы керек” [13, 21, 116].

№3-эреже, “чаташып калбоо үчүн текшерүү барактарын пайдалануу сунушталат. УШКнын иш аракетинин татаал жол жобосу менен иштөө үчүн текшерүү барактарынын системасы болот” [13, 21, 116].

№4-эреже, “УШКда байкоочулар үчүн шарт түзүү талап кылынат” [13, 21, 116].

№5-эреже, “протоколдорду толтурууга өтө кылдат мамиле кылуу керек. Протоколдордогу катачылыктар добуштарды саноо процессин өтө узартып жиберүүдөн башка (контролдук катнаштар шайкеш келбесе, бюллетендерди кайра саноого туура келет), участоктогу добуш берүүнүн жыйынтыктарына күмөндүк туудурушу мүмкүн” [13, 21, 116].

№6-эреже, “шайлоочулардын участок боюнча өтүшүн алардын жолу идентификациялоодон тартып бюллетендерди алып добуш берип участоктон чыгышына чейин кезигишпегендей кылып уюштуруу зарыл” [13, 21, 116].

№7-эреже, “бөтөн адамдардын участокто болушуна жол бербөө керек” [13, 21, 116].

Шайлоо комиссияларынын алып барган ишинин татаалдыгын, жоопкерчилигин тиешелүү мыйзамдардан, нускамалардан алынып, талданган соң, илимий иштин “Бирдиктүү шайлоо системасынын түзүлүшү, жалпы мүнөздөмөсү” аттуу бөлүмүндөгү экинчи сунушту “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 23-беренесинин 14-пунктуна:

*Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%- 70%- 90%- жогору болгон учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын”* [13] деп киргизүүсү сунушталат. Берилген сунуштун максаты шайлоо системасындагы шайлоочунун шайлоого катышуу санынын көрсөткүчү төмөн болгондугуна карата киргизилди. Албетте, белгиленген көйгөйдү бир гана комиссия мүчөлөрүнө жүктөө эмес, жөн гана көйгөйдү чечүү жолдорунун бири катары кароого сунушталат, себеби УШК мүчөлөрү алдыдагы шайлоолор жөнүндө шайлоочуларды өз убагында кабарлоонун маанилүүлүгүн шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн негизги милдеттеринин бири катары жоопкерчиликтүү болуусун коштоп, ошондой эле алардын шайлоочуларды шайлоо процессине катышууга ынандыруудагы ролу, айрыкча саясий ишенимдеринен же жеке ой жүгүртүүсүнөн улам катышуудан баш тарткандарга сөздөрү өтүгө мүмкүн, себеби алардын эч бир талапкерди жактабагандыгы шайлоочуну ишендире алат. “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 23-беренесинин 14-пунктуна” [13] киргизүү сунушталган норма шайлоо процессине шайлоочулардын активдүү катышуусун жогорулатуу боюнча аракеттери үчүн мүчөлөрүн сыйлоо аркылуу комиссиянын ишинин натыйжалуугун өстүрүүгө болот деп ишендиребиз. Мисалы: “шайлоо участактарга көбүрөөк шайлоочуларды катышуусунун белгилүү бир пайызына жетүүдө; шайлоо процессин натыйжалуу уюштуруучулук жол менен башкаргандыгы үчүн, анын ичинде шайлоочуларга өз убагында эскертүү бергендиги жана шайлоо участокторуна тоскоолдуксуз кирүүнү камсыз кылгандыгы үчүн; шайлоо участокторунда шайлоочулардын катышуусунун жогорку деңгээли, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктарын так жана өз убагында чыгаруу үчүн атайын кошумча дем берүүчү төлөмдөр берилүүсү каралгандыгы шайлоо процессиндеги кээ бир көйгөйлөрдү жою боюнча механизм катары колдонууга алынса болот” [13].

## 2.3. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдери [6, 7, 158, 159, 160].

Коюлган теманын алкагында шайлоонун жыйынтыгы бурмаланды деп жокко чыгарылган “БШКнын токтомдоруна” [66], кылдаттык талдоо жүргүзүлдү. “2010-жылдан баштап 2024-жылдын 30-июнь айына чейин өтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын шайлоосу жана ошондой эле депутаттардын мөөнөтүнөн мурда кеткендигине байланыштуу кайра шайлоолорду анализдеп салыштырмалуу иретте шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча каралып берилди” [5, 6, 7]. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын тарыхында бийлик алмашуулар, мамлекеттик төңкөрүштөр дээрлик шайлоо системасы менен тыгыз байланышта болуп келген десек жаңылышпайбыз (2005, 2010, 2020). Ал эми “2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодо добуш сатып алуу боюнча мыйзамсыз иштерге нааразы болгондордун арызы чектелип, арыздар каралбай жаткандыктан борбор калаада шайлоонунун жыйынтыгына каршылык көрсөтүп чыккан шайлоочулардын митинги тополоңго айланып, дагы бир ирет бийликтин алмашуусуна алып келди” [66]. Үчүнчү ирет алмашылган бийлик шайлоонун ыплас иштерине бөгөт коюга аракет көрүп, акыркы бир нече шайлоолордун жыйынтыктары жокко чыгарылды, ушундан улам бул бөлүмдүн изилдөө ишинде 2020-жылдан кийинки шайлоо процесстери анализделип, шайлоо системасындагы юридикалык жоопкерчиликке тартуу процессиндеги өзгөрүүлөр белгиленди.

“Юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизми мыйзамдуулукту сактоодо жана конституциялык принциптердин сакталышын камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт, себеби юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизми талаптагыдай иштебесе, бул конституциялык-укуктук негиздердин олуттуу бузулушуна алып келиши мүмкүн. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери натыйжалуу иштеши үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу иштеши зарыл, жоопкерчиликке тартуу

жол менен гана мыйзамдуулукту, акыйкаттыкты жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга болот. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдерин толук кандуу ишке ашырууда БШК, АШК, УШК, ИИО, Прокуратура, Сот системасынын бирдиктүү иш алып баруусу аркылуу гана ишке ашырылат, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү канчалык деңгээлде мыйзам ченеминде иш алып барышкан күндө да, мыйзамдуу иш аракеттерге күнөм санагандар болот, анын негизинде арыздар катталат жана ар бири боюнча чечим чыгарылышы мыйзамдын талабына ишке ашырылат. Ушуга байланыштуу добуш берүү күнү укук коргоо органдары жана сот системасы үчүн иш күн болуп эсептелет" [158, 2-б.] деп усулдук сунуштамада берилген.

"Шайлоо жоопкерчилиги деген түшүнүк акыркы жылдары актуалдуу темага айланууда жана шайлоо системасына караштуу мыйзамдар бузулган учурда күчүнө кирет. Укук бузууларынын субъектилери деп мыйзам ченеминде төмөнкүлөр белгиленген: шайлоочулар; талапкерлер; саясий партиялар; байкоочулар; жалпыга маалымдоо каражаттары; шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү. Шайлоо талаштары – шайлоону дайындоодо, даярдоодо, өткөрүүдө жана анын жыйынтыктарын белгилөөдө шайлоо мыйзамдарын колдонуу боюнча пайда болуучу талаштар. Шайлоо процесстери тууралуу конституциялык мыйзамдарды бузууга аракет жасагандарды мыйзам ченеминде укук коргоо органдары шайлоо комиссиялары аркылуу каралып жоопко тартуу тууралуу сот аркылуу чечим чыгарылат" [158, 3-б.].

"Ички иштер органдары (мындан ары ИИО) – мыйзамдарга ылайык административдик же жазык жоопкерчилиги каралган коомдук тартиптин бузгандыгына тиешелүү арыздарды, ошондой эле шайлоо процессине катышуучуларынын аракеттерине болгон арыздарды кароо боюнча иштерди жүргүзөт. Ички иштер органдарынын кызматкерлери шайлоо процесине кийлигишүүгө укуксуз, бирок шайлоону даярдоо жана өткөрүү ар түрдүү

конфликттик кырдаалдардын келип чыгуусу, саясий партиялардын, талапкерлердин, алардын тарапташтарынын кагылышуулары менен коштолот” [158, 3-б.].

“Жалпысынан алганда, шайлоолорду өткөрүүдөгү милиция органдарынын ишмердүүлүгү жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуусунан көп нерсе көз каранды. ИИОнун иши өтө маанилүү жана жооптуу, ушундан улам ИИОнун кызматкери өзүнүн милдеттерин аткарууда пайдалуу бир нече тизмектерди эстен чыгарбоо зарыл, алар «алтын эрежелер». Мындай эрежелер АШК менен УШКнын мүчөлөрүндө да кездешет жана алар жогоруда белгиленип кетти. Алтын эреже ар бир мамлекет кызматкеринин шайлоо процессин так, мыйзам ченеминде аткаруусунда өзүн-өзү контролдоп турууга көмөктөшөт” [160, 2-б.].

“Шайлоо мыйзамдарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүп, аткаруу органдарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, алардын кызмат адамдарын мыйзамдагы талаптарды ишке ашыруу үчүн контролго алып, ошондой эле алардын аракеттеринин үстүнө түшкөн арыздарды прокуратура органы карайт. Шайлоо процессине даярданууда, өткөрүүдө прокуратура органдары Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын жана башка ченемдик-укутук актылардын так аткарылышын камсыз кылышат. Ал эми шайлоо укуктарынын бузулушу арызданууучу тарабынан шайлоо комиссиясына жана сотко даттанылат. Шайлоо процессиндеги прокуратура органдарынын орду маанилүү, себеби алар шайлоо процессинин жүрүшүнүн баардык этабында мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча прокурордук ыйгарым-укуктарынын комплексин ишке ашырууга милдеттүү. Прокуратура органдары тарабынан жарандардын шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоо укуктарынын сакталышын эки багытта көзөмөлдөп ишке ашат: биринчи багытыт, бул жарандардын шайлоо укуктары менен эркиндиктеринин так сакталышына көзөмөл жүргүзүү; экинчи багыты, бул шайлоонун процессине даярдык көрүү, өткөрүү жана мыйзамдардын так аткарылышына көзөмөл жүргүзүү. Шайлоону даярдоодон

баштап өткөрүүдө кездешкен ар бир учурлар боючна маселелерди жөнгө салууга мыйзамдардын так аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнүн предмети катары төмөнкү критерийлер эсептелинет: аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоо, мыйзамдарынын так жана бир түрдүү аткарылышын көзөмөлдөө; чыгарылган укуктук актылардын мыйзамдарга ылайык келүүсү. Прокуратура органдары өздөрүнүн ыйгарым укуктарына тиешелүү арыздар менен даттанууларды гана карап, ал эми шайлоо комиссиялары менен сот органдарына тиешелүү тармактарга кийлигишүү болбойт" [133, 17-18-б.].

"Конституцияда каралган шайлоо процессинин негиздерин сактап калуу үчүн бир гана БШК, АШК, УШК эмес укук коргоо органдары жана прокуратура органы да комиссия мүчөлөрүнө көмөктөшүп, чогуу бир талапты аткаруу үчүн иш алып барышат, бирок тилекке каршы мыйзам ченеминде киргизилген олуттуу өзгөрүүлөргө карабастан шайлоо системасында мыйзам бузуулар дагы да орун алууда, Конституциянын принциптерин, шайлоонун негиздерин аткарууга кыйынчылыктарды жараткан бир нече факторлор бар" [6, 13, 133, 158, 159, 160]. "Шайлоодогу коррупциянын кыйла көп кездешкен латенттүү түрү болуп шайлоочуларды сатып алуу саналат. Добуш сатып алууга бөгөт коюу катары жеке айыптоо иштеринин категориясынан жеке-коомдук айыптоо кылмыштарынын категориясына мыйзам аркылуу жол бербөө механизимдерин иштеп чыгуу керектиги дагы да алдыда турат. Себеби, Кыргыз Республикасынын Жаза Кодексинде каралган добуштарды сатып алуу, шайлоону каржылоо тартибин бузуу, шайлоо же болбосо референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу деп мыйзам ченеминде мыйзам бузуулар боюнча 2020-жылы 4-октябрында болуп өткөн шайлоодон кийин түшкөн арыздар жазаларын алган эмес" [6, 7, 66]. "Акыркы шайлоо процесстин жүрүшүндөгү негизги укук бузулардын бири шайлоочулардын добуштарын сатып алуу деп аныкталды. Бул шайлоо процессиндеги эң опурталдуу укук бузуулардын бири, себеби шайлоочулардын айкын эрк-ниетин, толугу менен бурмалоого багытталган.

Шайлоо системасы, укук коргоо органдары, прокуратура жана сот органдары процессуалдык компетенцияларынын чектелишине карабастан сатып алуу фактыларына бөгөт коюу, бетин ачуу боюнча шайлоо процессинин ар бир катышуучусунун милдети болуп саналат” [6, 7, 66, 133, 158, 159, 160].

“Добуштарын сатып алуу боюнча мамлекеттик кызматкерлер, шайлоочулар жана талапкерлер менен саясий партиялар, ошондой эле алардын жакын туугандары, ишенимдүү адамдары, ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан акча каражаттарын таркатуу менен материалдык баалуулуктарды берүү же болбосо кызмат орунду же башка жеңилдиктерди алууга мүмкүнчүлүк берүү жолу менен сатып алуу болуп саналат - деп Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза Кодексинин 196-беренесинде каралган” [6]. Ошондой добуштарды эле сатып алуу катары төмөнкү аракеттерди эсептесе болот деп берилген:

- “финсалык каражаттарын берүү менен таркатууга;
- материалдык баалуулуктар менен белектерди берүү;
- арзандатылып сатууга коюлган товарларды жүргүзүү;
- акысыз товарларды жайылтуу (үгүт материалдарынан тышкары - партиянын символикасы, же талапкердин сүрөтү бар төш белги, футболка, кепкалар да кирет);
- арзандатылган шартта же болбосо акысыз кызматтарды көрсөтүү” [6].

Жалпы шайлоочулар Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы мыйзам бузу жолдору менен өтө тургандыгын байма-бай айтып келишет, социалдык баракчаларда жазып чыгышат, критикага алышат, бирок мыйзам ченеминде бузуулар туралуу түшкөн арыздар аз болот. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын жөнгө салуучу кодекстерди практика жүзүндө аткарылышына илимий иштин аклагында талодоо жүргүзүлүп автордун илимий макалаларында чагылдырылган. Мисалы, “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы көйгөй – шайлоочунун щайлоо маданияты” [32] атуу илимий макалада төмөндөгүдөй деп берилген: “2020-жылы 4-октябрда болгон шайлоодон кийин, мамлекетте баш аламандыктар

болуп, мамлекеттик төңкөрүш болду, ЖК депутаттарынын шайлоосунун жыйынтыгы жокко чыгарылып кийинки мөөнөттө каралган шайлоо да жылдырылды. Референдум менен Президенттик шайлоо 2021-жылдын 21-январында болуп өттү, ушул эле жылдын 11-апрелинде Референдум болду жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо менен мамлекет башкаруу формасын тандоо боюнча. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына түшкөн мыйзам бузуулар боюнча арыздарга чыккан чечимдер өзгөрүлдү, мыйзам бузуулар катталган участкаларда шайлоонуну жыйынтыгы жокко чыгарыла баштады. Берилген учурлар мисал катары шайлоо системасынын жакшы жакка өзгөрүүсүн баамдап көргөзүүнү туура көрдүк" [32, 194-б.]. "Кыргыз Республикасынын Президенти шайланып, өлкө башчысы ишке кирип, аткаруу бийлигин көзөмөлгө алган соң, шайлоо системасындагы мыйзам бузуулар тууралуу арыздардын саны көбөйдү жана аларга карата чечимдер өзгөрүлдү. Мисал катары шайлоо системасынын жүргүзүүдө башкы комиссия эч бир саясий партиянын кызыкчылыгын коргобостон Бишкек, Ош, Токмок шаарларында шайлоонун жыйынтыктары иликтенип, жокко чыгарылды" [157]. Албетте бул кайталана турган төңкөрүштөрдүн себептерин жоюу, алар менен күрөшүү деп танысак болот. Бирок ошол эле учурда илимий чөйрөдө ыңклаптардын келип чыгышына шайлоо системасы шылтоо гана болуп келген деген билдирүүлөр аз эмес. "Чыга турган сөз эле, чыгып кетти өзү эле" [96, 62-б.] деп шайлоо – үлпүлдөп күйүп турган отко май куйган сыяктуу эле шылтоого шыноо болуп берди деп К. Исаев белгилеген.

Учурда "Добуш сатып алуу" боюнча жоопкерчиликке тартылуусу тууралу тиешелүү мыйзамдар изденүүчү тарабынан талкууга алынып каралды. "Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде - шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу. Добушту сатып алуучулардын же алардын атынан чыккан жактардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн шайлоочунун (референдумдун

катышуучусунун) жеке өзү, же болбосо ортомчу аркылуу акчалай каражаттарды жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу - 10 эсептик көрсөткүч (1000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет. Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракеттерди жасаган адам, эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы тууралуу өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат” [7]. Эскертүү ыкмасы юридикалык жоопкерчиликке тартуу процессинде көп колдонулуучу ыктыярдуу өкүнүү жана кызматташуу принцибин чагылдырат. Жоопко тартыла турган шайлоочу белгилүү бир шарттарды аткарса, акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алуу фактысын өз ыктыяры менен билдирсе жеңилдетүүчү жагдай катары каралып кылмыш ишин ачуу боюнча жеңилдетүүлөргө алып келиши мүмкүн. Жалпысынан, эскертүүнү аткарган адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн болгон шарт, бул укуктук практикада колдонулуучу маанилүү аспект катары таанылат.

Изилдөөнүн негизинде «Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренеси» [7] – шайлоочулардын добуштарын сатууга тоскоолдук бере албагандыгы аныкталды, анын негизинде берененин жоопкерчилигин күчөттүрүү сунушталды. Себеби добуш сатып алуу коомго, инсанга жана мамлекеттин түптөлүп өнүгүшүнө олуттуу зыян келтирип жатат.

“Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдери аттуу бөлүмдүн милдети катары шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механимдерин изилдөө” [158] деп аныктап анын үстүндө иштөөдө төмөндөгү сунушка токтолдук – шайлоо процессиндеги шайлоочулардын “добушун сатып” [6] алуу шайлоо системасынын көйгөйлөрүнүн бири катары талданып, шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн “*Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3- бөлүгүн*

*төмөндөгүдөй норма менен толукоо сунушталат: Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу-100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат”* [6]. Добуштарды сатып алууну колдонгон талапкерлер коомдун саясий лидерлерге болгон ишенимин бузуп жатат. Алар шайлоочулардын жеке кызыкчылыктарына болгон ишенимин кыянаттык менен пайдаланып, демократия жана мыйзамдуулук принциптерин бузууда. Юридикалык жоопкерчиликке тартылуу боюнча усулдук нускамаларда төмөндөгүдөй чагылдырылган “сатып алуу – бул шайлоолордун жыйынтыгына таасир берүү максатында шайлоолорду өткөрүү мезгилинде шайлоочулардын добуштарын суммасына карабай акча каражаттарын төлөө же болбосо таратуу жолу менен баасына жана санына карабай материалдык баалулуктарды тапшыруу же кандайдыр бир кызмат ордун же башка убадаларды алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу деп таанылат” [158, 10-б.]. Белгиленген теманын алкагында шайлоонун жыйынтыгы бурмаланды деп жокко чыгарылган чечимдер боюнча талдоо жүргүзүлүп, аныкталып, негиздүү сунуштар киргизилди.

Албетте “Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинде” [7] каралган беренени “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексине” [6] которгон учурда деле жыйынтык жакшы болот деп айтуу кыйын, анын бир нече себептерин төмөндө кененирээк талдап аныктап берүүгө аракет көрүлдү. Эгерде добуш сатуу үчүн жаза каралып, бирок аларды тиешелүү органдар ишке ашырбаса бул берене этибарга алынбашы мүмкүн, башкача айтканда добуш сатып алгандар менен саткандарга тиешелүү мыйзам ченеминде чара көрүлүүсү маанилүү. Ошондой эле шайлоочу добушун 5000 (беш миң) сомго сатып жатат, ал эми “Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 63-беренесинде” [7] айып пул 1000 (бир миң) сом деп каралганы берененин натыйжалуулугун

жокко чыгарып жатат. Укук бузуучу юридикалык жоопкерчиликтен кооптонуп туруусу маанилүү. Добуш сатуу беренесинин иш жүзүндө аткарылышына жетүү үчүн шайлоо процессинде укук бузуучуларды жоопкерчиликке тартып, беренени активдүү колдонууга алынуусу маанилүү ролду ойнойт. Жоопкерчиликке тартуу практика жүзүндө коомдун азыркы чакырыктарына жана реалдуулугуна шайкеш келиши керек. Анткени, берене иш жүзүндө алсыз болуп турса, учурдагы коомдун талаптарына жооп бере албаса, бул анын натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн. Ошондуктан өзгөртүүнүн бирден бир максаты жоопкерчиликти күчөтүү болду, экинчиден жоопкерчиликке тарттуу механизимдин үстүндө иштеп, изилдөөнүн негизинде талдоо жүргүзүп эффективдүү механизимдерди сунуштоо учурдун талабы деп аныкталды.

Илимий изилдөөнүн алкагында изденүүчү тарабынан жазылган илимий макаласында “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын 2023-жылдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӊешинин депутаты кайра шайлоосундагы “Добуш сатып алуу” боюнча айып тастыкталып шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылганы талданды, бирок ошол эле учурда шайлоо процессинде добушун саткан шайлоочун жоопко тартылуусу боюнча маалыматтар тастыкталган жок, же болбосо маалымат коомчулукта талкууга алынган эместиги анык, бул да болсо мыйзамды өркүндөтүүгө терс таасирин тийгизет деп аныктайбыз” [31, 367-375-б.] деп талдоонун негизинде аныктап берген.

“2015-жылдан баштап 2024-жылы 28-апрелине чейин өтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӊешинин депутатынын шайлоосу жана ошондой эле депутаттардын мөөнөтүүнөн мурда кеткендигине байланыштуу кайра шайлоолорун анализдеп салыштырмалуу иретте шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар каралды” [66].

“2020-жылдын 4-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӊешинин шайлоосунун жыйынтыгы жокко чыгарылган. Негиз катары шайлоочулардын добуш сатып алуусу болгон” [66].

2023-жылдын 28-майында № 26 Ленин бир мандаттуу округунун жыйынтыгы добуш сатып алуу боюнча айып менен шайлоонун добушун жокко чыгаруу боюнча экинчи чечим болду. Эскерте кетсек, "2023-жылдын 27-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Жаныбек Абировдун арызынын негизинде ыйгарым депутаттык укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулду жана КРнын Президенти Садыр Жапаров №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө Жарлыкка кол койду. "КРнын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун" [1], "КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59, 65-беренелерин" [5] жетекчиликке алып, токтом кабыл алынып шайлоо 2023-жылдын 28-майына дайындалып өткөрүлдү. Бирок тилеке каршы бул шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылды" [31. 370-б.].

"Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинде" [6]:

1. "Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу" - деп төмөндөгүдөй норма каралган, анын негизинде акыркы шайлоолордун добуштары жокко чыгарылууда" [6]. "Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, ошого тете эл алдында аларга убада берүү, - 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө (50 000ден 100 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат" [6].

2. "Кыргыз Республикасынын Президенттигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына, мамлекеттик бийликтин шайлануучу башка органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкер, ошого тете талапкердин жубайы, жакын туугандары жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан жасалган ошол эле жосун, -1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө

чейин (100 000ден 200 000 сомго чейин) айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат” [6] деп берилген.

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы реформанын негизинде санариптешүүгө, автоматташтырууга жетип, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого бөгөт коюлуп жатса да шайлоо процесстеринде абийирсиз талапкерлер саясий максаттарына жетүү үчүн “добуш сатып алууну” [6], активдүү колдонуп саясий туруксуздукка алып келүү коркунучун жаратууда. Шайлоочуларды сатып алуу демократиялык институттарга болгон ишенимди бузуп, шайлоонун принциптеринин олуттуу бузулушуна алып келүүдө. “БШКга шайлоо процессин мыйзам ченеминде ишке ашыруу үчүн атайын статусу бар бийлик органына кирген – прокуратура органы, сот бийлиги, ички иштер органдары биргеликте кызматташып, ошондой эле шайлоо процессинде тынчтыкты, коопсуздукту камсыздап, талаш-тартышты мыйзамдуу чечип берүүгө сот системасы менен бирдиктүү иш шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого туруштук берип, коррупциялык таасирлерден коргоого аткаруу бийликтин бирдиктүү иш алып барып бааруусун далилденип, жыйынтыгы акыркы кайра шайлоордо байкалууда, ошондой эле талапкерлердин добуштарды сатып алгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу шайлоо системасындагы ачык-айкындуулукту жана демократиялык принциптерди сактоо үчүн зарыл кадам болуп саналат” [13, 133, 159]. “Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу беренеси менен кармалган талапкерлерге карата жоопкерчилик чаралары ишке ашып, шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылган № 26 Ленин бир мандаттуу округун мисал катары илимий иште талданды” [172]. Ошондой эле изеднүүчү БШКнын расмий маалыматына ылайык №26 округ боюнча талдоо жүргүзүп жыйынтыгын илимий макаласында төмөндөгүдөй деп берген “51 шайлоо участогу ачылып, 124 908 шайлоочу тизмеге киргизилген, анын ичинен шайлоого 17 423 шайлоочу катышкан. Ал эми талапкер катары 29 жаран каттоодон өтүп, “Баарына каршы” талапкер менен 30 талапкер бюлетенге киргизилген. Шайлоо бүткөн соң байкоочулар автоматтык эсептөө урнанын

протоколун колго алышты, ал эми жарандар БШКнын расмий сайтынан, мамлекеттик каналда көргөзүлгөн түз отурумдан жыйынтык менен таанышышты" [31, 370-б.]. Изденүүчү ушул эле макаласында добуш сатып алуу тастыкталгандыгы боюнча төмөндөгүдөй чагылдырылган "2023-жылдын 29-майында №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КРнын ЖКнин депутаттыгына талапкер Н.Д. шайлоочулардын добуштарын сатып алууга шектелип жаткандыгы тууралуу БШКга билдирүүлөр түшүп, берилген маалыматта талапкердин бирөө менен сүйлөшүп жаткан аудио жазуусунда үгүт иштерин жүргүзүү учурунда жарандарга 1500 сомдон төлөп берүү боюнча иштөө схемаларын талкуулап жатканын угууга болот. 2023-жылдын 31-майында Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КРнын ЖКнин депутаттыгына талапкер **С.У.** боюнча да бир катар бузуулар катталып, талапкерге карата кылмыш иши козголуп, мыйзам бузуулар төмөндөгүдөй деп берилип каралган: жыргалчылыкты түзөм деп убада берүү менен аны ачык жарыя кылуу аркылуу шайлоочулардын добуштарын сатып алуу; муниципалдык кызматчыны жана аймактык коомдук башкаруунун кызматкерин үгүт жүргүзүүгө тартуу менен административдик ресурстарды кыянатчылык менен пайдалануу; өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5% ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдалануу; добуш берген күнү шайлоо участкасына шайлоочуларды ташып келүү" [31. 371-б.].

БШК мүчөлөрү "КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутатын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн" [5] талаптарына таянып, "Бишкек шаарынын ИИББнен келип түшкөн материалдарынын негизинде шайлоочулардын добуштарын сатып алды деп талапкер Н.Днын катоосун 2023-жылдын 5-июнунда жокко чыгарып, добуш берүүнүн жыйынтыктарын анык эмес деп таанышты. Экинчи талапкер талапкер С.У. шайлоо фондунун жүргүзүү эрежелерин бузган деп далилдешип добуштун жыйынтыгы жокко чыгарылды. Мыйзамга ылайык

шайлоонуну жыйынтыгы анык эмес деп таанылган сан добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 3/1 ашыгын камтысак шайлоонун жыйынтыгы анык эмес деп таанылат. №26 округунда 51 шайлоо участкалары ачылып шайлоо тизмесине кирген шайлоочунун саны - 17 425 түзгөн, анын ичинен добушу жокко чыгарлыган талапкер Н.Днын добушу – 6249, С.Унун добушу – 2070 болуп мыйзамда көрсөтүлгөн көрсөткүчтүн чегинен ашкан. Мыйзам ченеминде, шайлоо анык эмес деп таанылган учурда, бир айдын ичинде БШК кайрадан шайлоону дайындайт, ал эки айлык мөөнөттө өткөрүүсү шарт деп каралган. АСУдан чыккан протоколдор менен УШКнын мүчөлөрү кол менен эсептеген протоколдордун жыйынтыктарын салыштырууда ортодогу айырмачылык минималдуу деп чыкты, минималдуу айырмачылык техникалык мүчүлүштөргө байланыштуу деп белгиленди. Мисал катары биринчи 5 тизмедеги талапкердин алган добуштарынын АСУ жана кол менен эсептөөнүн жыйынтыгын салыштырмалуу талдоосун сунуштайбыз” [172]. Мисалы: “1.1.Т.сүрөтү”

“БШК мүчөлөрү шайлоонун натыйжаларын анык эмес деп таануу үчүн негиз болгон аракеттер үчүн материалдык жоопкерчиликти караган мыйзам сунуштарын иштеп чыгуу жөнүндө БШКнын көзөмөлдөө-текшерүү тобунун жетекчиси И.Т. Гайпкуловдун сунушун жактырышты. Мыйзамдарга түзөтүүлөрдүн тийиштүү долбоору андан ары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылуу үчүн шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топто талкууланмакчы” [31. 372-б.].

Талапкерлердин кызыкчылыктары бири бири менен төп келбей, чыр чатактардын пайда болуп туруусу шайлоо процессинин практикасында кездешпей, тынч өтүлүүсү бир да шайлоо процессинде болгон эмес. Ошондуктан, жалпы укук коргоо органдарынын кызматкерлери шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү менен байланышкан укук бузуулар боюнча чогултулган материалдарды өз убагында мыйзамдуу карап, туура чечим кабыл алуусу шайлоо системасында маанилүү ролду ойнойт. Туура, өз убагында кабыл алынган чечимдер жарандардын жалпы маанайына таасир

берип, мамлекеттеги бийлик органдарына ишенимин көтөрөт. Ал эми мыйзамдуу укуктары сакталарына ишеним пайда болгон учурда, мыйзам бузуулар боюнча арыздардын саны өсөт, жарандуулук позициясын карманган жарандар көбөйөт. Албетте, бул Кыргыз Республикасынын шайлоо процессинин таза, мыйзам ченеминде өтүшүнүн бирден бир жолдору болуп эсептелет. Ошондой эле шайлоо процессин мыйзам ченеминде ишке ашыруу үчүн – "БШК, АШК, УШК, прокуратура, сот бийлиги жана ички иштер органдары" [5, 6, 7, 13] биргеликте кызматташып, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого туруштук берип бирдиктүү иш алып бааруусу шайлоо процессинде маанилүү. Ал эми "Добуш сатып алуу" [6, 7] боюнча жоопкерчиликке тартылуусу шайлоо системасындагы ачык-айкындуулукту демократиялык принциптерди сактоодо негиздүү талап болуп саналат.

Бүгүнкү бийлик коомчулуктун талаптарын эске алуу менен "2021-жылы 5-майда кабыл алынган Конституциясында шайлоо системага орчундуу өзгөчөлүктөрдү киргизип, Жогорку Кеңештин 7-чакырылышынын депутаттарын бирдиктүү жана бир мандаттуу шайлоо округу деп 54 жана 36 мандат деп шайлоо системасынын эки түрү менен шайлоо өткөрдү" [1]. Саясий лидер партиядан орун сатып алуу аркылуу, ал эми партия шайлоочулардын добушун сатып алуу аркылуу мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлү боло электе эле мыйзамды бузуп жаткандыгы өкүндүрүп, пропорционалдык-преференциалдык системанын киргизилишин сунуштап, кабыл алынды.

"Эгемендүү, демократиялык нукта өнүгүүнү туу туткан мамлекеттерде Конституция жоболордун булагы болуп, анда каралган принциптер, негиздер аткарылышы керек. Мамлекеттин бүт субъектилери Конституцияны туу тутуп, ал эми тиешелүү органдар конституциялык негиздердин аткарылышына шарт түзүүсү керек. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери юриспруденция, саясат, тарых илимдеринин актуалдуу темасы болуп келет, себеби мамлекеттик төңкөрүш шайлоо процесстерине болгон наразычылыктардан улам ишке ашып жатат. 2005-жылдын 24-март

айында болгон мамлекеттик төңкөрүш шайлоонун жыйынтыгы бурмалангандыгынан келип чыкан, ал эми 2010-жылдын 7-апрелинде болгон мамлекеттик төңкөрүш 2007-жылдагы Праламенттик шайлоо, 2009-жылдын Президенттик шайлоо процесстерине ишенбестик көрсөтүүдөн башталып, тилекке каршы жыйынтык мамлекеттик төңкөрүш менен аяктады. 2020-жылдын 4-октябрында болгон бийлик алмашуусу ЖКнин депутаттарын шайлоо күнү аяктаган соң башталып бир-эки күндүн ичинде мамлекеттик төңкөрүш болду. Мамлекетибиздеги саясий туруксуздук, нааразычылык митингтери жалаң шайлоо системасындагы Конституциянын негиздери сакталбай келгенден чыгып келгени маалым. Бүгүнкү бийлик тарых барактарына баа берип, турукталып калган адатты өзгөртүүгө кадам таштагансыйт” [40]. Себеби “2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн шайлоодо Бишкек, Ош, Токмок шаарларынын жыйынтыгы жокко чыгарылып кайра шайлоо өткөрүлгөндүгү, мыйзам бузуулар аныкталып, жоопко тартылгандыгы, 2021-жылдын 28-ноябрь айында болгон парламенттик шайлоодо административдик ресурсту колдонууга жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров мамлекеттик кызматкерлерди шайлоо процессинен алыс болууга катуу талап койгондугу, анын негизинде бир да мектеп мугалими, муниципалдык кызматкерлер шайлоо иши менен алек болушкан жок, шайлоого кийлигишүү максаттарын көздөгөндөргө дароо чара көрүлүп, жумуштан чектетилип жатты” [32, 194-б.]. КРнын Президентинин шайлоо системасы боюнча аткарган кадамдары резонанс жаратты.

Бирок, шайлоо системасын реформалоо аркылуу заманбап технологиялар колдонууга киргизилсе да шайлоонун жыйынтыгын кызыктар тараптар бурмалоого жол табып жатканы өкүндүрөт. Бул учурда эң эле өкүнүчтүүсү шайлоонун жыйынтыгын бурмалоодо шайлоочунун жеке катышуусу деп аныкталды, себеби шайлоочулар өлкөнүн кызыкчылыгынан өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору коюп, шайлоодон аз да болсо пайда көрүп калуу аракети коомчулукта жайылды. Шайлоо мыйзамдары өзгөрүлүп,

алдыңкы жетишкендиктер менен толукталса да шайлоонун жыйынтыгы бурмаланбайт деп кепилдик берүү бүгүнкү күндө кыйын болуп турат.

“Изилдөө иштин алкагында КРнын шайлоо системасы талданып 2022-жылы чыккан изденүүчүнүн илимий макаласында төмөндөгүдөй сунуш берилген экен - Кыргыз Республикасынын алдында жаңы милдет турат – саясий маданиятты жана жарандык тарбияны жогорулатуу боюнча комплекстүү иш-чараларды көрүү. Бүгүнкү күндө эң терең көйгөйлөрдүн бири болуп төмнөдөгү көрүнүштөр саналат: шайлоочулардын добушун сатып алуу; шайлоочулардын шайлоого катышпоосу жана кошумча үчүнчү көрүнүштү белгилейм, бул бүгүнкү күндө шайлоочунун “Баарына каршы” добуш берүүсү” [32, 194-б]. "Баарына каршы" добуш берүү саясий системада бийликке белгилүү бир көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн болгон кызыктуу көрүнүш. Шайлоонун контекстинде, жарандар учурдагы талапкерлерге же партияларга наразычылыгын билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо, "баарына каршы" добуш берүү учурдагы саясий кырдаалга наразычылыктын жана наразычылыктын бир түрү болуп саналат. Эгерде шайлоочулардын олуттуу саны "баарына каршы" добуш берсе, бул саясий институттарга жана лидерлерге наразычылыктын жана ишенбөөчүлүктүн белгиси катары каралышы мүмкүн. Мындай көрүнүш мыйзамдуулук жана ишеним контекстинде бийлик үчүн көйгөйлөрдү жаратат, себеби калктын көпчүлүк бөлүгү "баарына каршы" добуш берсе, бул шайлоонун мыйзамдуулугу боюнча күнөм санатышы мүмкүн. Баарына каршы боюнча кыскача баа берсек,  көпчүлүк шайлоочунун мындай тандоосу саясий системасы реформалоого муктаж экендигинен кабар берип, бийликке олуттуу көйгөй жаратышы мүмкүн.

## Корутунду

2-бапта Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методолгиялык негиздерин, шайлоо системасынын түзүлүшүн жана шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык

жоопкерчиликке тартуу механизимдери изилденип, талдоонун негизинде сунуштар киргизилди.

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамына” [13] төмөндөгү сунуштар берилет:

1. *“3-беренесинин 1-бөлүгү шайлоо комиссияларынын ишинин принциптери жана негизги кепилдиктери 7-пункт менен белгиленген, дал ушул беренеге 8-пункт менен “натыйжалуулук” принцибин кошуп, аны өркүндөтүү сунушталат” [13],*
2. *“23-беренесине 14-бөлүгүн - аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%- 70%- 90%- жогору болгон учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын” [13]* деп кошуп киргизүү сунушталды.

Жогорудагы берилген сунуштар илимий изилдөө иштин алкагында талданып, бирдиктүү шайлоо комиссияларынын иш процессиндеги кездешкен көйгөйлөрдү жокко чыгаруу боюнча механизм катары негизделип сунуш киргизилди.

Илимий иштин экинчи бабынын, экинчи бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдери боюнча талдоо жүргүзүлдү. Юридикалык жоопкерчилик деген коомдо адилеттүүлүк менен мыйзамдуулукту орнотуу боюнча маанилүү курал деп белгилеп, жоопкерчиликке тартуу механизмдери иш жүзүндө колдонулушу талданды. Белгиленген бөлүмдүн алкагында “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 196-беренесинин 3-бөлүгүнө – *шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочунун добушун сатуусу 100- 500- эсептик көрсөткүчтөргө (10*

*000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазалансын*” [6] деп киргизүү сунушталды.

“Илимий изилдөөнүн негизинде олуттуу мыйзам бузуулардын бири катары “Добуш сатып алуу” деп тастыктап, аны талдоого алдык. Бул көрүнүштү токтотуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн, биз шайлоочулардын ролун талдадык да, иш жүзүндө добуш сатып алуу беренесинин негизги субъектиси катары бир гана талапкерге басым жасалганын аныктадык. Ошондо, добуш сатып алган талапкерлер жазаланып, ал эми добуштарын саткан шайлоочулар көмүскөдө калуусу аныкталды. Бул туура эмес көрүнүш, анткени, добуштарын акчага же башка пайдага саткан шайлоочулар да демократиялык принциптерди бузууга салым кошушат. Алар элдин эркин бурмалаган жана жалпы коомдун кызыкчылыктарын бузган иш-аракеттерге катышышат. Добушту сатуу, бул мыйзамды бузуу гана эмес, коомго жана мекенге каршы моралдык жосунсуз жорук” [6].

“Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу мамлекеттик масштабда олуттуу зыян алып келет, зыяндын бир нече негизги аспектилерин талдап көрсөттүк” [79, 118, 151]:

- “добуштарды сатып алуу шайлоонун жыйынтыгын гана эмес шайлоочулардын эрк-ниетин да бурмалайт. Бул элдин чыныгы кызыкчылыктарын билдирбеген адилетсиз жана легитимсиз бийлик органдарынын түзүлүшүнө алып келет” [79, 118, 151];
- “шайлоо процесстери эркиндик, чынчылдык жана ачыктык сыяктуу демократиялык принциптерге негизделиши керек. Добуштарды сатып алуу бул принциптерди жокко чыгарып, демократиянын негиздерин жана жарандардын системага болгон ишенимин буза” [79, 118, 151].
- “добуш сатып алуу көбүнчө коррупция жана мыйзам бузуу менен байланыштуу. Мындай ыкмаларды колдонгон талапкерлер, адатта, мыйзамдарды жана эрежелерди бузушат, бул укуктук мамлекетке жана анын институттарына болгон ишенимге доо кетирет” [79, 118, 151].

- “саясий зыяндан тышкары, добуштарды сатып алуу экономикалык жоготууларга алып келиши мүмкүн. Добуштарды сатып алуу аркылуу шайланган компетентсиз же коррупциялашкан чиновниктер өлкөнүн экономикасына терс таасирин тийгизген чечимдерди, анын ичинде ресурстарды жана инвестицияларды туура эмес бөлүштүрүүнү кабыл алышы мүмкүн” [79, 118, 151].
- “добуштарды сатып алуудан келип чыккан адилетсиз шайлоо өлкөнүн социалдык абалынын начарлашына алып келиши мүмкүн. Мындай шайлоонун натыйжасы шайлоочулардын нааразычылыгын күчөтүп, Өкмөткө болгон ишенимдин төмөндөтүп жана социалдык чыр-чатактардын күчөшүнө алып келүүсү мүмкүн” [79, 118, 151].

“Жогорудагы өнүттөрдү эске алуу менен добуштарды сатып алуу мамлекеттин туруктуулугуна жана өнүгүүсүнө олуттуу коркунуч туудурат, ал эми бул көрүнүш менен күрөшүү демократияны жана укуктук тартипти сактоо үчүн артыкчылыктуу милдет болуп саналат деп илимий изилдөө иштин алкагында аныктадык” [66]. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы добуштарды сатып алуу жана башка мыйзам бузууларга каршы күрөштү күчөтүү жолдорун талкуулоо шайлоо системасындагы актуалдуу маселе. Себеби, адилеттүү жана ачык шайлоо, бул демократиянын жана коомубуздун өнүгүшүнүн кепилдиги болот.

“2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн КРнын ЖКнин депутаттарынын шайлоо процессин, ошондой эле алардын мөөнөтүнөн мурда бошотулгандыгына байланыштуу бир мандаттуу округ боюнча болуп өткөн шайлоолор” [5, 17], “2022-жылдын 27-февралында № 27 Биринчи май жана №29 Свердлов округунда өтүлгөн кайра шайлоо” [63], “2023-жылдын 28-майында депуаттын мөөнөтүнөн мурда мандатын тапшырганды үчүн №26 Ленин округундагы кайра шайлоо жана анын жыйынтыгы жокко чыгарылып ушул эле жылдын 10-сентябрында өтүлгөн кайра шайлоо” [63], “2024-жылдын 28-апрелинде депуаттын мөөнөтүнөн мурда мандатын тапшырганды үчүн № 2 Баткен, №7 Ош, № 9 Кара-Суу окуруглтарында өтүлгөн шайлоонун

жыйынтыктары" [64], "2024-жылдын 30-июнда депуаттын мөөнөтүнөн мурда мандатын тапшырганды үчүн № 5 Ноокат, №29 Свердлов, № 36 Ысык-Көл округтарында өтүлгөн шайлоонун жыйынтыктары" [65] талданып анын негизинде көйгөйлөр белгиленип, изилдөө ишине коюлган максаттар ишке ашты.

Белгиленген бапта илимий иште коюлган миледеттердин алкагында талдоолор иштелип чыгып шайлоо системасына тиешелүү "мыйзамдарга" [1, 5, 13, 6, 7] толуктоолор, өзгөртүүлөр сунушталды. Берилген сунуштар шайлоо системасындагы көйгөйлөрдү чечүүгө жол ачып, шайлоо процесси таза, ачык айкын уюштурулуп, шайлоонун жыйынтыгынун бурмалоосу толктолот деп ишенебиз.

# БАП 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН АЛКАГЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН РЕФОРМАНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## 3.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутат-тарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр

“2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумдун негизинде КРнын шайлоо системасына өзгөрүүлөр киргизилип КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону дайындоо 59-беренесинде” [5] мындай деп каралган *“1. Жогорку Кеңештин депутаттары 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Жогорку Кеңештин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум боюнча шайланат. Жогорку Кеңештин 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык тутум боюнча шайланат. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык: пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга; мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга”* [5]. Ушул эле мыйзамдын *“65-беренесинин 6- бөлүгүндө - бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тийиштүү шайлоо округдарына кеткендердин ордуна Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө өткөрүлөт. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке шайланган мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл же болбосо бир жылдан аз калганда чыгып кеткен* учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт” [5] деп берилген.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тархын талдап, жүргүзүлгөн реформалардын максатын, шайлоонунун жыйынтыктарына илимий изилдөө жүргүзүп КРнын ЖКнин депутатын шайлоо процессинен кийин келип чыккан көйгөйлөрдүн түрлөрүн эки этапка бөлүп карадык:

*1-этап. “Эгемендүүлүк алган күндөн баштап шайлоо системасына АСУ менен биометрикалык паспорт аркылуу шайлоочунун тизмеси киргизилгенге чейин (1991-2015)”* [66]. Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо боюнча механизимдерине төмөндөгү көрүнүштөр киргизилди:

- бир эле шайлоочунун бир нече жолу шайлого катышуусу (карусель);
- ашык бюллетендерди бир талапкер үчүн белгилеп урнага таштоо (мертвые души);
- УШК мүчөлөрү бюллетендерди урнага топ менен таштоо (сброс бюллетней);
- административдик ресурс колдонуу.

*2-этап. “КРнын шайлоо системасына санариптешүү, автоматташтыруу технологиясы толук кандуу өнүктүрүлүп ишке киргизилүүсүнөн кийинки учур (2015-бүгүнкү күнгө чейин)”* [32, 193-199-б., 34, 78-82-б.]. Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоосу боюнча механизимдерге өзгөрүү кирген:

- “добуш сатып алуу, сатуу. Шайлоочулардын добушуу баалу болуп ар бир добуштун баасы 2000 сомдон 5000 сомго чеийн көтөрүлдү” [32, 194-б., 34, 80-б.];
- БШКнын форма №2 иш кагазынын түп максаты жокко чыгарылып, добуш сатып алуу механизиминде колдонулду;
- административдик ресурс, мамлекеттик мекемелердин жеткечилери тарабынан кол алдындагы кызматкерлерине тиги же бул талапкерди шайлоосуна буйрук берүү жана мекеме алдындагы шайлоо участкаларына талап кою күчкө кирди;

- “2020-жылдан бүгүнкү күнгө чейин шайлоого катышпай коюу менен баарына каршы добуш берүү күч алды” [32, 194-б.].

“КРнын шайлоо системасында жүргүзүлгөн реформалардын жыйынтыгын чыгара турган болсок, аткарылган реформалар канааттандырарлык өзгөрүүлөрдү берди, жакшы жыйынтыктарга жетти, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо механимиздеринин көптөгөн түрүнүн алдын алып, жокко чыгарылды. Бирок ошол эле учурда реформанын иш алкагында техникалык өзгөртүүгө басым жасалып, жалпы шайлоо системасын камтый турган идеология эске алынган эмес, жыйынтыгында бүгүнкү шайлоочу шайлоо укугун туу тутуунун ордуна аны сатууга өтүп кетти” [31, 368-370.].

“Мамлекет баш-аламандыктарды, та таал социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдү башынан бир нече ирет өткөрдү. Мисалы алып карасак: Аксы окуясы – март 2002-ж.; жоогазын революциясы – 24-март 2005-ж.; элдик апрель революциясы – 7-апрель 2010 ж.; парламенттик шайлоодон кийинки чыккан жаңжал – 4-октябрь 2020 ж.. Эркиндикти туу туткан эл катары мамлекетибиз демократиялык прин циптер менен түптөлүп келет, бирок демократиялык принциптер мамлекеттин түптөлүшү менен чогуу калыптанып келсе дагы демократиялык салттар түптөлө элек десек жаңылышпайбыз” [33, 188-б.] деп изденүүчү илимий макаласында белгилеп кеткен. “Кандай гана калк болбосун тиешелүү саясий маданияты болбой туруп, ал коомдо демкоратиялык түзүлүштүн орношу жана анын натыйжалуу өнүгүшү мүмкүн эмес” [51. б-3.] деп М.Т. Артыкбаев Саясат таануу илими аттуу китебинде белгилеп кеткен.

“Жыйынтыктап айтканда, шайлоо системасына инновациялык технологияларды киргизүү маанилүү. Ошол эле учурда улуттук стратегияга шайлоочунун маданиятын калыптоочу идеологиялык ишти киргизүү да маанилүү. Кыргыз Республикасынын Шайлоо комиссиясынын Борбору шайлоочунун маданияты тууралуу иш-чараны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Маданият,

маалымат, спорт саясаты жана министрлиги жаштар менен бирдикте жүргүзүүсү керек. Анткени, жарандын калыптанышы, түптөлүшү жаштайынан башталат. Андыктан окуу программасы, жаштар менен ар кандай таалим-тарбия иш-чаралары, ошондой эле массалык маалымат каражаттары аркылуу бирдиктүү иш алып баруусу зарыл. Ар бир жүргүзүлгөн реформанын иш-чараларында каталар орун алат жана жыйынтыктар ар дайым эле жакшы болуп чыга бербейт. Маани бербеген жактан терс көрүнүштөр чыга келет. Ошондой эле реформанын натыйжасы заматта эмес, узак мөөнөттүү болот. Бүгүнкү күнү бийлик жарандардын аң-сезимине реформа жасашы керек. Ошондо гана демократиялык шайлоо болот, ошондо гана эл өз тандоосун жасайт деп айтса болот" [32, 198-б.] деп изденүүчү 2022-жылы илимий макаласында белиглеп кеткен.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо процессиндеги кездешкен көйгөйлөр талданып, орчунду көйгөйлөрдү топторго бөлүп карадык: 1- шайлоо системасын камтыган мыйзамдардын татаалдыгы жана туруксуздугу; 2- административдик ресурс; 3-кара пиардын колдонулушу; 4-шайлоого катышпоо; 5-баарына каршы добуш берүү деп бөлүндү.

*1-топ. КРнын шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдардын татаалдыгы жана туруксуздугу:*

- "2015-жылы шайлоо системага биометрикалык маалыматтарын тапшырып жаңы үлгүдөгү паспорт алган жарандар гана шайлоого катышып добуш бере алышат деген өзгөчөлүктүн киргизилиши жана талапты аткарбаган жарандар, шайлоо укугунан ажыратылган учур шайлоочуларды иренжитти, жана алардын шайлоо укугун ишке ашыруу кызыгуусун жок кылды" [31, 368-369-б.] ;
- "БШКнын форма-2 арызы колдонуудан алынгандыгы. Эскерте кетсек форма-2 арызынын колдонуудан алынып салынуусу бул форма аркылуу 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодо 471 миң жаран өз дарегин алмаштыруу аркылуу шайлоо жыйынтыгын

бурмалоого алып келген деп табылып шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылган” [66].

“Албетте жаңы калыптанып жаткан шайлоо система өзгөрүүлөгө учурап турат, жана бул нормалдуу көрүнүш, бир гана шайлоочу ошол өзгөрүүлөрдүн байма бай киргизилип, оңдоп түзөөлөрү боюнча шайлоочулардын күбө болуусуна алып келбөө үчүн шайлоо процесстеринин өтүлүү убакыттарына жана ортодогу аралыктарына маани берип уюштуруу керек. Шайлоонун кайра кайра уюштуруусуна мыйзам ченеминде жол бербөөсүн карап чыгуу керек” [31, 367-375-б.].

*2-топ. Административдик ресурс* шайлоо системасындагы актуалдуу көйгөйлөрдүн бири жана Кыргыз Республикасынын эгемендүү күнүнөн тартып шайлоо процесстеринде кездешип келет. “Шайлоо алдындагы үгүт иштерге мамлекеттик кызматтагы адамдарынын катышуусу (административдик ресурсту пайдалануу), анын ичинде Жогорку Кеңештин депутаттары, мамлекеттик кызматтардын жетекчилери, айыл өкмөтүнүн башчылары ыйгарым укуктарын пайдаланып кайсыл бир талапкерлерди бардык жагынан колдоп келишет. Мисалы: адамдык ресурс – шайлоочулар; каржы маселеси; ар тараптуу реклама жүргүзүү ж.б.у.с. Бийликтин кеңири колдонулган мыйзамсыз иштери региондордо митингдер, демонтрациялар, администратциялык имараттарды басып алуу аракеттери сыяктуу наразычылык акцияларын көбөйттү” [150, 85-б.]. “Ошондой эле, административдик мүмкүнчүлүктү пайдаланууда бирдей мүмкүнчүлүктөр бийликтин талапкерлери менен жөнөкөй талапкердин ортосунда айырмачылык шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого алып келип жатты” [6, 7]:

- кош стандарттар түшүнүгү шайлоо процедураларын жүзөгө ашырууда жана шайлоо процесстерине катышкан тараптардын аракеттерин баалоодо байма-бай кездешет;
- “жашуурун булактар менен каржылоо маалымат таркатуу кампаниясына басым жасалып келет (КРнын Кылмыш-жаза

кодексинин, 198-беренесинде каралган), албетте бул жашыруун каржылоого алынат себеби, мыйзам ченеминде ар бир талапкер статусуна, фиансалык абалына карабастан тең укуктуу болуш керек" [6];

- "үгүт иштери үчүн мамлекеттик кызматкерлер кызмат абалы менен пайдалануусу (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин, 195-беренесинин, 3-пунтунда каралган)" [6];
- "оппоненттерге мүмкүн болгон бардык ыкмалар менен кысым көрсөттүү" [6, 7];
- "бийлик органдары көзөмөлдөгөн уюмдар жана мекемелер аркылуу шайлоочулардын эркин билдирүүгө активдүү таасир этип, добуш берүүсүнө мажбурлоо, албетте бул көрсөткүчтөр административдик ресурстарды пайдалануу ыкмаларынын толук эмес тизмеси" [6, 7];
- "жалпыга маалымдоо каражаттарына талапкерлердин кирүү шарттарын жөнгө салуу, учурдагы мыйзамдарда мамлекеттик жана жеке МКЖ уюмдарына акы төлөнүүчү чыгымдардын көлөмүн чектөө каралган эмес, натыйжада чоң кызматтар менен чоң акчалуулар ТВ экрандарында жана басма сөз каражаттарында үстөмдүк кылат жана талапкерлердин ачыктан-ачык теңсиздиги жаралып калат" [6, 7];
- "ошондой эле, кээ бир талапкерлер, саясий партиялардын мүчөлөрү, же болбосо кандайдыр бир инсан тиги же бул талапкердин шайланып калышына кызыктар болуп өз кол алдында иштеген кызматкерлерин добуш берүүгө мажбурлашат" [6, 7]. Мамлекетибиздин экономикалык шарттарына байланыштуу бүгүнкү күндөгү шайлоочу талапкерден көз каранды, айрыкча мындай көрүнүш республикалык деңгээлдеги шайлоолордо байкалат. Жумуш берүүчүлөр өз кызматкерлерин ыңгайлуу шайлоо участкасына каттап жана керектүү талапкерлердин тизмесине добуш берүү үчүн аларды унаа менен алып келүү фактылары катталып келген. Кошумча белигеп кетүү жак бул, Республиканын куралдуу күчтөрүнүн түзүмдөрүндө кызмат өтөп

жүргөн аскерлердин добуштарын алардын жеке эрки деп билүү анык эмес. Ал эми Республиканын билим берүү жаатын алып карап көрсөк мугалимдер менен студенттерге бийлик “таасир” көрсөтүп, аларды “туура талапкерге” же талапкерлердин тизмесине добуш берүүгө түрткү болуп келишкен.

Чектөө киргизилген эрежелер административдик ресурсту пайдаланууга жол бербөө максатын көздөп конституциялык мыйзамга өзгөртүү киргизилди. Референдумда киргизилген өзгөрүүлөр боюнча автордун илимий макаласында мындай деп белгиленген: "2021-жылдан болуп негизинде өткөн шайлоо 11-апрелинде референдумдун системасына орчундуу өзгөрүүлөр киргизилди. Мыйзам ченеминде мектеп, бала бакча, мечит, чиркөө, оорукана жайларда жана ага жакын жерде үгүт материалдарды болбойт Ошондой деп эле, тыюу таратканга салынган. талапкерлердин үгүт ишине, көчө башчылары, үй комитетинин төрагаларын (домком) шайлоо иштерине аралашуусуна катуу бөгөт коюлду. Мындай эрежелер конституциялык мыйзамда административдик ресурсту пайдалануу катары жазылды” [32. 194-б.]. “Мыйзамга киргизилген олуттуу өзгөрүүлүрдүн негизинде 28- ноябрда болуп өткөн  парламенттик шайлоо атаандаштык менен өттү, бийлик бул ирет таза шайлоону камсыз кылууда саясий эркин көрсөттү, окуу жайлар, мугалимдер, мамлекеттик кызматкерлер шайлоонун жүрүшүнө катышкан жок. Бирок, тилеккке каршы добуш сатып алууга толук бөгөт кою бул ирет да мүмкүн болгон жок, себеби тиешелүү оргaндын (укук коргоо) жетиштүү түрдө иш алып баруусуна, механизимдердин толук кандуу иштелип чыкапагндыгынан улам ишке ашкан жок, ошондуктан акчалуу талапкерер добушту сатып алуунун кыйыр жолдорун колдонуп добуш топтошту деп бир мандаттуу округтан чыккан талапкерлер маалымат беришти” [32. 195-б.].

*3-топ. Кара пиар, же болбосо көз карандысыз интернет чөйрөнү* кызыктар жарандар активдүү колдонуп, коомчулуктун маданияттын, жаштардын аң-сезимин бузууда. Формалду эмес бийликтин төртүнчү булагы

болуп саналган “массалык маалымат каражаттары” интернет тармагы өнүгүп, технологиялардын ар-тармактуу колдонуусу аркылуу коомчулуктун ой-жүгүртүүсүн бурмалап оңой эле башкарып, же болбосо ар түркүн талкууларды жаратып, бүдөмүк салуу жолун табышты. Кээ бир активдүү жарандар журналистердин ишин талашкан блогерлер фейк маалыматтарды таркатып иштеп калышты. Базалык билими жок, маалыматты таркатуу маданияттан түшүнүгү жок жана эч бир басылманын алдында иш алып барбагандыктан аларды жоопко тартуусу кыйынчылыктарды туудуруп, алардын чындыкка дал келбеген маалыматтарын таркалып, элдин оюн бурмалап, бүдөмүк салуу абдан өнүктү. Ошондой эле 2017-жылдардан тарта “фейк” аттуу акаунттар социалдык тармактарда көбөйдү, жалган маалыматтарды таркатып, каралоо максатында жайылтып, командалык иш алып барып коомдук маанайды жаратканы бүгүнкү күндө ачык маалым. Бул көйгөйгө туруштук берүү максатында “Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинен 66-беренеси кабыл алынган Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу**.** Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысына же кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды билип туруп жайылтуу, - жеке жактарга 125 эсептик көрсөткүч (12 500 сом), юридикалык жактарга 350 эсептик көрсөткүч (35 000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет” [7]. Ошондой эле ушул эле мыйзамдын 67-беренесинде “Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу. Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланганга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу, - юридикалык жактарга 175 эсептик көрсөткүч (17 500 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет” [7] деп берилген.

Бүгүнкү күндө мыйзам ченеминде жалган маалыматтарды таратуу жана кара пиарды колдонууда жоопкерчиликке тартылуу коркунучу бар болсо дагы, мындай көрүнүш токтотулбай келет, илимий изилдөнүн алкагында буга бир нече фактор себеп болушу мүмкүндүгү аныкталды: айрым учурларда мыйзамдар жетишсиз натыйжалуу болуп, бул аны ишке ашырууну татаалдаштырат, же болбосо мыйзамды ишке ашыруу процедурасы татаал болуп, жоопко тартуу мүмкүнчүлүгүн азайтат ал эми мыйзам бузуучулардын жоопка тартылбашы мыйзамдын ишине жолтоо болот; интернеттин жана социалдык медианын өнүгүшү менен жалган маалыматты жайылтуу жана кара пиар жүргүзүү оңой жана арзан болуп калды, бул дагы алардын жайылышына шарт түзүп жатат да жоопко тартуу процедарсын оордотуп жатат. Бул көрүнүштөргө каршы күрөшүү үчүн мыйзамдарды өркүндөтүү, коомдун мындай аракеттердин кесепеттери жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу, мыйзам бузуучуларга карата санкцияларды катуу колдонуу жана туура эмес маалымат менен күрөшүү үчүн социалдык медиа жана башка платформалардын кызматташтыгын камтыган комплекстүү мамиле талап кылынат. Эң негизгиси жоопко тартуу ишке ашырып, коомчулукка маалымат таркатылышы керек. 2024-жылдын башына “24.kg” маалымат агенттигинин жетекчилерин суракка чакырып, блогерлердин кармалышы тиешелүү органдардын туруктуу иш алып барып жаткандыгынан маалым берет.

*4-топ. Катышпоо - латынча absentis*. Шайлоочулардын шайлоодо добуш берүүдөн баш тартуусу, же болбосо кеңири мааниде алып караганда, аракетсиздикти мүнөздөгөн саясий жүрүм-турумдар, башкача айтканда, коомдук иштерден качуу деп билүүгө болот. Шайлоочулардын шайлоо процессине, анын жыйынтыгына кайдигер мамиле кылып, бийлик өкүлү болууга аттанган талапкерге ишенбестик көрсөтүү, шайлоого катышпоо акыркы жылдары күч ала баштады. Жарандардын шайлоого катышпоосу шайлоо процессиндеги терс көрүнүш. Жарандардын көпчүлүгү учурдагы саясий системага ишенишпейт, ошондуктан алар жарандык милдеттерин

аткаруудан атайлап качышат жана шайлоонун жыйынтыгына ишенбей, шайлоо системасын түп-тамырынан бери тоготушпайт. Акыркы 10 жылдагы шайлоочулардын шайлоого катышуусу жөнүндө “2010-2021-жж. шайлоочунун саны менен шайлоого катышкандардын саны” [66] деп аталган №1 тиркемедеги сүрөттөрдө көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтар күбө боло алат. Тиркемеде берилген маалыматтар шайлоочунун өзүнө тиешелүү Конституциялык укугун баалабагандыгы аныкталды десек да туура болот. Берилген маалыматтарга кошумча белгилеп кетүүм керек, “2021-жылдын 11-апрелиндеги дайындалган Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө Референдумда коюлган суроого, макул деп жооп берген шайлоочулардын санын 1,140,754 түзгөн, пайыздык ченем менен айтканда добуш берген шайлоочу 79,32% - түздү да, ал эми, каршы деп жооп берген шайлоочунун санын 181 370 түзүп, пайыздык ченем менен караганда добуш берген шайлоочу 13,72%- түзгөн. Жалпы шайлоочунун саны менен шайлоого катышкан шайлоочулардын санында айырмачылыктар болгон. Айырмачылыкты даана баамдап көрүүгө 2010-2021-жылкы шайоолордун жыйынтыктары талданып, талдоонун негизинде шайлоочунун жалпы саны жана шайлоого келип катышкан шайлоочунун саны” [66] салыштырмалуу тартипте көрсөтүлгөн, мисалы: “1.2.Т.сүрөтү” ошондой эле конституциялык Мыйзамдын негизинде 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шалоосунан кийин, бир мандаттуу округтан шайланган депутаттын мөөнөтүнөн мурда ордун бошоткондугуна байланыштуу кайра шайлоолордун жыйынтыктарын талдап, сандык айырмачылыктар көрсөтүлдү, мисалы: “1.3.Т. сүрөтү” жана “1.2.Т. таблицасы” жалпылап пайыздык көрсөткүчтөр менен чагылдырылган. Шайлоочунун шайлоого катышпоосу көйгөй катары каралып, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын бир мандаттуу шайлоо округунан шайланып келген депутаттын мандаты бошотулгандыгына байланыштуу бир мандаттуу округдардагы кайра шайлоонун жыйынтыктары” [5] талдоого алынды, мисалы: “1.4.Т. сүрөтү”.

“Шайлоочунун шайлоого катышуу көрсөткүчүнүн төмөндүгү шайлоо системасы жана талапкерлерге болгон ишенбестиктен келип чыгышы мүмкүн, ошол эле учурда ички, сырткы мигранттардын эсебинен да сандын өсүшү мүмкүн деп толуктайбыз, бирок ага карабастан мыйзам чыгаруу органдын өкүлдөрүн 30-40 миңдин ортосундагы шайлоочу чечип калгандыгы өкүндүрөт” [32, 197-б.].

“АЭУнын протоколунун негизинде жеке жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгында, эч бир үгүт иштери жок эле алдынкы позицияларды алган “Баарына каршы” талапкер туралуу маалыматка баа берсеңиздер болот. Анализдер диаграмма түрүндө көрсөтүлүп, цифралар Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын берген маалыматтарынын негизинде түзүлгөн. Баарына каршы деген талапкердин алдыга озуп чыгышы жана Биринчи-май менен Свердлов райондорунан лидер болушу – элдин саясий элитага болгон ишениминин жоктугун далилдейт. Калын элдин көпчүлүгү саясий элитадан чарчагансыйт. Жогорку Кеңештин 6-чакырылышынын алып барган иштери, алардын алсыздыгы дал ушул “Баарына каршы” талапкердин лидер болгондугуна себепкер деп белгилейм” [32, 196-б.].

*5-топ. Баарына каршы.* “2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун Бишкек шаарына караштуу бир мандаттуу округдарында жеңүүчү талапкер катары “Баарына каршы” талапкер добуш топтоп чыккан” [17]. Ушул учурга байланыштуу добушун саткан шайлоочуга караганда баарына каршы добуш берген шайлоочу принципиалдуулугу менен жогору тургандыгын да белгилеп кетсек болот. “2021-жылдан берки өтүлгөн шайлоолордун жыйынтыгына таянсак талапкерлер менен катар тең тайлашып алдынкы саптарга «Баарына каршы» талапкер шайлоочулардын добуштарын топтоп чыгууда жана мындай көрүнүш өкүнүчтүү нерсе, себеби шайлоочунун шайлоого келип “Баарына каршы” деген талапкерге добуш берүүсү жалпы мамлекеттик саясатка, саясий лидерлерге болгон каршылык сыяктуу да бааласа болот” [66]. “2021-жылы 28-нобярындагы шайлоодо

Бишкек шаарынын № 26, 27, 28, 29-шайлоо округтарынан топтолгон АСУнун протоколу илимий иште талданды" [17]. "Тиешелүү укуктук-ченемдик актыларды талдоонун негизинде шайлоонун саны менен шайлоого катышкан шайлоочунун санынын ортосунда айырмачылык байкалды, ошондой эле баарына каршы талапкерге добуш берген шайлоочунун саны да өстү деп аныкталды" [66]. "Мыйзамдын негизинде шайлоонун жыйынтыгы электрондук протокол эмес кол менен саналган протоколдун негизинде кабыл алынат" [5]. Ошол эле учурда эскертип кетүүчү нерсе, электрондук протокол жана кол менен саналган протоколдун айырмачылыгы коопту эмес, айырмачылык техникалык мүчүлүштүктөргө гана байланыштуу болуп келген. "Кол менен саноо процедурасын байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышып уюштурулат, бул УШКнын ишине ачык-айкындуулукту камсыз кылат. Бул процедура добуштардын тууралагына гана эмес комиссиясынын протоколунун тууралыгына ынанууга мүмкүнчүлүк берилет" [115, 116]. "2016-жылдагы Референдум, 2017-жылдагы Президенттик шайлоо, 2021-жылдагы Президенттик шайлоо менен Референдумдагы тизмеге кирген шайлоочунун саны, шайлоого келип шайлаган шайлоочунун саны жана "Баарына каршы" талапкерге добуш бергендердин саны" [132]  талданып, салыштырмалуу ыкма менен талдоонун жыйынтыгы диаграмма түрүндө чагылдырылган, мисалы: "1.5.Т. сүрөтү". Ал эми "2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн шайлоонун жыйынтыктарын талданганда БШКнын электрондук протоколдун негизинде, эч бир үгүт иштери жок эле алдыңкы позицияларды алган "Баарына каршы" талапкер чыгат" [17] жогоруда талнданган көрүнүш шайлоо тарыхында биринчи ирет болуп жаткандыгы бир жагынан оң, экинчи жагынан терс кырдаалды жаратып илимий изилдөө теманын актуалдуулугун көтөрүп жатат.

"БШКнын берген маалыматтарынын негизинде 2021-жылдын 28-ноябрында Бишкек шаарында жайгашкан бир мандатуу №26- 27- 28- 29-шайлоо округтардагы шайлоонуну жыйынтыгына, добуштардын бөлүнүшунө талдоо жүргүзүлдү. Талдоонун жыйынтыгында  Бир мандатуу №27 Биринчи

май менен №29 Свердлов шайлоо окуруугтарында “Баарына каршы” талапкер эң көп добуш топтогону аныкталды, мисалы: “1.6.Т. сүрөтү – 1.9.Т. сүрөтү” [63]. “Бишкек шаарынын Биринчи май жана Свердлов райондоруна караштуу шайлоо округтарында “Баарына каршы” талапкердин алдыга озуа чыгышы, жалпы элдин саясий элитага болгон ишениминин жоктугун далилдейт деп аныктоого себеп бар, анткени калың элдин көпчүлүгү бүгүнкү саясий элитадан чарчагансыйт. Жогорку Кеңештин 6-чакырылышынын алып барган иштеринин жыйынтыгынын негизинде “Баарына каршы” талапкердин күчтөнүүсү себеп деп аныктайбыз” [32, 196-б.] деп изденүүчү илимий макаласында чагылдырган. Бул талдоонуну негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин түптөө боюнча механимзге өзгөртүү киргизүү боюнча илимий иштин алкагында талдоо жүргүзүлүп, сунуш киргизилет. 3.2 – сүрөттө талданган.

“БШКнын маалыматына ылайык Бишкек шаарына караштуу №26- 27- 28- 29- округтарындагы шайлоочулардын шайлоого катышуусу 30% гана түзгөндүгү аныкталды. Ал эми республика боюнча шайлоочунун жалпы санынан шайлоого 34,6% гана катышкан. Талапкер катары 21 саясий партия катышып, анын 22-болуп “Баарына каршы” талапкер катышып жана ал 10 саясий партиянын алдына чыгып, 12-катарды ээлеген. Талдоонун жыйынтыгы “1.3.Т. сүрөтү” [17].

“2021-жылдын 28-ноябрында “Автоматтык эсептөө урнасына жана маалыматтык шайлоо тутумуна ишенимдин жоктугун акыркы шайлоонун жыйынтыгын көрсөтүү учурунда БШКнын веб-баракчасы, техникалык мүчүлүштүктөрдөн улам кыска убакытка өчүрүлүп салынганы ого бетер күчөттү. БШКнын веб баракчасы бир нече убакытка өчүп, андан соң маалыматтар олутуу өзгөрүп кеткендигине көрүүчүлөр күбө болду. Кийинчерээк, көз карандысыз жумушчу топ түзүлдү. Саясий партиялардын өкүлдөрүнөн, көз карандысыз IT-адистеринен, КР БШК мүчөлөрүнөн жана адистеринен түзүлгөн АЭУ маалыматтарын көз карандысыз түрдө текшерүү

боюнча жумушчу топката көрсөтүүнүн туура эмес скриптинен улам келип чыккандыгын ырасташты, ал эми добуштардын саны жана алардын пайызы автоматтык урналардан (АЭУ) эсептөөчү алынган маалыматтар менен дал келүүдө деп билдиришти. Албетте, көз карандысыз жумушчу топтун чечими көпчүлүк терс калыптанган жарандардын оюн ондой алган жок. АЭУга күнөм санаган шайлоочулардын катары бир топ калындай түштү" [32, 197-198-б.].

"КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү конституциялык мыйзамдын 64-беренесинин 5.1-пунктунда - Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин шайланган депутаты деп ушул бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын кыйла көп добушун алган талапкер таанылат" [5] деп каралган. "Бишкек шаарынынын №27, 29 округтарында шайлоонуну жыйынтыктарына байланыштуу парламентте эки мандат бош калып" [63], ушул эле мыйзамдын "65-беренесинин, 6-пунктунда - бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тийиштүү шайлоо округдарына кеткендердин ордуна Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө өткөрүлөт. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке шайланган мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл же болбосо бир жылдан аз калганда чыгып кеткен учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт" [5] дегенге байланыштуу "2022-жылдын 27-февраль айына №27 менен № 29 округтарында эки ирет уюштурулган шайлоонун жыйынтыгы талданып" [63], шайлоочунун шайлоого катышкан пайыздык көрсөткүчү өкүндүрбөй койбойт. Жүргүзүлгөн талдоодо ушул округтагы 2021-жылдын 28-ноябрындагы шайлоонуну жыйынтыгы менен 2022-жылдын 27-февралындагы кайра шайлоонун жынтыгы салыштырмалуу аныктоо үчүн

“1.10.Т. сүрөтү” көрсөтүлдү. “Кайра шайлоонун жыйынтыгы биринчи ирет болуп өткөн шайлоонун жыйынтыгынан көп айырмаланган жок, шайлоочулардын дээрлик көбү шайлоого катышпагандыгын, ал эми катышкан шайлоочунун көбүн эсе кайра эле “Баарына каршы” талапкерге добуш бергендиги талданып чыкты. БШКнын берген маалыматтарынын негизинде жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары көрсөтүлдү” [161]. “Жогоруда белгиленген тиешелүү мыйзамдын 64-беренесинин, 5-1- негизинде 2024-жылдын февралында Ош жана Кара-Суу райондорунан шайланган Искендер Матраимов менен Нурлан Ражабалиев мандатын мөөнөтүнөн мурда тапшырары боюнча арыз жазган. БШК алардын депутаттык укуктарын токтотот, ушул эле жылдын 13-марттында БШКга Баткен облусунан шайланган Айбек Осмоновдун берген арызынын негизинде мандатынан ажырайт да КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган. №2 Баткен, №7 Ош жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КРнын ЖКнин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүү аяктап, 197 (же 99,5%) шайлоо участогунан автоматташтырылган эсептөөчү урналарынан маалыматтарынын негизинде” [64] илимий иште талдоо жүргүзүлүп, жыйынтык “1.11.Т сүрөттө” көрсөтүлөт. Эскерте кетсек мыйзамдын талабы боюнча АСУнун маалыматтары алдын ала эсептелип, бардык шайлоо участкаларындагы добуштар УШКнын мүчөлөрү кол менен эсептеп чыгышып, протолоду БШКга жиберишет жана анын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылат.

“БШКнын төрагасынын орун басары Нурлан Койчукеев 2021-жылдын 28-ноябрындагы КРнын ЖКнин депутатын шайлоодогу Бир мандатуу №26, 27, 28, 29 шайлоо округтары боюнча шайлоочулардын катталган саны жана добуш бергендердин саны боюнча чоң айырмачылык боюнча төмөндөгүдөй оюн билдирген – Шайлоочулардын аз келүүсүнүн себеби шаардын тургундары шайлоо процессинен чарчагандыгы бирден бир себеп катары кароого да болот” [161]. “Шайлоочунун шайлоого катышпоо көйгөйүнүн

өзөгү катары шайлоонун жыйынтыктары канаттандырлбагандыгы менен шайлоонун кайра кайра кайталанып өтүлүшү деп аныктаса болот. Мисал ктары аз эле убакыттын ичиндеги 2020-2023-жылдар ичи Бишкек шаарында 9 ирет шайлоо өтүлүптүр "3.1-табл.кара" [64]. "Шайлоону кайра-кайра өткөрүүлүсү" [5] мамлекеттин жалпы саясатына терс жыйынтыктарды алып келип жатат деп аныктадык. Мисалы: шайлоочулардын шайлоодон тажашына алып келет; шайлоочулардын катышуусу төмөндөйт; мамлекеттик бюджетке чыгым алып келет. Демек, шайлоо демократиялык процесстин өзөгү болгону менен, аны кайра кайра уюштурулуп туруусу коомго жана мамлекеттик саясатка терс таасирин тийгизет.

*Таблица 3.1 – "Бишкек шаарында 2020-жылдан 2024-жылга чейинки шайлоолордун өтүлгөн убактысы"[66].*

| № | Шайлоо | Убакыт |
|---|---|---|
| **1** | Парламенттик шайлоо | 04.10.2020-жыл |
| **2** | Президенттик шайлоо | 10.01.2021-жыл |
| **3** | Референдум жана жергиликтүү кеңештин шайлоосу | 11.04.2021-жыл |
| **4** | "Жергиликтүү кеңештин кайра шайлоосу (Бишкек, Ош, Токмок шаарларында)" [19, 20] | 11.06.2021-жыл |
| **5** | Парламенттик шайлоо | 28.11.2021-жыл |
| **6** | "Кайра парламенттик шайлоо (№ 27 Биринчи май жана № 29 Свердлов шайлоо округдарында)" [18] | 27.02.2022-жыл |
| **7** | №26 Ленин округу боюнча кайра шайлоо (депутатынын мөөнөтүнөн мурда кеткендиги боюнча) | 28.05.2023-жыл |
| **8** | №26 Ленин округу боюнча кайра шайлоо (добуш сатып алуу боюнча фактылар такталып шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылгандыгы үчүн) | 10.09.2023-жыл |
| **9** | №29 Свердлов округу боюнча кайра шайлоо (КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо) | 30.06.2024-жыл |

Жогорудагы берилген талдоонун негизинде, биз шайлоочунун шайлоого катышуу санынын төмөндөөсүнүн себептерин аныктадык:

1. шайлоо кайра-кайра кайталанып уюштурулуп тургандыгы;
2. шайлоонун жыйынтыгы ар кандай механизмдердин колдонулушу менен бурмаланып шайлоонун жыйынтыгы шайлоочулардын үмүтүн актабагандыгы;

3. коомчулукта (соц.тармактарда) АЭУ тууралу ар кандай терс ой-жүгүртүүлөрдүн жүрүшү жана ага кошумча болуп 2021-жылдан 28-ноябрындагы шайлоонун жыйынтыгын чыгарып жаткан учурда электрондук системанын бир нече мүнөткө өчүп кайра жанышы [138].

Шайлоо системасына канчалык деңгээлде санариптештирүү киргизилип шайлоо процесси жакшыртылышына карабастан шайлоонун жыйынтыгын бурмалоону толук токтотууга жете элекпиз. “2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн шайлоодон кийин, бир мандатту шайлоо округтардана шайланып келүүчү мандаттар бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолор уюштурулду” [63, 64, 65] “3.2-табл.кара”.

Жогорудагы маалыматка ылайык биз, киргизилген өзгөрүүлөргө байланыштуу шайлоолор кайра кайра уюштуруп туруусуна негиз жаралгандыгын көрүүдөбүз. Бул учур, жалпы республикалык бюджетке залакасын тийгизгенден тышкары шайлоочунун шайлоодон тажагандыгына да алып келүүдө.

*Таблица 3.2 – “2021-жылдын 28-ноябрында өткөн КРнын ЖКнин бир мандатту шайлоо округтан шайланган депуттардын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолордун өткөн мөөнөттөрү” [66].*

| № | Шайлоо | Убакыт |
|---|---|---|
| 1 | КРнын ЖКнин депутатын шайлоо | 28.11.2021-жыл |
| 2 | Бир мандаттуу №27, 29-шайлоо округтарында КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 27.02.2022-жыл |
| 3 | Бир мандаттуу №26-шайлоо округунда КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 28.05.2023-жыл |
| 4 | Бир мандаттуу №26-шайлоо округунда КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 10.09.2023-жыл |
| 5 | Бир мандаттуу №2- 7- 9--шайлоо округтарында КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 28.04.2024-жыл |
| 6 | Бир мандаттуу №5- 29- 36-шайлоо округтарында КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 30.06.2024-жыл |

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр талданып, парламентти түзүүдө жана

өлкөнүн саясий турмушун аныктоодо шайлоо системасы маанилүү экендиги жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принциби олуттуу болгону аныкталды. Мисал катары талдасак, 2020-жылдын 4-октябрындагы шайлоодо форма-2 арызын колдонуу аркылуу жарандар шайлоо участкасын алмаштырып, добуштарын сатышкан. Ошол эле учурда форма-2нин түпкү максаты шайлоочунун шайлоо укугун ишке ашырууга жеңилдик катары киргизилген "Ал эми, 2024-жылдын 28-апрелинде жергиликтүү кеңештин шайлоосунда "Түндүк" тиркемеси аркылуу электрондук паспорту колдонуп ички миграцияга кабыл болгон шайлоочулар добуш бере алышты. Электрондук форматтагы паспорт, документ катары системага жүктөлүп, колдонууга киргизилгендигине байланыштуу БШК шайлоо процессинде онлайн добуш берүү механизими апробацияланды, башкача айтканда шайлоочулар УШКда электрондук паспортту колдонуп идентификациядан өтүштү" [64]. 1995-жылдан 2015-жылга чейин жана 2015-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки Кыргыз Республикасынын шайлоо системасында болуп өткөн реформаларды салыштырып талдасак, анда акыркы 14 жылдын ичинде шайлоо процессесине жаңы технология, санариптешүү тездик менен киргизилүүсүн аныктоого болот. Шайлоо системасынын санариптешүүсүнө өбөлгө болгон учур, бул мамлекетте "Түндүк" тиркемесинин пайдаланышы деп кошумчалап кетебиз жана аны өркүндөтүүнү улантуу керек. Форма-2 баракчасы колдонуудан алынып салгануусунан келип чыккан көйгөйлөрдү жою максатында, альтернатива катары онлайн добуш берүүнү колдонууга киргизүүсүн мамлекет колдоого алуусу керек деп аныктадык.

Шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү көйгөй катары талданып, төмөндөгүдөй сунуш киргизилди: "КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-бөлүгүн" [5] төмөндөгүдөй тартипте берилүүсү сунушталат "*Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу*

*берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат"* [5] деп. Шайлоо системасы демократиянын көрсөткүчү, бирок шайлоонун кайра-кайра кайталанып туруусу жалпы шайлоого катышкан шайлоочунун санынын төмөндөөсүнө гана эмес мамлекеттин финансалык жагына да терс кесепеттерин тийгизип, жалпы экономикага залакасын тийгизүүдө. Мисалы, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаттарын шайлоосун алып талдап көрдүк. 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаттарын шайлоосунда сарпталган чыгымдардын сметасы – **592 531 000 (беш жүз токсон эки миллион беш жүз отуз бир миң)** сомду түздү. Ал эми КР Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын бир мандаттуу шайлоо округдан шайланган депуттардын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолордун чыгымдары 2024-жылдын 22-сентябрында боло турган кайра шайлоону кошкондо бюджет – **127 953 100 (жүз жыйырма жети миллион тогуз жүз элүү үч миң жүз)** сомду түздү. Жалпы жонунан 7-чакырылышка бюджеттен сарпталган каражат – **720 484 100 (жети жүз жыйырма миллион төрт жүз сексен төрт миң жүз)** сомду түздү" [66], бирок тилекке каршы бул чек эмес. Бир мандаттуу шайлоо округундагы шайлоолор болжол менен 2025-жылдын ноябрь айына чейин уюштуруулуусуна мыйзам жол берет, демек бюджеттен сарпталган каражаттын өсүүсүн күтүүгө болот. Жогоруда көрсөтүлгөн бюджеттин сметтасын "*2021-жылдын 28-ноябрында өткөн КРнын ЖКнин 7-чакырылышынын жана кайра шайлоолорду уюштуруунун бюджети"* [66] Мисалы: "2.2.Т. таблицасы".

Шайлоонун кайра-кайра кайталанып туруусунун келтирген терс кесепеттерин талдап көрсөк:

- шайлоочунун шайлоодон тажап, шайлоого катышуудан баш тартышы шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү;
- кайра дайындалган шайлоону өткөрүү, уюштуруу олуттуу финансылык чыгымдарды талап кылат. Буга шайлоо комиссияларынын ишине акы төлөө, бюллетендерди басып чыгаруу, добуш берүүчү жайларын техникалык камсыздоо, кызматкерлерди окутуу жана башка чыгымдар кирет;
- кайра шайлоону каржылоо бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлүп, мамлекеттик башкаруунун башка тармактарына жана социалдык программаларга терс таасирин тийгизиши мүмкүн;
- кайра шайлоо өткөрүү шайлоо комиссиялары, саясий партиялар, талапкерлер жана шайлоочулар тарабынан олуттуу убакытты жана күч-аракеттерин сарпташат. Бул коомдун алдында турган башка маанилүү милдеттерден жана көйгөйлөрдөн алаксытууга алып келиши мүмкүн.

Жалпысынан алып караганда тынымсыз кайра шайлоо өлкө үчүн олуттуу финансылык жүк болуп, анын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө залакасын тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, мындай терс кесепеттерди минималдаштыруу үчүн шайлоо процессинин туруктуулугуна жана үзгүлтүксүздүгүнө умтулуу маанилүү.

Илимий изилдөөнүн жыйынтыгында талданып аныкталган шайлоонун жыйынтыктары менен сандардын көрсөткүчтөрү ийгиликтин, жетишкендиктин көрсөткүчү эмес. Бүгүнкү күндө шайлоочулардын активдүүлүгүн өстүрүү боюнча, мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошуусуна дем берүүнү ким аркылуу жасоо керек? – деген суроого ар тармактуу сунуштар түшүшү мүмкүн, бирок изилдөөнүн негизине таянып, окуу колдонмолорго өзгөрүүлөрдү киргизүү зарылчыгы турат деп кошумчалайбыз. Философия жана саясий илимдеринин доктору, профессор “М.Т.Артыкбаевдин жалпы жетекчилигин алдында редакцияланган Саясат таануу илими аттуу окуу китебинде жогоруда белгиленген көйгөй жеткиликтүү ачылып берилген: Жарандардын саясий илим билимге жана

демократиялык маданиятка ээ болушу – Кыргызстанда ж.б. мурунку социалисттик республикаларда саясий жана коомдук реформалардын ийгиликке жетишүүсүнүн эң маанилүү шарттарынын бири. Кандай гана социалдык өзгөрүүлөр болбосун ал баарыдан мурда адамдардын аң-сезиминен башталары белгилүү” [51. б-5.].

## 3.2. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу

Шайлоо процессинде ар кандай саясий күчтөр катышышат, бирок саясий күчтөрдүн эң таасирдүүлөрү болуп саясий партиялар эсептелет. Кыргыз Республикасынын эгемендике ээ болуусу жана Конституциясынын кабыл алынуусу, көз карандысыз мамлекеттин түптөлүп өнүүгүсү менен бирге саясий партиялардын жандануусу да башталган. Саясий партиялардын ролу мамлекеттеги демократиялуу режимдин өнүгүсүнүн көрсөткүчү. Партиялар жаран менен мамлекеттин ортосундагы байланышты түзүп, жарандардын саясатка аралашып катышуусуна мүмкүндүк берип, өз эркин билдирүүгө салым кошот. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алган күндөн баштап партиялык система жанданып активдүү өнүгүүсүн баштаган. Быйыл 2024-жылы эгемендүүлүк алганбызга 33 жыл болот жана партиялык системанын активдүү өнүгүшүнө карабай, бул тармакта орчундуу кадамдар жасалган жок, буга далил катары “саясий партиялар жөнүндө мыйзам 1999-жылы кабыл алынып жана бүгүнкү күнгө чейин партиянын өнүгүшүнө алып келүүчү тиешелүү өзгөрүүлөр киргизиле электигин далил катары белгилесе болот. Жалпылап баа берсек партиялар коомдун кызыкчылыктарын коргоп, мамлекеттин чечимдерине таасир бере алган уюм катары калыптана алган жок” [109].

“Кыргызстанда саясий партиялардын коомго болгон таасирин күчөтүүгө шайлоо системасы тең укуктуу атаандаштык мүмкүнчүлүктү түзүп берүүсү шарт. Мыйзам ченеминде шайлоо системасы саясий партиялардын шайлоого катышып, бийликке жетүү максатын ишке ашырууга тоскоол болбойт, бирок ошол эле учурда шайлоо процессинде талапкер саясий

партилардын ортосундагы, бийлик партиясы жана оппозиция партиясы деп бөлүнүп каралышы көпчүлүк саясий партиялардын өсүшүнө тоскоолдуктарды жаратып келген. Саясий партиялардын өнүгүп өсүүсү шайлоого катышып, бийликке жетүүсүнөн көз каранды, ал эми ортодогу процедура мамлекеттик системадан көз каранды болгондугуна байланыштуу саясий партиялардын бийликтик партия, оппозицялык партия жана нейтралдуу партия деп бөлүнүүсүно алып келүүдө. Ошондуктан, саясий партиялардын өнүгүп өсүшү бийлик менен болгон мамилеге көз каранды болуп келген жана мазмуну боюнча советтик системанын калдыгы болуп саналып келет, ошондон улам бийликчил партиялар гана бийликке жетип келген жана алардын тарыхы кыска мөөнөттү болгон. Мисалы алып карасак: “Алга Кыргызстан”, “Ак жол”, “Моя столица” сыяктуу партиялардын кайра жандануусу кыйынчылктарды жаратат. Кыргызстанда партиянын кайра жаралуусуна караганда жаңы партияны каттоодон өткөрүп шайлоого катышуу жеңил болуп келгендиги талданып аныкталды” [109, 65-б.].

Демократиялуу мамлекеттерде уюштурулган шайлоолордо саясий партиялардын программаларынын таймашы болуп, чындап коомчулуктун кызыкчылыгын колдогон жана көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон партия жеңишке жетип, бийликке келет. Ал эми Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда талапкерлердин атаандаштыгы башка типте өнүгүп келет. Коом партияларды айырмалай албайт, алардын программаларына маани беришпейт, ошондон улам партиянын лидерлери да программага маани беришпей келишет да программалар бири-бирине окшош болушат. Ал эми шайлоодо административдик ресурсту колдонуу, добуштарды сатып алуу боюнча таймаш жүргөнүн көрүүгө болот. Мындай терс көрүнүштөрдүн аягы 2020-жылдын 4-октябрында болгон окуяга алып келет.

Кыргыз Республикасында саясий партиялардын ишмердүүлүк принциптери Конституцияга жана саясий партиялар жөнүндөгү мыйзамдарга негизделген. “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинде Кыргыз Республикасында көп партиялуулук жана саясий көп кырдуулук

таанылат, саясий партиялар, кесиптик бирликтер, дагы башка коомдук бирикмелер өздөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруу жана жарандардын өз эркин коргоо, саясий, экономикалык, социалдык, эмгектик, маданий жана башка кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн эркин билдирүү жана кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде түзүлүшү мүмкүн” [1] деп бекитилген. Демек, мыйзам негизинде партияны түзүүдө каралган принциптер: ыктыярдуулук; тең укуктуулук; өз алдынча башкаруу; мыйзамдуулук; айкындуулук деп тааныйбыз.

“Партия - мамлекеттеги саясий бийликти ээлеп алуу же болбосо максатын алдына койгон же болбосо мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында өз өкүлдөрү аркылуу катышууну каалаган өзгөчө коомдук уюм (бирикме). Бийликтин сакралдык жана уникалдуу принциптерине партиялар негизделип, өкүмчүлүк кылып турган бийликтин салттуу формаларын талкалоонун натыйжасында пайда болгон. Партиялары бар коом менен партияларсыз коомдун башкы айырмачылыгы (мисалы, коомдук түркүм - сословие), партиялар салттуу коомдо (азыркы заманга чейинки коомдо) алаамат катары элестетилген полемика (талаш-тартыш) менен карама каршы пикирлердин институционализациясын камсыз кылып тургандыгында деп саясий партиялар үчүн басылып чыккан эскертичте берилген” [109, 17-б.]. Ал эми илимпоз “М.Т.Артыкбаевдин жетекчисинин алдындагы басылмада: саясаттагы реалдуу саясий күчтөрдүн эң эле таасирдүүсү болуп партиялар эсептелинет. Партиялардын жана партиялык топтордун өз ара аракетсиз коомду жана анын саясий системасын элестетүү кыйын” [51, 163-б.] деп белгилешкен. “73 жылга жакын жашаган тоталитардык мамлекет болгон Советтер Союзунда жападан-жалгыз саясий партия, өзү коомдук уюм болуп туруп мамлекеттик бийликти толугу менен менчиктеп алган. Жумурай журтту манкуртка айландырган КПСС менен анын күжүрмөн отряды болгон Кыргызстан Коммунистик партиясы болгон” [40, 282-б.] деп илимпоз А. Акунов белгилеп кеткен. Демек саясий партиялардын түпкү максаты

бийликке программанын аттандаштыгы жана жалпы жарандын колдоосуна ээ болгон күчтүн келишин көздөгөн уюм деп түшүнүү керек. бирок албетте, мамлекеттеги саясий режимге карата партиялардын да түпкү максаты өзгөрүп туруусу анык экендиги бизге тарых баракчаларынан маалым болуп келет.

“Партия деген түшүнүк менен бирге партия уюму дүйнө жүзүндөгү мамлекеттерде бар, бир гана өзгөчөлүгү кээ бир мамлекеттерде ал түпкү максатын сактап келген, кээ бир мамлекетте бир гана бийликтин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган, ал эми жаңы өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде ар тармакттуу партиялар көп болуп келгет. Мамлекетте сасий партиялардын көп болушу демократиянын маанилүү индикаторлорунун бири болуп саналат деп белгиленип келет жана партиялардын көп болушу жарандардын мамлекеттик башкарууга катышуусуна жол ачылары түшүндүрүлөт. Саясий партия бийликке келүүсүнө жол ачышы үчүн партияга абройлу мүчөлөрдү топтошу керек, канчалык көп таанымал мүчөсү болсо ошончолук көп шайлоочусу болот, канчалык көп шайлоочу болсо ошончолук бийликке келүү мүмкүнчүлүгү жакындайт” [109].

Кыргыз Республикасында көп партиялуу система жакында эле пайда боло башталды жана бир партиялуулуктан көп партиялуулукка өтүшү биз үчүн кыйла оор өтүп жатат десек болот. Бүгүнкү күнгө чейин туруктуу партиялык-саясий структура калыптана элек. Учурда Кыргызстанда 243 саясий партия катоодон өткөн. “2007-жылы КРнын шайлоо системасы ЖКтин депутатын шайлоосун толук пропорционалдык система аркылуу шайлоого өктөн” [109, 13-б.]. 2010-жылы 10-октябрда болгон КРнын ЖКнин депутатын шайлоосунда партиялар активдүү иш алып барып, шайлоо учурунда талапкерди таанутууга басым жасабай, партиянын атын таанытууга басым жасоо аныкталды. Бирок ага карабастан, саясий элита жана жалпы коомчулук көнүп калган адаттагы үгүт иштери деле улантылган, партиянын тизмесиндеги талапкерлердин аты жөнүнө басым жасоо токтогон эмес. Албетте шайлоочулар партиянын программасына эмес, тизмедеги

талапкердин биографиясына баа берип, алардын жеке убадасына басым жасап келишкен. Ошондон улам партиянын тизмесиндеги акчалуу талапкердин добуш сатып алуусу күч ала баштаган, жана акчалуу талапкер тизмеден орунду сатып алуу көрүнүшу өнүгө баштаган,  партиянын лидери шайлоого катышууну бизнеске айландырып алган. Демкоратиялык режимди орнотуу үчүн партиялар мамлекеттик бийликтин башында эл турат деген түшүнүктөн кайтып,  бийликке акчалуулар өз кызыкчылыгын чечүү үчүн келет дегенге өтүп кетти деген аныктама чындыкка жакын болот. Албетте мындай жааттагы өнүгүүгө коом жардам берди жана тиешелүү органдардын мыйзам ченеминде иштебегедиги өбөлгө болду. Жогорудагы бөлүмдөрдө белгилеп кеткендей, үзүүгө кыйын болгон чынжырча системага өтүп кеттик – бийликти эл шайлайт, ал эми шайлоо процессин бийлик уюштуруп берип, өзү каалаган талапкерди шайлап алат.  Эгемендүүлүк алган күндөн тарта шайлоо системасы реформага муктаж болуп келген жана реформанын чечкиндүү кадамдары 2015-жылы АЭУ технологиясы жана биометрикалык тизмени киргизүүдөн башталып, бүгүнкү күнгө чейин улантулууда.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алып, партиялык системасынын өнүгүшүн Жогорку Кеңештин чакырылыштарга бөлүп карап чыгуу аркылуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чакырылыштары” деп берилген  **“**3.3-табл.кара”.

“Саясий аренада ар түрдүү саясий күчтөр аракеттенишет. Кээ бир партиялар ар кыл сасий акцияларды ачык түрдө ишке ашыргандыктан аларды реалисттер деп да аташат. Башка бирөөлөрү топтордун таламдарын тымызын ишке ашыруу формаларын артык көрүшөт, аларды легитимчилер, лоббилер деп аташат. Ошентип, саясий күчтөр граждандык коомдо пайда болуп, анын топторунун таламдарын билдирип жана көрсөтүп чыгуу менен мамлекеттин жана граждандык коомдун ортосундагы туташтырып туруучу звено болуп саналалышат – философия жана саясий илимдеринин  доктору, профессор М.Т.Артыкбаев окуу китебинде” [52, 163-б.] билдирген.

*Таблица 3.3. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чакырылыштары”* [33, 190-б.]

| № | Мөөнөтү | КРнын ЖКи | Система |
|---|---|---|---|
| 1 | 1990-1994 | 12-чакырыштагы "Легендарлуу" Жогорку Кеңеш. | ССКП башында турган бир партиялуу система. Партиянын ичинде эки тарапка бөлүнүү башталат: реформатор-демократтар жана консерваторлор |
| 2 | 1995-2000 | КРнин ЖКнин 1-чакырылышы | партиясы жок система |
| 3 | 2000-2005 | КРнин ЖКнин 2-чакырылышы | көп партиялуу система |
| 4 | 2005-2007 | КРнин ЖКнин 3-чакырылышы | эки партиялуу система |
| 5 | 2007-2010 | КРнин ЖКнин 4-чакырылышы | көп партиялуу система |
| 6 | 2010-2015 | КРнин ЖКнин 5-чакырылышы | көп партиялуу система |
| 7 | 2015-2021 | КРнин ЖКнин 6-чакырылышы | көп партиялуу система |
| 8 | 2021-2026 | КРнин ЖКнин 7-чакырылышы | көп партиялуу система |

“Азыркы Кыргызстан сапаттуу жаңылануу жана партиялык системаны структуралоо доорун өткөрүп жатат. Бул процесстин маанилүү катализатору болуп мамлекет башчысын, Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлоо чыгат. Шайлоо кампанияларынын жүрүшүндө саясий партиялар бекемдикке сыноодон өтүшөт, ал эми алар тарабынан сунушталган шайлоо алдындагы программалардын жоболору - шайлоочулардын колдоосуна сыноодон өтөт. Көп партиялуу системанын шартында ар кайсы саясий күчтөрдүн жарышынын негизинде жүргүзүлгөн шайлоолор коомдогу бардык болуп жаткан коомдук-саясий проблемалардын татаалдыгын, коомдун жана мамлекеттин өнүгүү перспективасындагы көп караштардын көп түрдүүлүгүн чагылдырат. Кыргыздардын демократияга, ага ылайык партиялык системага өтүү үлгүсү менен, электоралдык-укуктук маданиятынын түптөлгөн салтынын жоктугу менен шартталган, көзгө көрүнүп жаткан бардык чыгымдарда атаандаш шайлоолор демократиялык

жаңылануунун жана бийликти кайра даярдап чыгаруунун маанилүү шайманы болуп саналат” [109, 126-б.].

Саясий партиялардын алсыздыгы демократиялык процесстердин өнүгүшүнө кедергисин тийгизет, ошондуктан жарандар Кыргызстанда чыныгы демократиялык коомду курууну кааласа партиялык системанын өнүгүүсүнүн бардык терс тенденцияларын жоюнун үстүнд иш аракеттерди көрүү маанилүү.

“Саясий партиялардын шайлоо процессинин калыптанышында да ролу маанилүүлүгү илимий иштеги талдоонун негизинде бир нече аспектилер менен аныкталды” [5, 109]:

- “саясий партиялар мүчөлөрүнүн (жарандын, шайлоочулардын) кызыкчылыктарын коргоп, колдоп жана бийлик бутактарына жеткирүүдө” [5, 109];
- “саясий партиялар шайлоочуларды мобилизациялоодо жана алардын шайлоого катышуусун стимулдаштырууда” [5, 109];
- “партиялар шайлоо процессинде атаандаштык чөйрөсүн түзүп, шайлоочуларга ар кандай саясий программалар менен идеялардын ортосунда альтернатива жана тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүүсүндө” [5, 109].

“Эң маанилүүсү, бийликке жогорку моралдык-нравалык касиеттерге, жарандуулукка, профессионалдык даярдык жана тажрыйбага, жогорку жеке жоопкерчиликке жана өнүккөн интеллекте ээ адистер келиши керек. Оош-кыйыш мезгилде, өзүнүн ар кандай кыйынчылыктары менен башаламан жана кыйынчылык менен келе жаткан демократиялык транзитти башынан кечирген биздин мамлекетке мурда болуп көрбөгөндөй мыкты саясий-реформаторлор 5 керек, алар алдына максат кое билип, алардын аткарылышына жете билиши керек жана эксперттик ой-толгоого ээ болушу керек. Билимге ээ, алардын башкара алган жана жаңы билимди түзүүгө жөндөмдүү башкаруучулар керек. Ийгиликтүү мамлекетти түзүп кеткидей адамдык потенциалга жана жөндөмдүүлүктөргө ээ заманбап, харизматикалык

жетекчилер, менеджерлер керек” [109, 5-б.]. Мыйзамдарды жана өлкөнүн кадр саясатын аныктоо менен Кыргыз Республикасында мамлекеттик институттардын түзүлүшүндө жана иштешинде саясий партиялар негизги ролду ойнойт деп талдап “КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутатын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 11-главасынын, 59-беренесинин, 2-бөлүгүнө – *Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3-жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны КРнын ЖКнин депутаты болуп шайлана алат”*[5] деп киргизилүү сунушталды. Берилген сунуш КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган усулдук-ченемдик актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келет. Бул өз кезегинде укуктук мамлекетти өнүктүрүүгө жана коомдо мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга өбөлгө түзөт деп илимий иште каралган параграфтын алкагында талданган иштин негизинде аныкталып сунушталды.

Берилген сунуш жарандык милдетти жогорулаттуу үчүн салым кошот. “Жарандык милдет – конституция, укук актылар тарабынан бекитилген укуктук милдеттерди конкретүү өлкөнүн гражданинин сөзсүз түрдө аткаруусу. Жарандык милдетти алуу, ажыроо, эл аралык макулдашуу, мыйзам аркылуу жүргүзүлөт” [51, 156-б.].

## 3.3. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук өнүктүрүү жолдору

**“Конституция** (латынча constitutio – түзүлүш), **баш мыйзам** – өлкөнүн эң негизги (башкы) мыйзамы. Конституция мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүнүн негиздерин, ошондой эле жарандардын укуктук абалынын негиздерин жөнгө сала турган мыйзамдардын баш мыйзамы. Конституция түшүнүгү орто кылымдардын тарых барактарында жана байыркы Рим

император убагындагы актыларында кездешкен, бирок ал учурдун Конституциясы маани жана форма жагынан укуктук акт болуп эсептелген эмес. Андан соң падышалык жана феодалдык үстөмдүктү жокко чыгаруу үчүн Конституция негизги акт катары пайдаланууга өткөн. Конституция негизги мыйзам катары эң биринчи кабыл алынганы 1787-жылга дал келип Америкалык кошмо штатта өтүлгөн. Жогорку күчкө ээ болгон юридикалык документ Конституция болгон, ошондуктан ага өзгөртүүлөрдү киргизүү процессин татаалдаштырылган болчу, ошондой эле анын башка документтерден абройлугу, атайын түзүлгөн Конституциялык уюмдар жыйыны тарабынан же түздөн-түз элдик добуш берүү менен кабыл алынып, өзгөрүүлөр киргизилгендигинде турган" [134, 88-90-б] деп илимпоз Ракимбаев Э.Н белгилеген.

"Конституция – мамлекеттин негизги юридикалык базасы катары болуп саналат, негизги мыйзам булак катары белгиленип башка мыйзамдарга багыт болуп, укуктарды туура пайдаланууда өбөлгө болуп келет. Ченемдик-укуктук актылардын ар бири Конституцияга шайкеш келиши керек, албетте Конституцияга шайкеш болбой, карама-каршы чыккан актылар укук бузуучу деп каралат, демек жогоруда берилген аныктамага ылайык мамлекетте чыккан ченемдик-укуктук актылар жана мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү Конституция менен дал келип иштелиши керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынган күндөн тартып ага оңдоп түзөөлөр киргизилип, референдумдар өтүп келди, бирок Конституциябызда бийлик бутагынын өкүлдөрүн эл түздөн-түз шайлоо аркылуу жүзөгө ашыраары өзгөрүүсүз ар бир кийинки кабыл алынган Конституцияларда көрсөтүлүп келген. Кыргыз ССРнин Конституциясынан баштап эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституцияларын салыштырып карап көрсөк" [1, 2, 3, 4]:

- "Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын 1978-жылдын 20-апрелинде кабыл алынган Конституциясынын 1-бөлүмүнүн, 2-беренесинде - Кыргыз ССРиндеги бардык бийлик элге таандык. Эл

мамлекеттик бийликти Кыргыз ССРинин саясий негизин түзгөн эл депутаттарынын кеңештери аркылуу жүзөгө ашырат. Бардык башка мамлекеттик органдар эл депутаттарынын кеңештеринин көзөмөлүндө болуп жана отчет беришет" [4] деп көрсөтүлгөн.

- "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12-сессиясында 1993-жылдын 5-мартында кабыл алынган Конституциясынын 1-бөлүмүнүн, 1-беренесинин 3-4-6-бөлүгүндө - Кыргыз Республикасынын эли (жарандары) суверендүүлүктүн ээси болуп, толук кандуу эрктүү эл жана Кыргыз Республикасындагы бийликтин туткасы. Эл (жаран) өз бийлигин Конституциянын негизинде жана аткаруу бийлиги аркылуу ишке ашыра алат. Кыргыз Республикасынын жарандары Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлап, алар аркылуу мамлекеттин башкаруусуна катышып Конституциянын негиздерин ишке ашырышат. Ал эми шайлоо болсо шайлоочунун өз эрки менен жашыруун (мажбурлоосуз) тике добуш берүү менен жүргүзүлөт, андай укукка жаран 18-жашка толгондо гана ээ болот" [3] деп каралаган, ал эми ушул эле "Конституциянын 20-беренесинин 2-пунктунда - Кыргыз Республикасынын жараны өзүнүн жарандуулугуна байланыштуу укуктарга ээ жана милдеттерди мойнуна алат" [3] деп берилген.
- "Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Конституциясынын 2-беренесинин, 2- жана 4- бөлүгүндө - Кыргыз эли өз бийлигин шайлоо аркылуу бийлик өкүлдөрүн Президентти, Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлап ишке ашыра алат, ал эми укук Конституция жана мыйзамдар менен ишке ашат. Шайлоо укугу жаранга 18 жашка толгондо гана таандык болот" [2] деп орчундуу өзгөрүү жок, жогоруда көрсөтүлгөн Конституциянын беренелеринин мааниси кайталганып, мындай берилген. Ал эми ушул эле "Конституциянын 50-беренесининде "Жаран өзүнүн жарандыгына жараша укуктарга ээ жана милдеттерди аткарат" [2] деп берген.

- “2021-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин, 3 жана 4- бөлүгүндө - Жарандар өз бийлигин шайлоо аркылуу мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн шайлап алуу менен ишке ашырат. Шайлоолор жалпыга бирдей, эркин, тең жана тикелей жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын жарандары 18 жашка толгондо гана шайлоо укугуна ээ болот” [1] деп кайрадан эле олуттуу өзгөрүүсүз, түпкү маңызы ошол бойдон каралып, бир гана сөздөрдүн орун алмашуусу кезедшкен. Ушул эле “Конституциянын 51-беренесинде - Кыргыз Республикасынын жарандыгы - адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланышы” [1] деп берилген.

"Кыргыз Республикасынын Конституцияларынан алынган маалыматтардын негизинде биз Кыргызстанда бийликтин башында эл турат экендигин жана бул бийликти эл түздөн-түз шайлоо системасы аркылуу жүзөгө ашырат деп аныктадык, ал эми шайланган талапкер өз кезегинде шайлоочулардын кызыкчылыгы үчүн чечим кабыл алууга милдеттүү экендигин да аныктадык” [1, 2, 3, 4].

“Кыргыз Республикасынын Конституциясы демократиянын бардык принциптерин камтыган, укуктук мамлекетти карай негизделген, эгемендүү элдин эркин, мүдөөсүн билдирген жана шайлоону уюштурууга, өткөрүүгө тиешелүү негизги жоболорду камтыйт жана эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана өлкөнүн бүткүл аймагында түздөн-түз колдонулат” [42, 255-б.].

**“Демократия** - деген түшүнүк укуктук талаада өнүгүүнү каалаган, адам өмүрүн баалаган, жаран укугун тебелебеген мамлекеттин саясаты деп билебиз. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн акыркы 30-жылында демократия саясатынын өнүгүшүнө өкмөттүк эмес уюмдар кызыктар болуп демократиянын принциптеринин таламын талашып жүрүшөт жана аларды демократиянын институту катары көпчүлүк эл кабыл алууда” [110, 25-26-б.].

“К. Шмиттин, Политическая теология аттуу китебинде -

демократиянын формаларынын өнүгүүсү ар бир мамлекеттин өнүгүүсүнө байланыштуу төмөндөгү көрүнүштөргө көз каранды деп берген: социалдык экономикалык шарттардан; салттык түзүмүнөн, тарыхтан; саясий тажрыйбадан көз каранды. Ошентип бир мамлекет экинчи мамлекеттен айырмаланып турат, биринчи мамлекет экинчисинен демократиялуу деп айтуу өзү туура эмес экен, болгону алар ар түрдүү деңгээлде демократиялашкандыгын көрсөтүп турат” [164] деп аныктамаларында белгилеп кеткен. Ал эми “юридика илимдеринин доктору У.О. Аманалиев - Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу аттуу окуу китебинде, шайлоо укугу жана шайлоону уюштуруу тутуму – мамлекеттүүлүктүн алгачкы принциби, демократияны ишке ашыруу үчүн зарыл элементтер” [42, 255-б.] деп белгилеп, шайлоо системасын мамлекеттеги демократияны орнотуунун негизги элементтери, ал эми шайлоо процессинин жүрүшү, ачык айкын жыйынтыкталышы демократиянын көрсөткүчү боло алат.

“Бүгүнкү замандын демократиясынын өнүгүүсү дагы деле болсо татаал, чырмалышкан жолдо. Демократия принциптерин аткарууга кадам таштап, аны так ишке ашырууну көздөгөн сайын, ал нерсе бизден алыстап жаткандай сезилет, анын себеби мамлекеттик системада десе болот. Шайлоо системасы демократиянын негизги өзөгү катары таанылган, бирок бул системага жарандардын шайлоочу катары активдүү катышуусу жана саясий партиялар аркылуу биригүүсү коштоп турушу шарт” [165] деп саясатчы Ф. Шмиттер белгилеп кеткен . “Ал эми биздин шартта демократиянын дагы бир көрсөткүчу катары митингке чыгуу деп таанылды. Акыркы жылдары кыргызстандыктардын теңинен көбү митингтерди терс көрүнүш катары кабыл алып, мындай демократия мамлекетти өнүгүүгө алып келбейт деген ойлор басымдуулук кылат. Эгерде биз кайрадан теорияга басым жасап карасак анда мамлекеттин саясаты демократиялуу деп таанылышы үчүн бир-нече талаптар бар. Мисалы Роберт Дальдын теориясын алып карасак, ал “ПОЛИАРХИЯ” деп аталган төмөндөгү талаптарды көрсөткөн” [43]:

- “мамлекеттин аткаруу бийлигинин чечимдерин, аткарган иштерин көзөмөлдөө шайлоо аркылуу шайланган адамдарга жүктөлөт, ал эми шайлоо процесси тиешелүү мөөнөттө, Конституциянын негизинде ачык айкын өткөрүлүп турушу шарт” [43];
- “шайлоого процессине жашы жеткен мамлекеттин жараны катышып өз тандоосу менен талапкерди тандайт жана өзү да шайланууга укук алат;
- жарандарга өз оюн билдирүүгө укугу бар болгондуктан мамлекет тарабынан аларга куугунттук көргөзүлбөшү керек” [43];
- “жарандар маалыматты ар кандай альтернативдүү булактардан маалымат алууга укугу бар” [43];
- “жарандар ар кандай мамлекеттен көз карандысыз уюмдарды түзүп биригүүгө жана саясий партияларга кошулууга, биригүүгө же болбосо түзүүгө укуктуу” [43].

Ал эми “К.Шмитт бийликтин абалына байланыштуу шарттар тууралуу кошумчалап кеткен экен, алар төмөндөгүдөй” [164]:

- “мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери тарабынан каршылык көргөзүлүп, жаран шайлап алган өкүлдүн чечимдерине вето койгонго чейин жетсе, анда демократияга коркунуч жаралат” [164];
- “эгемендүү, демократиялуу нукта өнүгүп жаткан мамлекетке кандайдыр бир күчтөрдүн үстөмдүгү байкалса андай мамлекеттин аткаруу бийлиги каршылык көрсөтүп өз кызыкчылыгын коргоого күчү, жөндөмү болушу керек. Демокртия системасы мамлекеттеги башка системалар сыяктуу эле бийлик бутактарындагы кызматта отурган кызматкерлерден көз каранды, анткени мыйзамдарды ишке ашырууда, мамлекеттик кызматкерлердин ролу чоң. Ал эми демократиялуу эмес системанын демократиялуу системадан айырмасы бийликке келүү жолунун легитимдүүсүндө жатат деп белгилеген” [164].

“Демократиянын орношу шайлоо системасынын таза өтүшүндө жана элдин бийлик бутагынын башында тургандыгында деп аныкталды, бирок ошол эле учурда карап көрсөк жарандар шайлоодон кийин мамлекеттин

саясатына ортомчулар аркылуу гана таасир берип калышат. Мисалы профсоюз уюмдары, журналисттер аркылуу, коомдук кыймылдар, укук коргоочулар ж.б. уюмдар. Бул да болсо демократиянын бир бөлүгү деп таанылат” [110, 25-28-б]. Шайлоо системасы аркылуу келген кызматкерлер мамлекеттин саясий багытын тандап, андан аркы өнүгүү жолуна кадам таштап чечимдерди кабыл алып баштайт. Ошону мнен бирге мамлекеттин экономикасынын өнүгүп өсүүсүнө, социалдык абалдын оң жакка өзгөрүшүнө, мамлекеттин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө, инвестициянын келишине таасир бере баштайт. Ошондуктан шайлоодон мамлекет менен жарандардын келечеги кандай болоору шайлоочунун колунда экенин түшүнүү маанилүү.

“Кыргыз Республикасынын 30-жылдан ашуун эгемендүү тарыхындагы шайлоо институтунда өзгөрүүлөр ар-дайым болуп турган. Шайлоо системасы мажоритардык, пропорционалдык жана аралаш системалардын түрлөрүн колдонуу менен өткөрүлүп келген. Диссертация темасынын өзөгүн ачуу үчүн шайлоо системасын жөнгө салуудагы конституциялык-укуктук негиздерининин ролунун ишке ашырылуусу боюнча мамлекетибиздин эгемендүү тарыхындагы шайлоо системасын талдоо аркылуу аныктоого жеттик, ошондой эле илимпоздордун илимий иштеринин жыйынтыкары талданып колдонууга алынды. Саясий системанын калыптанышынын жана иштешинин негизи болуп кандай гана демократиялык мамлекет болуп таанылбасын андагы шайлоо система менен үзгүлтүксүз өткөрүлүп турган шайлоолор далил болот” [106] деп М. М. Кучуков эскерген, ушул эле позицияны Ж. Сааданбековдун “Кыргыз Республикасынынын саясий процесстери менен өнүгүү процесстерин салыштырмалуу талдоосу аркылуу шайлоо системасынын ролун баса көрсөтүп берген” [145] эмгегинде белгиленди.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин аткаруу, өркүндөтүү, ченемдик-укуктук актылар талабына дал келтирүүнү жөнгө салууда бир гана мыйзамдын так

жазылышы, аны аткарууну көзөмөлгө алган органдын иштеши жетиштүү эмес. Шайлоо системасында өзгөрүүнү кааласак, анда аткарыла турган реформалык кадамдар аткаруу бийликтин бирдиктүү жана системалу иш алып барышы зарыл.

Шайлоо системасындагы инновациялык технологиялар менен санариптештүүрүнү колдонуп, мыйзам тааласында да административдик ресурсту колдонуу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюлуп жатат. Изилдөө иштеги жасалган талдоолорго таянып реформанын кийинки кадамдары жарандын аң сезимин өзгөртүүнүн үстүндө иш аткаруу керектиги тууралуу багыт берилди. Инновациялык технологиянын колдонулушу, мыйзамдагы жоопкерчиликтин жогорулашына кошуп шайлоочунун аң сезимине өзгөртүү киргизүү ыкмаларын ойлонуп, ушул жаатта реформа улантылса, жыйынтык жогорку көрсөткүчтөргө жетет.

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери аттуу илимий иштин алкагында жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде шайлоонун жыйынтыгы бурмаланбай, принциптерине жетүү үчүн эмне кылуу керек деген суроо боюнча изденүүгө аракет көрүлдү. Советтер Союзу учурундагы марксизм-ленизим идеологиясынын ордуна улуттук идеологияны түзүүдө ката кеткен. Идеологиялык боштуктун жана так көрсөтүлгөн рухий багыттардын шартында Кыргызстан кризиске туш болду. “Ооба бизге улуттук идея керек, ал мамекет үчүн, анын ар бир жараны үчүн идеологиялык багыт болот, ал элди топтоочу жана бириктирүүчү факторду аткарат, элдин мекенчилдик рухун тарбиялоочу жана мекенге кызмат кылуучу каражат болуп берет. Кээде коомчулукта улутчулдук көрүнүштөр улуттук рухтун кайра жаралуусуна сыяктуу түр калтырат деген оюн илимпоз Тогусаков О.А өзүнүн Улукттук идеянын саясий – укуктук маселелери аттуу китебинде чагылдырган” [150, 324-б.]. Берилген ой пикрлерге кошулууга себеп бар, бизде улуттук идеология жок, бирок ошол эле учурда элибиздин мекенчил сезимдеринин жогорку деңгээлде экени мамлекеттин эгемендүүлүгүнө кол

салган учурда ар-дайым байкалат, коомчулук талкууга алат. Мисалы: 1. Баткен областтындагы чек-арага байланышту жаңжал чыккан учурдагы жергиликтүү элдин мекенчил сезимдеринин күчтүүлүгү, Кыргызстандыктардын биригүүсү. 2. COVID19 эпидемиялык учур, жарандардын биригүүсүнөн улам идеология жок эмес деп айтууга, же болбосо элибиздин адеп-ахлак, таалим тарбиясы төмөн деп бир гана шайлоо системадагы көрүнүштөргө таянып жыйынтыктоого туура болбойт деп аныктайбыз. Шайлоо системасындагы көйгөйгө жалпы элдин көңүлүн буруу, маани берүү зарылчылыгы курч турат.

Илимий иштин алкагында коюлган милдеттирди ачып берүү, сунуштарды талдап чыгуу үчүн өз алдынча сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоо 5 суроодон туруп, 3, 4 түрдүү жооп тандоого мүмкүнчүлүк берилип кагаз түрүндө студенттер арасында жүргүзүлүп, ошондой эле онлайн форматында да жарандар арасында жүргүзүлдү. Чогулган маалыматтар Microsoft Office Excel баракчасына топтолуп эсептелди. Сурмажылоонун негизги максаты Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын жакшыртууга багытталган сунуштарды алып чыгуу аракети көздөлдү. Сурмажылоого Кыргыз Республикасынын 1567 жараны катышты, анын ичинен 890 респондент 18 жаштан 35 жашка чейинки курак, 542 респондент 35 жаштан 40 жашка чейин, 135 респондент 40 жаштан жогору болду.

Сурамжылоонун 1-суроосу 2020-жылдын 4-октябрында болуп өткөн шайлоодон соң БШКнын форма-2 арызы жокко чыгарылгандыгына байланыштуу болгон. *Эмне себептен 28-ноябрь 2021-жылы болуп өткөн Жогорку Кенешинин депутаттарынын шайлоосуна аз шайлоочулар келди?* Көрсөтүлгөн жыйынтыктар боюнча көпчүлүк шайлоочунун шайлоого келбөөсүнүн бирден бир себеби бул БШКнын форма-2 иш-кагазы жокко чыгарылгандыгы таасир болду деп белгилешкен.

1. УШК айыл жергесинде болгонуна байланыштуу (жол алыс, убакыт, акча каражаты жок) - 892

2. Таза шайлоого ишеним жок - 401
3. Татыктуу талапкер жок – 225
4. Башка жооп – 49

БШК бир көйгөйдү чечүү үчүн шайлоочунун шайлоого катышуусуна тоскол болуп, шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөсүүнө алып келди жана жарандын конституциялык укугун ишке ашырууга жолтоо жаратты.

Сурамжылоонун 2-суроосу**.** *Шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого кайсыл көрүнуштөр түрткү болуп жатат деп эсептейсиз?*

1. Добуш сатып алуу өркүндөдү – 733
2. Шайлоочунун шайлоого катышпоосу – 598
3. Админ.ресурстун колдоону – 210
4. Башка жооп – 26

Добуш сатып алуу, же болбосо добуш сатуу өнөкөтүн жок кылуунун бирден бир жолу албетте шайлоочунун аң сезим жогорулатуу керектигин көтөрүп чыксак жаңылышпайбыз. Бул туралуу кийинки суроодо баса белгиленип кеткен.

Сурамжылоонун 3-суроосу. *Сиз кандай деп ойлосуз шайлоонун таза өтүшү эмнеден көз каранды?*

1. Жарандын аң сезимдин өзгөртүү – 1359
2. Добуш сатып алуу боючна жоопкерчиликти күчөтүү – 200
3. Башка жооп -8

Шайлоо системасындагы санариптештирүү аркылуу шайлоо процессинин жүрүшүнө киргизилген өзгөрүүлөр жана тиешелүү укукттук ченемдик актыларга киргизилген жаңы толуктоолорго карабастан шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо уланууда. Кийинки кадам шайлоо системасынын, шайлоочунун баалулуктарынын үстүндө иш алып баруу маанилүү экендиги тастыкталды.

Сурамжылоонун 4-суроосу. *Сиз шайлоого катышу ар бир жарандын Конституциялык укугу эле эмес милдети катары да кабыл аласызбы?*

1. Ооба, бирок укукту ишке ашыруу мага маанилүү эмес- 628
2. Жок, билбейт элем – 425
3. Билем, жана ар дайым аткарып келем – 347
4. Башка жооп – 167

Бул көрүнүштө эң бир өкүнүчтүүсү жарандар үчүн конституциялык укук баалу эмес жана конституциялык милдет деген түшүнүктүн жоктугунда.

Сурамжылоонун 5-суроосу. *Сиз Кыргызстанда болуп өткөн шайлоолор боюнча түшүнүгүңүз барбы, жакшы билем дей аласызбы?*

1.Ооба – 846

2.Жок – 481

3.Айта албайм – 240

Илимий иштин биринчи бөлүмүндө белгиленип кеткендей, Кыргыз Республикасынын эгемендүү тарыхында болуп өткөн шайлоолордун кайталанып өтүлүүсүнө байланыштуу, ошондой шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар аркылуу шайлоонун жыйынтыгы бурмаланып келгендигенен улам шайлоочулар үчүн шайлоо баалулугу төмөндөп кеткен. “Азыркы кезде Кыргыз Республикасынын идеологиялык палитрасы таң каларлык ала-була, так көрсөтүлгөн идеологиялык жоболордун жоктугунан улам пайда болгон боштукту ар кандай агымдар толтурду, анын ичинен такыр түшүнксүздөрү да бар” [150, 323-б.] деп Улуттук идеянын саясий укуктук маселелери аттуу китептин автору белгилеп кеткен.

“Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин башында турат. Ар бир жаран шайлоо укугун аткаруу менен гана бийликтин башаты боло алат экендигин жеткирип, шайлоо укугун ишке ашырууга умтулуусун өркүндөтүп, өстүрүү керек. Эркин жана чынчыл шайлоолорду камсыз кылуу милдети туруктуу демократиялык каада-салттуу мамлекеттерде биринчи орунда турат” [1, 2, 3] деп мамлекеттин негизги мыйзамында ар дайым белгиленип келген.

“1990-жылдын 29-июнда кабыл алынган Копенгагендеги коопсуздук кызматынын адамдык укуктары боюнча конференциясынын жыйынында мындай деп бекитилген - мезгил-мезгили менен өтүлүп тураган шайлоолордо элдин накта эрки билинип тургандыгы өкмөттүн күчтүүлүгү менен мыйзамдуулугунун негизги өзөгү болуп саналат” [109]. Демек шайлоого жарандардын болгон ишенимин жогорулатып, шайлоочулардын шайлоого тегиз катышып берүүсүн камсыздоо жана баарына каршы талапкердин алдыңкы лидерлик саптарга чыгуусун жокко чыгаруу мамлекеттик бийликтин кызыкчылыгы болуш керек.

Дүйнөлүк тажрыйбаны алып көрсөк шайлоо системасы коомдук бийлик органдарынын ишмердигинин легитимдештирүүдөн сырткары калктын кызыкчылыктарын камсыз кылууга, аларды коргоого түртүп, ошону менен жарандардын укуктук аң-сезимин өнүктүрүүсүнө салым кошот. Чыныгы демократиялык укуктук мамлекеттин түзүлүшү шайлоо системасынын натыйжасында түзүлөт экендиги маалым.

Илимий иштин алкагында жүргүзүлгөн жеке сурамжылоонун негизинде, БШКнын расмий маалыматтарын алкагында талданган маалыматтардын салыштырмалуу аныктоодон кийин шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү үчүн: “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4- бөлүгүнө – *шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү*”[1] деп толуктоо киргизүү сунушталат да жана анын негизинде “Конституциянын кийинки 37-беренесинин 1-бөлүгүнө – *Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖКни менен жергиликтүү кенештин*

*депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү”* [1] деп толуктоо киргизүү сунушталат.

Албетте берилген сунуш - шайлоочулардын шайлоого милдеттүү катышуусу бир нече себептерден улам татаал талкууну жаратуусу мүмкүн. Каршылык көрсөтүүсүнө бир нече себептер бар деп талданды:

1. “Демократиянын негизги принциптеринин бири катары жарандардын эркиндиги жана өз тагдырын өзү аныктоо болуп саналат” [110, 25-б.], ошондуктан шайлоого милдеттүү түрдө катышуу бул принципти бузуу катары кабыл алынышы мүмкүн. Шайлоого милдеттүү түрдө катышууну киргизүү жарандардын жеке эркиндиктерин чектейт, анткени алар саясий процесстерге кызыкдар болбосо дагы же талапкерлердин бирин дагы колдобосо дагы катышууга аргасыз болушат, бирөк бул учурга “Баарына каршы” талапкер киргизилген.
2. Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу терс социалдык кесепеттерге алып келиши мүмкүн, мисалы, жарандардын нааразычылыгын жогорулатуу жана нааразычылык маанайын жогорулатуу.
3. Шайлоого милдеттүү катышууну киргизүү анын сакталышын камсыз кылуу үчүн натыйжалуу контролдоо жана санкциялар системасын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну талап кылат жана олуттуу ресурстар керектелет, ошондой эле шайлоону уюштурууга кошумча административдик тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн.

Ушул жана башка факторлорду эске алуу менен, шайлоого милдеттүү катышуунун оң жана терс жактарын кылдаттык менен таразалап, коомдун кызыкчылыктарын эске алган жана жарандык эркиндиктердин негизги принциптерин бузбай, демократиялык институттарды бекемдей турган компромисстик чечимдердин үстүндөө иштеп, ар бир талдоолорду аныктадык:

1. “Демократия, бул шайлоодо талапкерди тандоо мүмкүнчүлүгүнөн алда канча кеңири түшүнүк, бул жарандык катышуу, укуктук теңчилик жана негизги укуктар менен эркиндиктерди коргоо принциптерине

негизделген башкаруу системасы. Демократиянын шартында ар бир жаран саясий чечимдерди кабыл алууга жана өз эркин билдирүүгө укуктуу дегенди да өзүнө камтыйт, ошондуктан шайлоочулар шайлоого катышпоону чечкенде, алар демократиянын жалпы баалуулуктарына жана принциптерине шек келтирип жатышат” [110, 27-б.]. Анткени демократия түшүнүгү жарандардын коомдун саясий турмушуна активдүү катышуусун да камтыйт, демек, шайлоочунун шайлоого катышпоо саясий процесстерге жана чечим кабыл алууга таасир этүү укугунан баш тартууну билдирет, бул демократиялык институттардын андан ары алсырашына жана демократиялык эмес күчтөрдүн таасиринин күчөшүнө алып келиши мүмкүн. Демек, шайлоочунун шайлоого активдүү катышуусунун начардыгынан улам авторитардык тенденцияларды жана демократияга коркунучтарды күчөтүүгө салым кошуп жатышат деп да талдасак болот. КРнын шайлоо системасынын бүгүнкү абалына мисал катары изилдөөнүн негизинде төмөндөгүнү аныктайм, шайлоочу шайлоого катышпаса, катышууга кызыкдар болбосо, же анын маанилүүлүгүнө ишенбесе, бул шайлоо процессин манипуляциялоого, бийликтеги кадрлардын сапатынын төмөндөөсүнө алып келүүсү мүмкүн. Жогорудагы талдоонун негизинде демократия шайлоодо талапкерди тандоо укугу менен гана чектелбестигин түшүнүү маанилүү, тескеринче шайлоого катышуу конституциялык укугунан баш тартуу жалпы демократиянын негиздерин бузуу деп түшүнүп КРнын Коснтитуциясына милдеттүү деген түшүнүктүү киргизүү бүгүнкү күндүн талабы.

2. “Ар бир жаран ишмердигинин түрүнө жана кирешесине карата бюджетке бир нече салыктын түрүн төлөйт. Салыктардын негизги милдеттери – мамлекет жарандар дын алдында өзүнө алган милдеттемелерди аткаруу максатында (чек араны коргоо, дүйнөлүк коомчулуктун алдында мамлекеттин кызыкчылыгын коргоо, ички тартипти көзөмөл дөө ж. б.) мамлекеттин бюджетин салык түрүндө киреше менен камсыз кылуу”

[110, 70-б.] Салык сыяктуу эле шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жарандардын коом алдындагы социалдык жоопкерчилигинин бир бөлүгү катары каралышы керек. Шайлоого милдеттүү түрдө катышууну киргизүү жарандардын жеке эркиндигин чектөө боюнча суроолорду жаратары шексиз, ошондуктан сунушка каршы чыккандардын ой-жүгүртүүсүнө бир катар факторлорду эске алып төмөндөгү аныктоолорду бердик:

- шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жарандардын коом алдындагы социалдык жоопкерчилигинин бир бөлүгү катары каралышы керек;
- добуш берүү, бул укук гана эмес, бул ар бир жарандын милдети, анткени Өкмөтүн түзүлүшү жана коомдук кызыкчылыкты камтыган чечимдерди кабыл алуу алардын катышуусуна байланыштуу;
- шайлоого милдеттүү түрдө катышуу демократиялык институттарды бекемдөөгө, шайлоонун мыйзамдуулугун жана саясий процесстерге ишенимди жогорулатууга жардам берет.

3. Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу деген түшүнүктү киргизүү бүгүнкү коомчулуктун аң-сезимине караштуу терс кабыл алуу болот, ошондуктан шайлоого катышуунун маанилүүлүгү жана анын демократияны чыңдоо менен байланышы жөнүндө маалымат таркатып, коомчулук менен активдүү иш-чараларды өткөрүү нааразычылыкты жана наразычылык сезимдерин азайтууга жардам берет. Жарандар өздөрүнүн саясий катышуусунун маанисин канчалык жакшы түшүнсө, ошончолук шайлоого активдүү катышууга аракет көрө башташат.

Илимий изилдөө иштин алкагындагы сунуштун терс жана оң жактарын талдап аныктап берген соң, шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жеке эркиндиктерди чектөө сыяктуу сезилиши мүмкүн, бирок тескеринче аны киргизүү демократиялык институттарды чыңдоо жана саясий системанын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу контекстинде прагматикалык жактан негиздүү болушу мүмкүн.

# Корутунду

3-бапта төмөндөгү коюлган милдеттердин негизинде талдоо жүргүзүлүп жободо көрсөтүлгөн сунуштар талданып, негизделди:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөр;
2. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүүнү талдоо.

Биринчи бөлүмдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо чыккан көйгөлөр топторго бөлүнүп талданып, анын ичинен шайлоочунун шайлоого катышуу санынын көрсөткүчү жылдан жылга төмөндөөдө деп табылып, чечүү жолуна төмөндөгүдөй сунуш киргизилди: Кыргыз Республикасынын шайлоо процессине 2015-жылдан бери санариптешүү, автоматташтыруу системасы ийгиликтүү колдонууга киргизилип, өздөштүрүлүп калгандыгына байланыштуу, кийинки технологиялык өнүгүүнү кийинки 2026-жылда боло турган “КРнын ЖКнин депуттарынын” [5] шайлоосуна онлайн добуш берүүнү киргизүүнү апробациялап даярдоо керек.

Экинчи бөлүмдө саясий партиялардын шайлоо процессиндеги ролун бир нече топторго бөлүп аныктап берилди. Саясий партиянын эң чоң жоопкерчиликтүү ролу болуп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына болгон талапкердин сапатын жакшыртууга көңүл буруу деп аныкталып, анын негизинде “*Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоосу жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-бөлүгүнө – шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы*

*бар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайлана алат"* [5] деп өзгөртүү киргизүү сунушталды.

Үчүнчү бөлүмдө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү боюнча сунуштардын үстүндө изденүүнүн негизинде "*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнө – Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү"* [5] деп толуктоо сунушталды жана сунуштун негизинде "*Кыргыз Республикасынын Конституцянын кийинки 37-беренесинин 1-бөлүгүнө – Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен жергиликтүү кенештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү"* [5] деп толуктоо киргизүү сунушталды.

Үчүнчү бапта каралган бөлүмдөрдүн алкагында темаларга илимий изилдөө жүргүзүлүп, эгемендүүлүк алган күндөн баштап өлкөдөгү шайлоолордун кайталанып, же болбосо мөнөөтүнөн мурда токтотулуп, жылда кайра шайлоолор уюштурулуп турарын көрсөтүү максатында жогоруда берилген таблицаларда белгилеп кеттик "3.1 – 3.3-табл.кара". Берилген талдоодон шайлоолордун жылда өтүлүүсүн көрүүгө болот. "Эгемендүү КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутатын жана Референдум өткөрүү бонча болуп өткөн шайлоолор чагылдырылды" [66]. Тизмеге жергиликтүү кеңештин депутаттарынын шайлоосунун өткөрүү мөөнөтүнүн ар бир аймакта бирдей эместигине байланыштуу киргизилген жок.

"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы техникалык жаатындагы жүргүзүлгөн реформалар максаттарына жетти, жана

санариптештирүү реформасы улантылууда. Шайлоо процессин өркүндөтүүгө багытталган мыйзамдарды, институттук структураларды жана жол-жоболорду өзгөртүүнүн системалуу жана максаттуу процесси аткарылган деп аныктайбыз. Процесс демократиялык принциптерди өркүндөтүү, шайлоо системасынын ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу, жарандардын саясий институттарга болгон ишенимин бекемдөө максатында жүргүзүүгө аракет көрүлгөн. Албетте реформа, шайлоо системасында болобу же башка системасында болобу, ишке ашыруу жана жайгаштыруу убакытты талап кылат жана этап-этабы менен жүрүп ишке ашырылат, ошондой эле реформаны ишке ашыруу процессинде аныкталган каталарды оңдоо жана жаңы шарттарга көнүү да убакытты талап кылат” [31, 32, 33, 34].

Илимий изилдөө ишинде шайлоо системасындагы реформа бир нече аспектилерди камтыган деп аныкталды:

- шайлоо системасына караштуу ченемдик-укуктук актыларга талап болгон учурда өзгөртүүлөргө учурап турган;
- шайлоо процессинин ачыктыгын, ишенимдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн заманбап маалыматтык технологияларды жана электрондук добуш берүүнү киргизүү ишке ашырылган;
- БШКнын учурдагы реформасы замандын талабына жараша шайлоочулардын саясий сабаттуулугун жана активдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле алардын шайлоо эрежелери жана жол-жоболору жөнүндө маалымдуулугун камсыз кылуу максатында маалыматтык кампанияларды жана билим берүү программаларын жүргүзүүдө, мисал катары БШКнын жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборун белгилесек болот.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы реформа демократиялык процесстерди жакшыртууга жана өкүлчүлүктүү бийликтин институттарын чыңдоого багытталган көп аспекттүү жана көп өлчөмдүү процессти өзүнө камтыйт.

## КОРУТУНДУ

Илимий изилдөө теманын алкагында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери талкууланып талданды. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин өркүндөтүү максатында “тиешелүү ченемдик-укуктук актылардын беренелерине” [1, 5, 6, 13] оңдоп түзөө сунуштары иштелип чыгуусуна басым жасалып, маанилүү кадам болду. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө “Кыргыз Республикасынын Конституциясы” [1, 2, 3, 4], анын негизги жоболору, “конституциялык Мыйзамдар” [5,], “кодекстер” [6, 7, 8, 9, 10, 11], “мыйзамдар” [13, 14] жана башка тиешелүү “токтомдор” [66] талдоого алынды. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхы талданды, шайлоо процесстерине тиешелүү укуктук практика каралды.

Диссертациялык иштин темасынын алкагында изилдөөнүн объектиси болуп “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер” [1, 2, 3, 5], изилдөөнүн предмети деп “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизимдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери” [1, 2, 3, 5] деп белгиленди.

“Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы негизиги көйгөйлөр” [66] деп шайлоого катышкан “шайлоочунун санынын төмөндүгү” [66] жана “шайлоочунун добушун сатып алуу” [6, 7] деп талданып, көйгөйдү чечүү боюнча баптардын, бөлүмдөрдүн алкагында талданып сунуштар иштелип чыкты.

Илимий изилдөөнүн алкагындагы жүргүзүлгөн талдоолордон жана тыянактардан улам, “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын мындан ары өркүндөтүү, белгиленген көйгөлөрдүү чечүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо

боюнча конституциялык Мыйзамына” [5], “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдарынын” [13] тиешелүү беренелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизиүү сунушталды. Берилген сунуштар диссертациялык теманын алкагында иштелип чыккан төмөнкү милдеттердин негизинде каралды жана талданды:

1. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгү талданып, негизги мүнөздөмөлөрү аныкталды” [1, 2, 3, 5, 66, 115, 116].

2. “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөөдө мамлекетте болуп өткөн шайлоо процесстерин азыркы учурга чейинки өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүлүп, 4 этапка бөлүп жана анын эволюциясын түшүнүү аркылуу максат ишке ашырылды” [66].

3. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери талданып, ыкмалары изилденип, бул негизги тенденцияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берди” [118].

4. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоого аракет көрүлдү. БШК, АШК, УШКнын иш аракеттерине, компоненттерине жана алардын өз ара байланыштарына талдоо жүргүзүлдү, бул бирдиктүү система катары жалпы мүнөздөмөсүн түзүүгө мүмкүндүк берди, анын негизинде тиешелүү мыйзамдарга толуктоолор киргизилүүсү сунушталып, алардын иш алып баруусун жакшыртуу боюнча иштелип чыкты” [13, 153].

5. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдерин талдоо боюнча иш жүргүзүлүп, диссертациялык иштин алкагында белгиленген көйгөлөрдү чечүү боюнча тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү, толуктоо киргизүү сунушталды” [158, 159, 160].

6. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен келип чыккан көйгөйлөрдү аныктоо боюнча талдоо жүргүзүлдү, негизги көйгөйлөр аныкталып, аларды чечүүнүн жолдору сунушталды” [5].

7. “Саясий партиялардын шайлоо процессин калыптандыруудагы таасири изилденип, ролу белгиленди. Жыйынтыгында саясий партиялардын талапкердин тизмесин түзүдө кылдаттык мамиле жана чоң жоопкерчилик менен иш алып баруусу керектиги аныкталды. Себеби КРынын ЖКнин курамы жана алардын компетенттүүлүгү, ошондой эле аткарган ишинин сапаты саясий партиялар түзгөн тизмеге олуттуу деңгээлде көз каранды болуп, алардын өз талапкерлерин көрсөтүү менен өлкөнүн келечектеги мыйзам чыгаруу органына таасир этишет. Ушундан улам тиешелүү мыйзамга талапкерге коюлган талаптар толукталды” [1, 5].

8. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылуунун укуктук базасын өркүндөтүү механизмдерин талдоо аркылуу конституциялык жана укуктук принциптерди эске алуу менен шайлоо системасынын укуктук базасын өркүндөтүү үчүн конкреттүү сунуштар негизделип берилди” [1, 5].

“Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын натыйжалуулугун, ачык-айкындыгын жана адилеттүүлүгүн, ошондой эле конституциялык принциптерди жана демократиянын эл аралык стандарттарын сактоону камсыз кылуу максатында аны өркүндөтүү боюнча мындан аркы аракеттердин зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Шайлоо мыйзамындагы теориялык ыкмаларды карап, киргизилген өзгөрүүлөргө баа берүү максатында Кыргыз Республикасынын шайлоо процесси менен укуктарына талдоо жүргүзүлүп, эгемендүү шайлоо системасында бүгүнкү учурга чейинки болуп өткөн шайлоолордун жыйынтыгы талданды, маалыматтар БШКнын токтомдорунан алынды. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде көйгөйлөргө баа берилип, ар бир бапта өнүгүү жолдору боюнча, конкреттүү сушунтарды алып чыгуу максаты ишке ашты” [31, 32, 33, 34, 35, 66, 118].

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында Кыргыз Республикасындагы шайлоо системаны жакшыртуу үчүн бир катар практикалык сунуштар иштелип чыкты.

1. “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын компоненттерин дыкат изилдөөдө шайлоо мыйзамдары, шайлоо процессинин жол-жоболору, шайлоо комиссияларынын түзүмү, ошондой эле өлкөдөгү добуш берүү системасын жөнгө салуучу мыйзамдар каралды. Добуш берүүнүн жана эсептөөнүн негизги принциптери жана эрежелери, ошондой эле шайлоонун адилеттүүлүгүн жана демократиялуулугун кепилдөөчү механизмдер талдоого алынды. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын укуктук негиздеринин өнүгүү этаптары боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында көптөгөн тарыхый, саясий тармагындагы илимий булактар, маалыматтар кошумча талданды. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, 1990-1993-жылдары соңку тарыхтын өтө жооптуу алгачкы мезгилинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети, президенти, өкмөтү, сот бийлиги ынтымакта, өз ара түшүнүү жана бирин-бири колдоо шартында иштешкен. Ушул жылдары кыргыз коомчулугу мамлекеттик бийликти ар тараптан колдоп тургандыгы аныкталды. Бийлик менен жарандык коомдун эриш-аркак, бир багытка карай, жалпы максатты көздөп иштешкени Кыргызстанды эки-үч жылда эле дүйнөгө тааныткан. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн да, жарандардын да мамлекетти жаркын келечек күтүп тургандыгы боюнча ишенимдери чоң болгон деп тарых жана саясат таануу илиминин доктору А.Акунов билдирген” [40, б-47.]. “Президент А.Акаев өзүнүн саясий карьерасынын алгачкы жылдарында кыргызстандыктардын чыныгы ишенимине жана чексиз колдоосуна ээ болгон. Кыргыз элине карата пейили ак, ниети таза болгондо А.Акаевдин тарыхта баатыр катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү эбегейсиз жогору болгон. Бирок элдин чексиз ишеними менен назик үмүтүн президент А.Акаев актагандын ордуна, тескеринче, бийликтен элдин көңүлүн, калтырып калктын бийликке карата,

